**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН ОШ ШААРЫ, ОШ, ЖАЛАЛ-АБАД ЖАНА БАТКЕН ОБЛАСТТАРЫ БОЮНЧА АЙМАКТЫК БӨЛҮМҮ**

# Ош шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча отчету

**Аудит жүргүзүүнүн негизи:** «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга карата иш планына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин 2025-жылдын 18-ноябрындагы №02-2/245, 2025-жылдын 16-декабрындагы №02-2/271 жана башка буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспекторлору К.К.Исаков, Г.М.Батаева, К.М.Ажиматов, Б.И.Турдумабетов, Д.К.Ыдырысов, М.Маманов, Т.Зулуев, Т.Зулпиев, Э.Ы.Караев, М.Ы.Дооронбаев, Р.Маткаримов, К.Рахманов, А.Орунбаев, К.Кочкоров, А.Токоев, А.Матякубов, М.Калил уулу, А.Кармышаева, М.Султанбеков, Э.Токтошев, Н.Насирдиновдор тарабынан 2025-жылдын 19-ноябрынан тартып 2026-жылдын 20-январына карата Ош шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Аудит мезгили:** 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейин.

**Жоопту тарап жана аудиттин субъекттери:** Ош шаардык Кеңеши, Ош шаарынын мэриясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгы жана Ош шаардык мэриясына караштуу бюджеттик жана чарбалык мекеме, ишканалары.

**Аудит тобунун милдети:**

Аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоого жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылууга жетиштүү жана ылайыктуу.

**Аудиттин предмети:**

Аудиттин предмети болуп, муниципалдык каражаттарды жана мүлктү башкаруу жаатында бюджеттик мыйзамдын талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча Ош шаарынын мэриясынын ишин баалоо болуп эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу ченемдик документтердин жана мыйзам ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына аудит;
- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык карызынын абалына жана тейленишине аудит;
- муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- муниципалдык ишканалардын бюджетинин аткарылышына аудит;
- муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ишти талдоо.

**Аудиттин критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ченемдик актылары:**

- “Ош шаарынын статусу жөнүндө”;
- “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө”;
- “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;
- “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” ж.б.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы ж.б.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Ош шаардык Кеңешинин токтомдору жана 2024-жылга Ош шаарынын мэриясынын жана ведомстволук уюмдарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актылары.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы:**

Ош шаарынын мэриясынын жана ага караштуу бюджеттик мекемелердин, муниципалдык ишканалардын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансылык башкармалыгынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, бюджеттик мекемелердин, муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышы боюнча ченемдик-укуктук актыларды изилдөө.

Аудит аныкталгандарды тастыктаган жетиштүү жана туура далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлдү. Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган тыянактар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана

маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит субъектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**Корутунду:**

Ош шаарынын мэриясынын жана ага караштуу бюджеттик мекемелери жана чарбалык ишканаларынын ишмердүүлүктөрү төмөндө баяндалган жагдайларды кошпогондо, жалпы олуттуу аспектилеринде Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келет.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышы.**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата Ош шаарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 17-октябрындагы № 01-6/124 каты менен жөнөтүлгөн жазма буйругу 80 пункттан турган кемчилдиктер жана мыйзам бузуулар аныкталган, анын ичинен: 5, 8, 9, (11,1), 19, (21,1), 25, 28, 30, (30,1), 31, (34,2), 35, 37, 38, 40, 41, 43, 44, 45, (45,1), 46, 47, 48, 49, 50, (50,1), 51, 54, (56,2), (57,1), 58, (58,1), 59, (59,1) пунктары аткарууга алынган, 1, 2, 3, 4, 6, 7, 10, 11, (11,2), 12, 13, 18, 20, (23,1), 26, 24, 27, 29, 32, 33, 42, (46,1), (48,1), 52, (56,1), (56,4), 57 пунктары канааттандыраарлык эмес деңгээлде аткарылган, 14, 15, 16, 17, 21, 22, 23, 34, (34,1), 36, (36,1), 39, (45,2), 53, 55, 56, (56,3), (57,2) пунктары аткарылган эмес (өзүнчө маалымат тиркелет).

**Аудит субъектисине кыскача мүнөздөмө:**

Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Ош шаары өзгөчө мамлекеттик мааниге ээ республикалык маанидеги шаар болуп саналат, аны башкаруу мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча мамлекеттик башкарууну айкалыштыруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде жүзөгө ашырылат.

Республикалык маанидеги шаардын иш-милдеттерин Ош шаарынын жүзөгө ашыруусуна байланыштуу Ош шаарынын өз алдынча башкаруу органдары:

- мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарына жана алардын аймактык бөлүкчөлөрүнө, ошондой эле чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнө муниципалдык менчиктеги жер участокторун, имараттарды, курулуштарды, курулмаларды жана орун жайларды, турак жай фонддорун, турак жай-коммуналдык, медициналык жана башка кызматтарды көрсөтөт;
- Ош шаарын өнүктүрүүнүн республикалык максаттуу программаларын иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышат;
- шаардын аймагынан өтүүчү автомобиль жолдорун курууга, реконструкциялоого жана күтүүгө катышат, калкты транспорт менен тейлөөнү жана байланыш каражаттарын өнүктүрүүнү камсыз кылат;
- мыйзамдарга ылайык, башка иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Ош шаарынын мэриясына (Мэрия) караштуу 14 бюджеттик мекемелери, 13 чарбалык ишканалары, 9 муниципалдык айылдык, аймактык башкармалыктары бар.

**Ош шаарынын 2024-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары:**

Ош шаарынын мэриясы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2024-жылга белгиленген мамлекеттик деңгээлдеги программаларды, стратегияларды жана жергиликтүү маанидеги приоритеттүү маселелерди чечүү үчүн

өсүү темптери төмөндөгөн тармактардын көрсөткүчтөрүн жогорулатууга көмөктөшүү, мониторинг жүргүзүү боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде иштерди жүргүзүшкөн.

Негизги иш-аракет жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, калкты социалдык жактан коргоонун сапатын көтөрүүгө, инвестицияларды тартууга, жаңы жумуш орундарын түзүүгө, көптөн бери чечилбей келген коммуналдык багыттагы көйгөйлөрдү чечүүгө жана инфраструктураны оңдоого багытталган.

2024-жыл ичинде шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо максатында бир топ жумуштар аткарылып, иш жүзүндө өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси–116,0 %, айыл чарбасынын физикалык көлөмүнүн индекси–103,7 %, негизги капиталдык салым–124,0%, автотранспорт менен жүк ташуу–102,9 %, жүргүнчүлөрдү ташуу–110,3 %, рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү–103,3 %, дүң жана чекене товар жүгүртүү-107,4% аткарылган.

Тармактар боюнча алып караганда төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө жетишкен:

**Өнөр жайы:**

Ош шаарынын өнөр жай ишканалары тарабынан 2024-жылга карата 10379,3 млн.сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 116,0 пайызды, өсүү темпи 142,4 пайызды түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 3091,2 млн. сомго көбөйгөн.

Шаар боюнча өнөр-жай ишканаларында өндүрүп чыгаруунун жалпы көлөмүнүн 55,5 пайызын иштетүү өндүрүшү, 38,0 пайызын электр энергия, газды өндүрүү жана бөлүштүрүү жана 6,6 пайызын суу менен камыздоо, тазалоо, таштандыларды кайра иштетүүчү ишканалары ээлеген.

Ал эми Республика боюнча өнөр-жай продукцияларынын жалпы көлөмүндө Ош шаары 1,7 пайызды түзгөн.

*Иштетүү өндүрүшүнүн* продукцияларынын көлөмү 2024-жыл ичинде 6125,0 млн. сомго аткарылган.

Анын ичинен тармактар боюнча алсак:

Тамак-аш азыктарын жана тамекини өндүрүүдө, суусундуктарды кошкондо – 2574,0 млн. сомду, текстиль жана кийим өндүрүү – 286,5 млн. сомду, химия өндүрүү – 67,3 млн. сомду, резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү – 1721,2 млн сомду түзгөн.

Тамак-аш азыктарын өндүрүү багытта иштеген “Барбол” ЖЧКсы 1079,2 млн. сомдук продукция өндүрүп, өткөн жылга салыштырмалуу 183,0 пайызга көп аткарылган. “Агровест” ЖЧКнын өндүрүү көлөмү өткөн жылга карата 4,2 пайызга көбөйүп 123,0 млн. сомду түзгөн.

Текстиль жана кийим өндүрүшүндө чыгарылган продукциянын көлөмү 286,5 млн.сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 2,6 пайызга аткарылган. Бул тармакта ишмердүүлүгүн жүргүзгөн негизги ишканалардан “КыргызТекстиль” ЖЧК, “УПП” ЖЧКсы жана “ЮПП” ЖЧКсы тарабынан 39,2 млн. сомдук продукция өндүрүлгөн.

Химия өндүрүшү отчеттук мезгилде 67,3 млн.сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 8,8 пайызга аткарылган.

Резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү тармагында - 1721,2 млн сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 104,4 пайызга аткарылган. Бул тармакта иштеген негизги ишканалардын ичинен “Элпласт” ЖЧКсы отчеттук мезгилде 447,9 млн.сомдук продукция өндүрүп, өткөн жылга салыштырмалуу 202,7 млн.сомго көп болгон.

Негизги металл жана даяр металл буюмдарын (машина жана жабдуу өндүрүүдөн башка) өндүрүшүндө-123,1 млн.сомдук продукция өндүрүлгөн. Тармактагы негизги ишкана болгон “ЛИ СЯНГКУН” ЖЧКсы 23,7 млн.сомдук жана “Фумал” ЖЧКсы 26,5 млн. сомдук продукция өндүргөн.

Электрондук жабдууларды өндүрүү тармагында отчеттук мезгилде 552,2 млн.сомдук продукция өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу физикалык көлөм 84,4 % аткарылган.

Республика боюнча иштетүүчү өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүндө 1,2 пайызын ээлеген.

Электр энергиянын, газ, буу, кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуу) көлөмү 2024-жылга карата 3 589,5 млн.сомду түзгөн. Бул тармакта электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (сатылып алынган электр энергиясынын наркын кошпогондо) – 20,7 пайызга көбөйгөн, ал эми газ түрүндөгү күйүүчү майды түтүктөр менен бөлүштүрүү, магистралдан тышкары (сатылып алынган газдын наркын кошпогондо) –16,4 пайызга азайган.

Ал эми Республика боюнча электр энергиясын, газ, бууну өндүрүү жана бөлүштүрүүнүн жалпы көлөмүнүн 5,7 пайызын ээлеген.

2024-жыл ичинде *суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуунун* көлөмү 656,7 млн.сомду түзгөн.

Кыргыз Автономиялуу облусунун 100 жылдыгына карата 2024-жылдын 30-августунда онлайн режиминде Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун катышуусунда “Алайку Органикс” өрүк, мөмө-жемиш сактоочу логистикалык борбору ачылган. Ошондой эле 2024-жыл ичинде “ДОСМАРКО” тигүү фабрикасы, “Келечек” АКсынын базасында колбаса цехи, “ЭлПласт” ЖЧКсы пропилен түтүктөрүн чыгаруучу завод ачылып, бүгүнкү күндө иштеп жатышат.

АРИС эл аралык уюмунун алкагында Бүткүл дүйнөлүк банкттын каржылоосу менен «Экономикалык аймактык өнүктүрүү» долбоору аркылуу “Сут” кошумча нарк чынжырчасын түзүү (“Алайку Органикс” ЖЧК), “Мөмө-жемиштерди тоңдуруу” кошумча нарк чынжырчасын түзүү боюнча Логистикалык борбор (“Туран Групп” ЖЧК), “Эт” кошумча нарк тизмегин түзүү (“Келечек” АК), клубника жана малина өстүрүү жана тондуруу (“Эко Азык” ЖЧК), мөмө-жемиштерди тоңдуруу жана сактоо (“Азия Органикс” ЖЧК) ишканалары ачылган.

**Ишкердүүлүктү өнүктүрүү:**

Ишкерлерди колдо максатында чакан жана орто бизнеске кредит берүүдө: “Кепилдик фонду” ААКнын Оштогу өкүлчүлүгү тарабынан Ош шаары боюнча 2024-жылдын 12 айына 52 кепилдик берилип, кепилдиктердин суммасы 256,0 млн. сомду түздү, берилген кредиттердин суммасы 600,0 млн сомду түзгөн.

**Айыл чарбасы:**

Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукциясынын дүң чыгарылышы 2024-жылга карата 2859,7 млн. сом өлчөмүндө түзүлүп муну менен физикалык көлөмдүн индекси 103,7 пайызды түзгөн.

Республика боюнча айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүндө 0,7 пайызды түзгөн.

2024-жыл ичинде айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен мал чарба продукциясы 48,0 пайызды, өсүмдүк өстүрүүчүлүк – 46,5 пайызды, айыл чарбада көрсөтүлгөн тейлөөлөр – 4,9 пайызды, токой чарбасы – 0,6 пайызды түзгөн. Дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жарандардын жеке көмөкчө чарбаларынын үлүшүнө продукциянын жалпы көлөмүнүн 93,4 пайызы туура келген.

*Өсүмдүк өстүрүү.* 2024-жылы айыл чарба өсүмдүктөрү айдалган бардык аянт 6168,8 гектарды түзгөн. Айдоо аянтынын түзүмүндө дан эгиндери 4258 гектарды (бардык себилген аянттын 69,0 пайызы), картошка - 143 (2,3), жашылча өсүмдүктөрү - 552 (8,9) жана тоют өсүмдүктөрү – 1085,4 гектарды (17,6 пайызы) ээлеген.

2024-жылы бардык айдоо аянттарынын жарымынан көбү дан өсүмдүктөрүнө туура келген, 2023-ж. салыштырмалуу 2,5 пайызга азайган. 833 гектарга буудай себилген, же 17,0 пайызга аз, арпа - 1668 гектарга же 6,4 пайызга көп, дан үчүн жүгөрү - 1757 гектарга же 2,1 пайызга аз болгон.

Пайдаланылбаган айдоонун аянты 374 гектарды түздү.

2024-жылы күздүк айдоо үчүн 1685 гектар жер айдалган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 585 гектарга көп, 347 гектарга - буудай, 239 гектарга арпа себилген, 1099 гектарда тоңдурмалар айдалган.

***Мал чарбасы.*** Отчеттук мезгилинде шаарда бардык категориялардагы чарбаларында 2663,8 тонна эт тирүүлөй салмакта өндүрүлдү, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,3 %га азайды. 11724,9 тонна сүт өндүрүлүп, былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,7 %га өндүрүү аз болду.

Ал эми 4122,3 мин даана жумуртка өндүрүлүп былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,1 %га аткарылды.

2024-жылга карата Ош шаарындагы жеңилдетилген насыялар боюнча маалымат: 2024-жыл ичинде Ош шаары боюнча «Айыл чарбасын каржылоо-12» долбоорунун алкагында 157 кардарга 68,5 млн.сом өлчөмүндө жылдык 6 % менен жеңилдетилген насыялар берилген, анын ичинде:

- Мал чарбасына 64,7 млн сомдук 148 насыя,
- Дыйканчылыкка 3,8 млн сомдук 9 насыя берилген.

**Курулуш:**

**Курулуштун дүң продукциясынын** жалпы көлөмү 2024-жыл ичинде 26436,3 млн.сомду түздү, бул 2023-жылга салыштырганда 9,4 пайызга жогорулаган.

Ал эми Республика боюнча курулуш дүң продукциясынын жалпы көлөмүндө 9,3 пайызын түзгөн.

2024-жылга карата негизги капиталга инвестицияны өздөштүрүүнүн деңгээли 2023-жылга салыштырмалуу 24,0 пайызга көбөйүп (салыштырмалуу баада) жана 18 213,2 млн.сомду түзүп, негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2023-жылга салыштырганда калктын каражаттары жана Кыргыз Рсепубликасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен 2,2 эсеге көбөйгөн.

Турак жай курулушунда 2024-жылга карата негизги капиталга инвестицияны өздөштүрүүнүн көлөмү 13328,9 млн.сомго барабар болгон. Муну менен, инвестициянын 78,3 пайызы калктын каражаттары жана Кыргыз Рсепубликасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын эсебинен, 7,5 пайызы республикалык бюджеттин (өзгөчө кырдаалдардын каражаттарын кошкондо) эсебинен, 9,0 пайызы ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, 5,2 пайызы банктардын насыяларынын эсебинен түзүлгөн.

Ал эми, белгиленген божомол отчеттук мезгилде (10666,8 млн. сом) 118,0 пайызга аткарылган.

**Капиталдык курулуш:**

Капиталдык курулуш тармагына социалдык жана коммуналдык объекттердин курулушуна 1 млрд.236,7 млн.сом акча каражаты бөлүнүп берилген, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен 407,5 млн.сом, республикалык бюджеттин эсебинен 829,2 млн.сом бөлүнүп берилген.

Жалпы 53 объектинде курулуш иштери жүргүзүлүп, анын ичинен 30 объектте ремонт иштери толугу менен аягына чыгарылган.

**Жолдорду куруу жана оңдоо:**

“Ошасфальтсервис” муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын титулдук иш планында шаардын жолдорун оңдоп-түзөө иштерине жергиликтүү бюджеттин эсебинен 232,2 млн.сом акча каражаты каралып, жалпы 213,1 млн.сому өздөштүрүлгөн.

Ош шаарынын жолдорун оңдоп-түзөө иштерин аткаруу үчүн “Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасына 14 атайын техникалар алынып берилген. Ошондой эле 11 айдоочу жана 17 адамдан турган жумушчулар бригадасы түзүлгөн.

Ош шаарындагы асфальт жолдордун чуңкурларын жамоо иштерине жергиликтүү бюджеттен жалпы 27,0 млн.сом каралган.

2024-жыл ичинде көчөлөрдүн жалпы 23587,0 $м^2$ чуңкурлары жамалып, 28439 миң сом акча каражаты сарпталган.

**Тартылган инвестициялар:**

Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун көлөмү алдын ала маалымат боюнча 56,7 млн. АКШ долларын түзүп, өткөн жылга салыштырганда 3,9 млн АКШ долларына азайган (2023-жылы 60,6 млн. АКШ долларын түзгөн).

**Социалдык тармак:**

***Калкты иш менен камсыз кылуу жаатында аткарылган иштер:***

Экономикалык жактан активдүү калктын саны 113,1 мин адам, иш менен камсыз болгондор 110,0 мин адам. Ал эми жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн негизинде жумушсуздардын саны 3,2 миң адамды түзөт, ал эми жалпы жумушсуздук денгээли 2,7 % түзгөн.

Ош шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын иш менен камсыз кылуу көмөктөшүү бөлүмүндө 2025-жылдын 1-январына карата жалпы жумушсуздук жана жумуш издөөчү катары 4 336 (2023-ж. 4291) адам каттоодо турат, анын ичинен жумушсуздук статусун алгандар 2 972 (2023-ж. 2 953), убактылуу ишке орноштуруу тартибинде акы төлөнүүчү коомдук жумуштарга 1 607 адам (2023-жыл 1 571) тартылган, иш издөөчү катары каттоодо турган 859 (2023-жыл 727 ) адамга ишке орношууга көмөк көрсөтүлүп, кесиптик окууга 377 (2023-жыл 380) адам жөнөтүлгөн. Эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошотулган (пробация) 3 адам эмгек рыногунун маалымат тутумуна (ЭРМТ) каттоого алынып, 2 адам кесиптик окууга жөнөтүлгөн.

***Социалдык коргоо:***

**Эмгек акы төлөө.** 2024-жылдын декабрь айында иштеген жумушчулардын орточо саны 40 531 адамды түзгөн, январь-декабрь айларында бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы (чакан ишканаларды эсептебегенде) 31 416 сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 11,5 пайызга көбөйгөн, ал эми анын реалдуу өлчөмү, керектөө бааларынын индексин эсепке алып чыгарганда 3,8 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган валюталардын расмий курсуна жараша, 2024-жылдын декабрында бир кызматкердин орточо айлык эмгек акысы АКШнын 509,2 долларын түзгөн.

2025-жылдын 1-январына карата шаар боюнча эмгек акы төлөөдөгү жалпы карыз 111,0 миң сомду түзгөн. Эмгек акыны төлөө боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын жалпы өлчөмүнүн ичинен маанилүү үлүшүн иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) тармагы (53,2 миң сом) 47,9 пайызды түзгөн.

**Расмий катталган жумушсуздардын саны.** Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү Министрлигинин Ош шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын маалыматы боюнча 2025-жылдын 1-январына карата жумуш издеп, иш менен камсыз кылуу мамлекеттик органда каттоодо турган

жумушсуз калктын саны 4293 адамды түзгөн (анын ичинен аялдардын саны 2289 адам). Бул 2023-жылдын (4835 адам) тийиштүү күнүнө салыштырмалуу 11,2 пайызга азайган, катталган жумушсуздардын санын 2955 адам түзгөн.

Катталган жумушсуздуктун деңгээли экономикалык активдүү калкка карата 2,2 пайызды түзгөн.

**Социалдык жөлөк пулдар.** 2024-жылдын 1-январына карата социалдык жөлөк пул алуучулардын саны 5533 адамды түзүп, жыл башынан 362,2 млн. сом чегерилген. Ал эми "Үй-бүлөгө көмөк" боюнча 3902 адамды түзүп, республикалык бюджеттен 49,4 млн. сом чегерилген. Кошумча ай сайын социалдык жөлөк пул алуучулардын саны 96 адамды түзүп, жыл башынан 5,5 млн сом төлөнгөн. Алимент алуучулардын саны 38 адамды түзүп, ,7 млн сом которулган.

**Пенсиянын төлөнүшү.** Ош шаардык соцфонд башкармалыгы тарабынан 2025-жылдын 1-январына карата карата 37153 пенсионер катталган, былтыркы жылдын тиешелүү мезгилине карата 8711 адамга же 130,6 пайызга көбөйгөн (2023 -жылы 28442 пенсионер).

2025-жылдын 1-январына карата пенсия төлөө үчүн 3651,0 млн. сом акча каражаты пенсионерлерге төлөнүп берилип, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 972,4 млн. сомго көп төлөнгөн (2023-жылы 2678,6 млн. сом).

Пенсиянын орточо өлчөмү 10115 сомду түзөт.

**Социалдык колдоо.** Мамлекет тарабынан Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын 16 жесири 1 000 сомдон, 3 ооруктун эмгекчилери 1 000 сомдон, 2 ооруктун майыбы 2 000 сомдон жеңилдиктердин ордуна ай сайын акчалай компенсация алышкан. Ошондой эле пенсиялык камсыздоого укугу жок 217 улгайган жаран 2 000 сомдон, 8 баатыр эне 3 000 сомдон социалдык жөлөк пул алышат.

Ош шаардык "Боорукердик үй-интернаты" мекемесинин 3 кабаттуу жаңы заманбап имараты 75 орунга (45 орун балдарга, 30 орун карылар үчүн) ылайыкташтырылып курулуп, 2024-жылдын 10-сентябрында пайдаланууга берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимине ылайык үй-интернатында 2024-жылга карата бир күндүк тамак-ашка карыларга жана балдарга 220 сом каралган.

2024-жылга пенсионерлерди, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо максатында 200 жаранга жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 366 000 сом акча каражаты материалдык жардам бөлүнүп берилген.

**Социалдык контракт.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" № 385 токтомуна ылайык Ош шаарына 2024-жылга карата 318 (2023-жыл 160, 2022-ж. 50) квота бекитилген. Сунушталган социалдык контракт түзүүгө талапкер болгон үй-бүлөлөрдүн эмгектик жана мүлктүк потенциалы, бизнес пландары комиссия тарабынан каралып, 285 үй-бүлөнүн бизнес пландары критерий боюнча тандоодон өтүп, социалдык контракт түзүү укугуна ээ болгон ар бир үй-бүлөлөргө 100 000 сомдон кайтарымсыз акча каражаты берилип, бүгүнкү күндө өз ишмердүүлүктөрүн башташкан.

**Билим берүү.**

2023-2024-окуу жылынын башында Ош шаарында 91 жалпы билим берүүчү мектеп иштеп, ал мектептерге 3016 класс-комплектини түзгөн 90831 окуучу кабыл

алынган жана аларга шаар боюнча 3277 мугалим тарбия-таалим берүү багытында иш жүргүзүп келишет.

Мектеп окуучулары арасында шаардык олимпиадалардын жыйынтыгы менен 37 окуучу Республикалык олимпиадага катышып, андан экинчи орунду камсыз кылышкан.

"Алтын Тамга" артыкчылык аттестатына катышкан 120 талапкердин ичинен 6 окуучу татыктуу болушуп, ЖРТнын жыйынтыгы менен 3 окуучу Алтын сертификатка жетишти ЖРТнын орточо көрсөткүчү өткөн жылда 122 болсо, быйылкы жылы 129 баллды түзүп, Республика боюнча окуучуларыбыз 2 орунга чыгышкан.

Жалпы китеп менен камсыз болуу 80%ды түзөт . Жетишпеген китептер 20% түзгөн.

2023-2024-окуу жылында мамлекет 85950 даана китеп менен камсыз кылды.

2024-2025-окуу жылында мектептердеги 1-4-класстардын окуучуларынын саны 40873 окуучуну түзөт.

Окуучуларга бир күндүк шашке чай үчүн жергиликтүү бюджеттен азыркы күндө 15 сомдон акча каражаты каралган. Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу 20 мектепте ысык тамак менен камсыздалган.

Ош шаарында жалпысынан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын саны 137, анын ичинен 68 мамлекетик, 52 менчик, 20 үй тибинде.

Окуучуларга бир күндүк шашке чай үчүн жергиликтүү бюджеттен азыркы күндө 15 сомдон акча каражаты каралган. Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу 20 мектепте ысык тамак менен камсыздалган.

Балдардын коопсуздугун алуу максатында Ош шаарынын мэриясы тарабынан мектеп окуучулары үчүн шаар ичинде акысыз автобус каттамдары уюштурулду.

**Саламаттык сактоо.**

Ош шаарында административдик-аймактык реформа жүргүзүүгө чейин саламаттык сактоо мекемелеринин жалпы саны 31 болсо, административдик-аймактык реформадан кийин жалпы саны 47 болуп, ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп жатышат.

Медициналык кызматкерлердин жалпы саны 2024-жылы 3 271 болуп, анын ичинен 839 дарыгер, 1545 орто билимдүүлөр, 503 кенже жана 371 башка кызматкерлер түзгөн. 2023-жылга салыштырмалуу медициналык кызматкерлердин саны 112ге өскөн.

Бир жашка чейинки ымыркайлардын өлүмү боюнча 2024-жылы 128 учур катталып, көрсөткүчү 13,7-1000 түзсө, 2023-жылы 132 учур катталып, көрсөткүчү 17,0:1000 түзгөн. 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылы бир жашка чейинки ымыркайлардын өлүмү 4 учурга азайган, башкача айтканда 19,5 пайызга төмөндөгөн.

Бир жашка чейинки каза тапкан ымыркайлардын өлүмү катталган жери боюнча 1 орунда төрөт үйү болуп, 86 учур катталды, башкача айтканда 67,1 пайызды түзгөн. Экинчи орунда ымыркайлардын стационардык өлүмү болуп, 35 учур катталып, 27,3 пайызды түзгөн. Үйдө каза болгон ымыркайлар боюнча 2024-жылы 7 учур катталып, 5,4 пайызды түзгөн.

Эненин өлүмү боюнча 2024-жылы 1 учур катталып, көрсөткүчү 10,7 (100 000 тирүү төрөлгөндөргө) түзсө, 2023-жылы 2 учур катталып, көрсөткүчү 25,6 түзгөн. Эне өлүмү менен катталган учурлар талдоого алынып, тиешелүү чаралар көрүлгөн.

**<u>Коммуналдык чарба:</u>**

***1) Таза суу менен камсыз кылуу:***

Азия Өнүктүрүү Банкынын гранттык каражатынын эсебинен Кызыл-Кыштак жылгасындагы сел агып түшкөн жердин үстүнөн 2,4 километр болгон аралыкка диаметри 1 000 мм болгон суу түтүгүн орнотуу жана жаңы суу коргонун куруу менен “Ошшаарсууканал” муниципалдык ишканасынын плотинасына кошуу долбоорун ишке ашыруу жумуштары башталган. Долбоорунун I-этабын ишке ашыруу боюнча тендер өткөрүлүп, жеңүүчү компания аныкталып, учурда суу алуучу тосмосунун курулуш жана суу түтүктөрүн тартуу иштери жүрүүдө.

Түштүк-Чыгыш кичи шаарчасындагы Ак-Буура дарыясынын жээгиндеги эски муниципалдык бассейндин ордуна жалпы сыйымдуулугу 22000 куб болгон суу кампасынын курулушу жүргүзүлүүдө.

Бүгүнкү күнгө карата “Ошшаарсууканал” муниципалдык ишканасынын №3/7 насостук станциясынын аймагына 1 даана скважинанын Түштүк-Чыгыш кичи шаарчасындагы троллейбустук линиянын акыркы аялдамасынын жанына 2 даана скважиналардын курулуш иштери жүрүп жатат.

“Ошшаарсууканал” муниципалдык ишканасынын “Плотина” суу алуучу жайына кубаттуулугу 1 мВт болгон чакан ГЭС куруу долбоору даярдалууда.

***2) Тазалык системасын жакшыртуу***

Ош шаарында коомчулукта тазалыкты сактоо боюнча системалуу иш алып баруу негизги приоритеттерге коюлган. Калк арасында тазалык маданиятын сактоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, анын натыйжасында коомдук жайларда жана жеке секторлордо ар дайым тазалыкты камсыздашкан.

Ош шаарында катуу таштандыларды иштетүү системасын жакшыртуу долбоору даярдалып, Европалык Өнүктүрүү жана Реконструкциялоо Банкы тарабынан колдоого алынды. Жалпы 10,95 млн. евро каралган.

Жаңы полигон куруу жана эски полигонду рекультивациялоо иш-чаралары үчүн Европа Өнүктүрүү жана Реконструкциялоо жана Европа инвестициялык банктарынын каржылоосу менен иш жүргүзүлгөн. Бүгүнкү күндө тендер өткөрүлүп, жеңүүчү компания аныкталып, жаңы санитардык полигондун курулуш иштери 2024-жылдын октябрь айынын аягында башталган.

«Ош-Тазалык» муниципалдык ишканасы тарабынан таштандыларды ылгоочу 7 пункт түзүлүп, учурда бул пункттар иштеп жатат.

***3) Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү:***

«Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасы тарабынан 2024-жылдын башынан баштап 450 түп ийне жалбырактуу, 650 түп жазы жалбырактуу, 20 000 түп питомникте өстүрүлгөн бадал көчөттөрү отургузулду. Гүл уруктары сатылып алынып “Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасынын күнөсканаларында өстүрүлүп, даярдалып, шаардын аймагына 28 түрдөгү 1 390 000 ден ашуун гүл көчөттөрү отургузулду. Ошондой эле, жашыл аймактагы бак-дарактарды сугат суу менен камсыз кылуу максатында, Увам каналынан Т.Турсунбаева көчөсү аркылуу диаметри 200мм-41 метр, 270мм-24,5 метр, 300мм-12 метр узундуктагы суу түтүктөр жана 90 метр узундуктагы лотоктор орнотулуп, А.Масалиев, А.Навои көчөлөрүнө суу чыгарылды. Ошону менен бирге шаар боюнча жалпысы болуп 350 000 ашуун дарак-бадалдардын көчөттөрү отургузулган.

***4) Коомдук транспорт:***

Ош шаарынын мэриясы тарабынан Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду аркылуу Ош шаарына Өзбекстан Республикасынынын Самарканд шаарындагы “СамАвто” автозаводунун өндүрүшүндөгү ISUZU SAZ LE 60 үлгүсүндөгү жалпы 100 бирдик

коомдук автобус сатып алынып, алар 4 жаңы ачылган муниципалдык автобустук каттамдарына коюлду.

Мындан сырткары, Бишкек шаарынан 74 троллейбус алынып келинип, Европалык Өнүктүрүү жана Реконструкциялоо Банкынын каржылоосу менен 3-чү троллейбустук линиясын куруу боюнча иш-аракеттер жүргүзүлгөн.

**2024-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышы.**

2024-жылга Ош шаарынын бюджети, Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 29-мартындагы №433 “Ош шаарынын 2024-жылга жергиликтүү бюджети (бириктирилген) жөнүндө” токтомунун негизинде 3 010 916,1 миң сом өлчөмүндө бекитилген.

Ош шаардык Кеңешинин 2025-жылдын 27-февралындагы №20 “Ош шаарынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине жергиликтүү бюджетине (бириктирилген) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токмунун негизинде өзгөртүүлөр киргизилип, кирешелер жана чыгашалар 3 644 732,1 миң сом өлчөмүндө такталган.

***Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке кошумча 585 114,4 миң сом трансферт бөлүнгөн, анын ичинен:***

-Оштогу муниципалдык “Жылуулук камсыздоо” ишканасына субсидияга 238 606,3 миң сом;

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-мартындагы №83 тескемесинин негизинде 262 063,0 миң сом Өзбек-Кыргыз Өнүктүрүү Фондунан Ош шаарына автобустарды сатып алууга;

-Ош шаарынын аймагында катталган табият кырсыгынын (сел) кесепетинен жапа чеккен жарандарга материалдык жардам көрсөтүүгө – 62 300,0 миң сом;

-Ош шаарынын жылуулук электроборбору муниципалдык ишканасына субсидияга – 5 557,2 миң сом;

-жол эрежесин бузгандыгы үчүн төлөнгөн жазалардын эсебинен -13 314,1 миң сом;

Жапалак, Төлөйкөн, Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгына (эмгек акы)- 726,1 миң сом;

- айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгын төлөөчүлөр салыктан бошотулгандыгына байланыштуу компенсацияга – 2 547,7 миң сом.

**2024-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы:**

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 91,9%га аткарылган, такталган план 3 6 44 732,1 миң сомду, иш жүзүндө аткарылганы 3 348 407,7 миң сомду түзгөн.

Ош шаарынын такталган бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы тармактар боюнча:

***Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар*** – 93,1%га аткарылып, такталган план 1 094 743,5 миң сомду түзсө, аткарылганы 1 019 381,9 миң сом.

***Коргоо тармагы*** -95,1 %га аткарылып, такталган план 4 699,4 миң сомду түзсө, аткарылганы 4 471,4 миң сом;

***Экономикалык маселелер*** – 96,1 %га аткарылып, такталган план 416940,7 миң, аткарылганы 400 545,1 миң сом;

***Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр*** – 88,1%га аткарылып, такталган план 1 299 090,2 сомду түзсө, аткарылганы 1 144 178,6 миң сом;

***Эс алуу, маданият жана спорт тармагы*** – 95,4%га аткарылып, такталган план 178933,0 сомду түзсө, аткарылганы 170 758,7 миң сом;

***Билим берүү тармагы***–93,9 %га аткарылып, такталган план 618 431,4 сомду түзсө, аткарылганы 580 913,5 миң сом;

***Социалдык коргоо тармагы*** – 88,3га аткарылып, такталган план 32645,6миң сомду түзсө, аткарылганы 27389,6 миң сом;

**- Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонду** -99,6%га аткарылып, такталган план 25 000,0 миң сомду түзсө, аткарылганы 24 899,0 миң сомду түзгөн.

**Жергиликтүү бюджеттин 2024-жылдын 1-январына калган каражаттарынын калдыгынын эсебинен төмөндөгү иш-чаралар каржыланган:**

-Ош шаарынын ички иштер башкармалыгынын Сулайман-Тоо милиция бөлүмүнүн жаңы имаратынын курулушуна финансылык колдоо көрсөтүүгө – 10 000,0 миң сом;

Ош шаарынын муиниципалдык аймактык башкармалыктарына аксакалдар сотторуунун төрагаларын сыйлоого жана канцелярдык товар менен камсыз кылууга – 436,6 миң сом;

-Ош шаарынын мэриясынын аппаратына керектүү техникаларды алып берүүгө – 557,9 миң сом;

-Ош шаардык Кенешинин курьердик кызматын аткаруучунун эмгек акысына жана күйүүчү майына – 304,4 миң сом;

-социалдык жактан муктаж жарандарга материалдык колдоо көрсөтүүгө – 130,0 миң сом;

-өкүлчүлүк чыгымдарга – 206,4 миң сом;

-3-декабрь “Майыптыгы бар адамдарды коргоонун эл аралык күнүнө карата” иш чараларды уюштурууга -650 ,0 миң сом;

-мектептердеги окуучулар үчүн уюштурулган коомдук транспорттун айдоочуларынын эмгек акысына – 300,0 миң сом;

-Элдик Курултайдын делегаттарынын жолугушуусун уюштурууга – 150,0 миң сом;

-кесиптик майрамдар күнүнө карата иш чараларды өткөрүүгө, материалдык колдоо көрсөтүүгө жана Ардак грамота, ыраазычылык барактарды, сертификаттарды даярдоого – 461,2 миң сом;

-Ош шаарынын аймагында мүмкүн болуучу табигый, техногендик, экологиялык кырсыктардын чагылдырган карта түзүү үчүн – 55,0 миң сом;

-“Саткынай апа” бала бакчасына жабдууларды сатып алууга – 90,0 миң сом;

-Т.Омурзаков атындагы мектепке чарбалык матсаттар үчүн буюмдарды сатып алууга – 177,0 миң сом;

Коммунист участогуна көпүрө салуу үчүн долбоорлук-сметалык документацияга- 200,0 миң сом, футболдук аянтча курууга – 851,7 миң сом;

-Э.Рахманов, У.Рахманов, Х.Абдуллаев көчөлөрүнө, Беш-Капа, Бостон айылдарына асфальт төшөөгө – 8475,0 миң сом;

-Ишкаван, Кызыл-Кыштак айылдарындагы Үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын оңдоп түзөө иштерине – 911,1 миң сом;

-Андижан көчөсүнө жол чырагын орнотууга – 1200,0 миң сом;

-Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгынын кызматкерине компенсация төлөөгө – 1055,9 миң сом;

-камсыздандырууга – 108,8 миң сом;

-Төлөйкөн айылына газ түтүктөрүн сатып алууга – 2042,2 миң сом, ирригациялык түйүндөрдү ондоого – 200,0 миң сом;

-Жапалак айылына саркынды суу системасын тартууга -1200,0 миң сом, Төлөйкөн айылына суу тартуу иштерине – 200,0 миң сом, Жапалак Калмат көчөсүнө

лоток курууга материалдарды сатып алууга – 200,0 миң сом,Учар айылындагы Т.Эрматов көчөсүнө саркынды суу системасын тартууга- 100,0 миң сом;

-каналдарды тазалоого – 300,0 миң сом;

-Жапалак айылындагы Акылтай бала бакчасына керектүү материалдарды сатып алууга – 160,4 миң сом;

-таштанды чыгарууга,технадзорго, мал жандыктарын каттоого,касыздандырууга жана кредитордук карыздарды төлөөгө – 588,8

-Жапалак, Дыйкан-Кыштак,Учар айылдарына жана Коргон 4, Коргон 12 көчөлөрүнө асфальт төшөө иштерине – 1068,0 миң сом;

**Субсидиялар боюнча шаардык бюджет менен өз ара эсептешүүлөр:**

Ош шаардык Кеңешинин 2025-жылдын 27-февралындагы №20 " Ош шаарынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине жергиликтүү бюджетине (бириктирилген) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун негизинде 303 767,1 1 миң сом өлчөмүндө субсидия каралган, анын ичинен:

- Ош шаардык автоунаа мамлекеттик ишканасына 62300,0 миң сом; Ош шаарынын муниципалдык турак-жай коммуналдык башкармалыгына 35 376,3 миң сом; "Ош шамы" гезитинин редакциясына 3 000,0 миң сом; А. Сүйүмбаев атындагы "Ош шаардык стадиону" жана "Алай" футболдук клубу мамлекеттик ишканасы 70 000,0 миң сом; "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген мамлекеттик ишканасына 66 508,1 миң сом; Ош шаарынын "Жылуулук камсыздоо" мамлекеттик ишканасына 66582,7 миң сом.

**Ж Ы Й Ы Н Т Ы К:**

Ош шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **2 168 769,8 миң сомдук** каржы бузуулар аныкталды *(бюджет боюнча **370950,8** миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча **1797819,0** миң сом)*, андан калыбына келтирилүүгө тийиш сумма **2020894,9 миң сом** *(бюджет боюнча* **223181,9** *миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча* ***1797713,0*** *миң сом)*. Аудит учурунда **1 739717,1** миң сом калыбына келтирилди *(бюджет боюнча **586,1** миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча **1 739131,0** миң сом).* Калыбына келтирилбей калган каржы бузуулардын калдыгы **281177,8** миң сомду түзөт *(бюджет боюнча **222595,8** миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча **58582,0** миң сом).*

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- **(210201)** Төлөмдөрдү туура, толук жана өз убагында жүргүзүлүшүн, алар боюнча туумдардын жана айып пулдардын эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо боюнча көрүлбөгөн чаралар **41733,1** миң сом, андан калыбына келтирилүүгө тийиш болгон сумма **41687,3** миң сом, аудит учурунда калыбына келтирилген жок;

- **(210202)** Бюджетке төлөмдөр, туумдар жана айып пулдарды өндүрүү боюнча көрүлбөгөн чаралар **52,5** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(210301)** Мүлктү тескөөдөн алынган каражаттардын, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелердин бюджетке чегерилбеши (өз убагында эмес же толук эмес чегерүү) **1 625,4** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, андан **127,7** миң сом бюджетке кайтарылды, калыбына келтирилбеген калдык **1 497,7** миң сомду түзөт;

- **(210302)** Мажбурлап өндүрүү суммаларын (айыптарды, конфискацияларды, депозиттик эсептин талап кылынбаган суммаларын ж. б.), ошондой эле зыяндын ордун толтуруу катары алынган суммаларды бюджетке чегербөө (өз убагында же толук эмес чегерүү) **7 765,7** миң сом, толук калыбына келтирилди;

- **(210305)** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) **1600,7** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, андан аудит учурунда **26,9** миң сом бюджетке кайтарылды, калыбына келтирилбеген калдык **1573,8** миң сомду түзөт;

- **(220107)** Бюджеттик классификациялоо коддордун колдонууну бузуу менен, бюджеттик каражаттарды ведомстволук бөлүштүрүүчүлөр жана алуучулар тарабынан бюджеттик каражаттарды бөлүү жана багыттоо **70 000,0** миң сом, калыбына келтирилүүгө жатпайт;

- **(220111)** Ченемдик төлөмдөрдү жүргүзүү жана кошумча каражаттарды берүү/бөлүү маселелеринде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана/же чарба жүргүзүүчү субъекттердин чечимдеринин ченемдик-укуктук актыларга туура келбеши **54 512,8** миң сом, калыбына келтирилүүгө жатпайт;

- **(230101)** Бюджеттик каражаттарды бюджеттик сметада каралбаган чыгымдарга пайдалануу **140,0** миң сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(230106)** Резервдик фондду пайдалануунун тартибин бузуу **1 048,0** миң сом, толугу менен бюджетке кайтарылууга тийиш, кайтарылган жок;

- **(230207)** Курулуш-куроо иштеринин наркын же көлөмүн жогорулатуу **38691,7** миң сом, толугу менен калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(230303)** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **3713,9** миң сом, калыбына келтирилүүгө тийиш болгон сумма **135,1** миң сом, андан аудит учурунда **8,5** миң сом калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык **126,6** миң сомду түзөт;

- **(230304)** Кабыл алынган бюджеттик милдеттенмелерди аткарбоо же өз учурунда аткарбоо **299,8** миң сом, калыбына келтирилүүгө жатпайт;

- **(230305)** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **3341,1** миң сом, андан **3192,5** миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда **263,2** миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген калдык **2929,3** миң сомду түзөт;

- **(230306)** ТМБ ченемден ашыкча запастары жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар **7 217,9** миң сом, андан **5094,8** миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(230402)** Отчеттуу жак катары саналган кызматкерлерге берилген каражаттар боюнча карыздын талап кылынбагандыгы **25,0** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(310104)** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген, эсепке алынбаган мүлктүн болушу **1 739 995,0** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, андан аудит учурунда **1 731 006,1** калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык **8988,9** миң сомду түзөт;

- **(310105)** Мулктүн жана акчалай каражаттардын (зыян келтирүү,жоготуу,уурдоо) кем чыгуусу **4 500,9** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда **211,3** миң сом калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык **4 289,6** миң сомду түзөт;

- **(310106)** Тастыктоочу документтери жок товардык-материалдык баалуулуктарды жана мүлктү эсептен чыгаруу **152,1** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(310201)** Мүлктү белгиленген багыты жана/же аны сатып алуудагы максаттарына ылайык эмес пайдалануу **4 756,2** миң сом, калыбына келтирилүүгө жатпайт;

- **(310202)** Бюджетке ижара төлөмүн өз учурунда которууну камсыздоо боюнча чаралардын кабыл алынбагандыгы жана анын жоктугу **5 456,0** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(410201)** Бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча мыйзамдын негизги талаптарын бузуу (анык эмес отчет) **104,1** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(410205)** Командировкалык чыгымдарды, жөлөк пулдарды, компенсацияларды ж.б. төлөмдөрдү төлөп берүүгө байланыштуу бузуулар **96,9** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда **53,9** миң сом калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык **43,0** миң сомду түзөт;

- **(410206)** Ченемдик укуктук актыларда, же келишимдерде (контракттарда) каралган белгиленген өлчөмдөн ашык аванстык төлөмдөрдү негизсиз которууга байланыштуу бузуулар **724,4** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(410213)** Финансылык активдер боюнча эсеп жүргүзүүдөгү мыйзам талаптарынын сакталбашы **485,2** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(410215)** Дебитордук карыздыр боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар **165 305,9** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, андан 69,0 миң сом мекемеге ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык 165436,9 миң сом;

- **(410216)** Кредитордук карыздыр боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар **11 105,1** миң сом, калыбына келтирилүүгө тийиш болгон каржы бузуулар **2 379,1** миң сом, калыбына келтирилген жок;

- **(510101)** Бааларга мониторинг жүргүзүү менен байланышкан бузуулар **147,5** миң сом, андан **147,5** миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда толук калыбына келтирилди;

- **(510107)** Мамлекеттик, муниципалдык кызматчы, сатып алуучу уюмдун кызматкери жана конкурстук комиссиянын мүчөсү тарабынан, тараптардын биринин кызыкчылыгында чечимге таасир көрсөтүү боюнча **354,1** миң сом, толук калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок;

- **(510112)** Контракттарды жана келишимдерди түзүү жана аткаруу кепилдиги катары төлөнгөн каражаттарды кайтаруу мөөнөтүнүн сакталбашы боюнча **37,5** миң сом, толук бюджетке кайтарылды;

- **(510114)** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар **3 781,5** миң сом, андан **237,7** миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилген жок.

**Ош шаары боюнча** жалпы **58394,9 миң сомдук** каржы жана башка бузууларга укуктук баа берүү үчүн **23** материал укук коргоо органдарына жиберилди, анын ичинен:

**1. Ош шаарынын мэриясы боюнча:**

**9798,0** (5483,7+224,6+3296,6+307,9+485,2) **миң сомдук каржы жана башка бузууларга укуктук баа берүү үчүн 7 материал Ош шаарынын прокуратурасына** жиберилди.

**2. Ош шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы боюнча:**

**5110,3** (4756,2+354,1) **миң сомдук каржы жана башка бузууларга укуктук баа берүү үчүн 5 материал Ош шаарынын ИИБ жана Ош шаарынын прокуратурасына** жиберилди.

**3. Ош шаарынын мэриясынын "Жибек-Жолу" муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**8584,1** (97,2+152,1+99,9+8234,9) **миң сомдук каржы жана башка бузууларга укуктук баа берүү үчүн 4 материал Ош шаарынын Ички иштер башкармалыгына** жиберилди.

**4.Ош шаарынын жолдор муниципалдык ишканасы боюнча:**

**20109,9** (5406,7+14190,1+513,1) **миң сомдук каржы жана башка бузууларга укуктук баа берүү үчүн 3 материал КР УКМК Ош шаары жана Ош области боюнча башкы башкармалыгына** жиберилди.

**5. «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасы боюнча:**

**2166,2 миң сомдук** нормадан ашыкча чыгымдарга жол берген муниципалдык ишканасынын жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракеттерине укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары **КР УКМК Ош шаары жана Ош области боюнча башкы башкармалыгына жиберилди.**

**6. "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасы боюнча:**

- келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга берилген "Дүң кант" базарынан 2023-жыл ичинде ижара акысы үчүн Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын директору Н.Исмаилов тарабынан ушул күнгө чейин ордуна коюлбаган **2822,1** миң сом акча каражатына укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары **КР УКМК Ош шаары жана Ош области боюнча башкы башкармалыгына жиберилди.**

**7. "Ош унаабекети" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**4348,3** миң сомдук негизги каражаттардын балансқа кириштелбегендигине, өткөрүлгөн тооруктарды тескөөдө жана өз учурунда ижара мамилелерин жүргүзүүдө жалпы **5456,0** миң сомдук ижара төлөмдөрү жергиликтүү бюджетке төгүлбөй келгендиги боюнча, тийиштүү кызматкерлердин функционалдык милдеттеринин так аткарылышына жана ижара мамилелерине укуктук баа берүү үчүн 2 материал **Ош шаарынын прокуратурасына жиберилди.**

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Ош шаарынын мэриясы боюнча** (шаардын мэри Токторбаев Ж.Ш., башкы бухгалтери Алимбетов Ж.З.) **аудит мамлекеттик инспекторлор К.Исаков жана Г.Батаева тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүн бекитүүдө жана тактоодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин талаптары аткарылбай *(Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары жана жергиликтүү бюджеттердин артыкчылыктары кезектеги бюджеттик жылдан мурунку жылдын 1-июнунан кечиктирилбестен жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын долбоорлорун талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрөт)*, Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы жана Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо

башкармалыктарынын 2024-жылга карата жүргүзүлгөн ишмердүүлүгүнүн натыйжасы менен киреше салыгынын планы жалпысынан **138 269,7** миң сомго аткарылган эмес.

**Сунуштама 1.** Ош шаарынын киреше бөлүгүнүн планын бекитүү жана тактоо боюнча иш чараларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 88-беренесине ылайык, тиешелүү башкармалыктар тарабынан салыктардын түрлөрү боюнча тактоо жумуштары жүргүзүлсүн. Аталган мыйзамдын талаптарын аткарууга албаган башкармалыктын жетекчилигинин жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акыларын бекитүү жана тактоодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин талаптары аткарылбай, ижара акыларынын планы жалпысынан **108 148,5** миң сомго аткарылган эмес.

**Сунуштама 2.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акыларынын планын бекитүү жана тактоо боюнча иш чараларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан салыктардын түрлөрү боюнча тактоо жумуштары жүргүзүлсүн. Аталган мыйзамдын талаптарын аткарууга албаган башкармалыктын жетекчилигинин жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптары бузулуп, башкы эсепчи Ж.З.Алимбетовго аванс катары берилген **69,0 миң сом** жылдын аягына мекеменин балансында аталган кызматкердин эсебине дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөн. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү операциялар жүргүзүлүп, дебитордук карыз катары кызматкердин эсебине коюлду **(Классификатор коду 410215).**

**Сунуштама 3.** Аванстык катары эмгек акыларды берүүнү тариздөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн, бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун талаптарын бузган кызматкерлерге мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” мыйзамынын 2-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү жана киреше салыгы бюджетке өз убагында чегербегендиги үчүн туумдар эсептелип *(2019-жылдан 2024-жылдын 31-декабрына карата пайда болгон туумдар)* бюджеттик жоготуулар жалпы **110,5 миң сомду** түзгөн **(Классификатор боюнча коду 230304).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун 8-главасынын 2-параграфында белгиленген талаптарды бузуп, эмгек акыдан бюджеттик милдеттенмелердин жана төлөмдөрдүн өз убагында жана толук төлөнүшүн камсыздабаган жана бюджеттик жоготууга жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды 5.** 2024-жылы Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 27-декабрындагы №187 “Ош шаарына автобустарды Өзбек-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун эсебинен финансылык лизинг аркылуу сатып алууга жана республикалык бюджеттен максаттуу трансферт алууга макулдук берүү жөнүндө” токтомунун негизинде, Ош шаардык мэриясы тарабынан шаар ичинде жүргүнчүлөрдү ташуу максатында Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду аркылуу 8950,0 миң АКШ доллары өлчөмүндө лизинг алынып (8950,0 АКШ доллары * 87,5 сом = **783 125,0 миң сом**), ISUZU SAZ LE-60 үлгүсүндөгү 100 даана автобустары сатып алынган. Лизингдик милдеттенменин 30 пайызы 2685,0 миң доллары республикалык бюджеттен бөлүнүп максаттуу трансферттин эсебинен каржыланган.

Сатып алуу процессин талдоо көрсөткөндөй, мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдын атаандаштык принциптери жана сатып алуу процедуралары өткөрүлбөстөн, автобустардын маркалары жана моделдери алдын ала тандалып, автобустарды тандоого чейин рыноктук изилдөө жана мониторинг жүргүзүлбөстөн, альтернативдүү өндүрүүчүлөр жана техникалык варианттары салыштырылбастан, түз келишим аркылуу алынган. Бул шартта конкреттүү маркадагы автобустардын алдын ала аныкталышы бюджеттик каражаттарды пайдаланууда сатып алуу чечиминин жетиштүү экономикалык негизделбегендигин көрсөтөт.

Ош шаардык муниципалдык автотранспорт ишканасынын, СП ООО "Самаркандский Автомобильный Завод" ишканасынын жана ИП ООО “ALP AVTO» ишканасынын тиешелүү адистери тарабынан 2024-жылдын 14-августундагы жана 2024-жылдын 1-августундагы актыларына ылайык, автобустардын негизги агрегаттарынын бузулушу аныкталган. Жыйынтыгында берилген кепилдик мөөнөтүнө чейин автобустардын кымбат тетиктери бузулган.

**Корутунду 5. Ош шаардык мэриясы мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9,10,11-беренелеринин талаптарын бузууга жол берген. Тактап айтканда, мониторинг жүргүзбөстөн, альтернативдүү өндүрүүчүлөр жана техникалык варианттары салыштырылбастан, түз келишим түзүү менен автобустарды сатып алган. Конкреттүү маркадагы автобустардын алдын ала аныкталышы бюджеттик каражаттарды пайдаланууда сатып алуу чечиминин жетиштүү экономикалык негизделбегендигин көрсөтөт.**

**2024-жылдын 13-мартындагы Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду менен Ош мэриясынын ортосунда түзүлгөн финансы лизинг келишиминин 2.2.-пунктуна ылайык, лизинг алуучу камсыздоочуну жана лизинг предметин өз алдынча башкалардын катышуусу жок тандагандыгы белгиленген. Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондунун Жобосунда бир гана Өзбекстандан өндүрүлгөн товарды алууга милдеттендирген норма жок.**

**Автобустарды эксплуатациялоонун алгачкы мезгилинде аныкталган техникалык кемчиликтер *(АКППнын блокировкасынын механизиминин иштен чыгышы, алдынкы дөңгөлөктөрдүн ступица узелиндеги люфтуларынын бузулушу, климаттык системада хладогенттин денгээлинин туруктуу эместиги, кыймылдаткычтын наддув системасындагы аба өтүүчү***

***каналдарынын бүтөлүшү, жез басым сенсорлорунун бузулушу)*** **заводдук дефекттердин белгилерин камтыйт. Жогоруда көрсөтүлгөн материалдар эксплуатациялык материалдарга кирбейт, айдоочунун таасири менен бузулгандыгы далилденген эмес, гарантиялык мөөнөт ичинде аныкталган. Алынган автобустардын берилген кепилдик мөөнөтүнө чейин кымбат тетиктеринин бузулушу кепилдик мөөнөтү бүтүшү менен аталган кемчилдиктерди жоюу жагы Ош шаарынын мэриясынын бюджетинен жүргүзүлүп, кошумча финансылык жүк жаралышы мүмкүн.**

**Сунуштама 5.** Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондунан алынган ISUZU SAZ LT60 үлгүсүндөгү автобустардын кепилдик мөөнөтү бүтпөй негизги агрегаттар боюнча чоң ремонт жумуштарынын жүрүшү, кепилдик мөөнөтү бүткөндөн кийин Ош шаарынын мэриясынын бюджетине олуттуу финансылык жүк жаратат. Жыйынтыгында, Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду менен түзүлгөн келишимдин кепилдик мөөнөтүн узартуу жагы сунушталат. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9,10,11-беренелеринин талаптары сакталсын. Транспорт каражаттарын сатып алууда негизги агрегаттар боюнча кеминде 4-5 жылдык гарантияны келишимдин милдеттүү шарты катары киргизүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 6.** Кредиттик милдеттенмелердин аткарылышына аудит жүргүзүүдө, Ош шаарындагы коомдук транспортту жакшыртуу долбоору боюнча 2016-жылдын 18-январындагы №19-05/1 субкредиттик келишимдин негизинде алынган кредиттин жана Ош шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо долбоору боюнча 2018-жылдын 26-мартындагы №19-04-01/30 субкредиттик келишимдин негизинде алынган кредиттин салымдары өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн, 2024-жылдын 27-майында жана 2024-жылдын 30-майында Ош шаарынын мэриясынын казыналык чыгыштоо маалыматына ылайык, №7093649 жана №7332435 документтери менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик насыяларды башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине **77,0** миң сом акча каражаттары айып пул жана санкция катары эсептелинип которулгандыгы аныкталды.

Кредит үчүн 2024-жылга каралган каражаттар жетишпей, ал акча каражатын бөлүү үчүн тиешелүү иш кагаздарын даярдоо убагында пайда болгон айып пул жана санкция каражаттары, Ош шаарынын мэриясынын бюджетине жоготуу болуп, Ош шаарынын мэриясынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош башкармалыгынын жана Ош шаардык Кеңешинин тиешелүү кызматкерлеринин ар жылда бекилүүчү бюджетти кароодо пландоо долбоорлору жакшы каралбагандыгынан кабар берет **(Классификатор боюнча коду 230304).**

**Сунуштама 6.** Ош шаарындагы коомдук транспортту жакшыртуу долбоору боюнча жана Ош шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо долбоору боюнча алынган кредиттер өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн финансылык санкцияларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Ошондой эле, Ош шаарынын мэриясынын жоопкерчилигинде турган кредиттердин төлөө графиктери белгилүү болгондуктан Ош шаарынын мэриясынын кызматкерлери жана Ош шаардык Кеңешинин тиешелүү комитеттери тарабынан жыл башында бюджетти бекитүүдө, эң негизги корголгон беренелердин катарында алынган кредиттерге каражатты кароо маселесинде финансылык өзгөрүлөөрдү *(АКШ доллары жана евро акча каражаттары менен алынган кредиттердин курсунун өзгөрүшү)* эске алуу менен каралсын.

**Аныкталды 7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин 2023-жылдын 26-июлундагы №375 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргыз автобекети" мамлекеттик ишканасынын балансында турган "Ош автовокзалы" филиалын Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берүү боюнча кабыл алуу-өткөрүү актысынын негизинде 6103,0 миң сом жалпысынан, анын ичинде: 5 227,6 миң сомдук кредиттин негизги суммасы жана 875,4 миң сомдук кредиттин пайыздык каражаттары Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүлүп берилген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонду "Кыргыз автобекети" мамлекеттик ишканасынын балансында турган "Ош автовокзалы" филиалынын бюджеттик кредити боюнча 2024-жылдын 28-мартындагы №19-04-01/526 катында: 2024-жылдын 28-мартына карата "Кыргыз автобекети" мамлекеттик ишканасынын балансында турган "Ош автовокзалы" филиалынын 2005-жылдын 10-февралындагы Карыздык милдеттенме боюнча 129,45 миң АКШ доллар 11586,72 миң сомуна эквиваленттүү карызы бар экендигин билдирген, анын ичинде негизги сумма 75,56 миң АКШ доллар 6762,98 миң сомуна эквиваленттүү, пайыздар 38,19 миң АКШ доллар 3418,54 миң сомуна эквиваленттүү жана айыптар 15,7 миң АКШ доллар 1405,19 миң сомуна эквиваленттүү түзөт. Карыздын бардык суммасынын мөөнөтү өтүп кеткен. Жыйынтыгында, кабыл алуу-өткөрүү актысы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фондунун берген маалыматынын ортосундагы **айырма 5483,7 миң сомду** түзгөн **(Классификатор боюнча коду 410216).**

**Корутунду 7.** Кабыл алуу-өткөрүү актысында кредиттик милдеттенме 6103,0 миң сом өлчөмүндө аныкталгандыгына карабастан, Финансы-кредиттик фондунун 11586,7 миң сом өлчөмүндөгү катына таянып, бюджеттик каражаттар кабыл алуу-өткөрүү актысындагы суммадан ашыкча 5483,7 миң сом соттук актысы, келишимдик негиздемеси жок төлөнгөн. Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин бюджеттик каражаттарды максаттуу жана негиздүү пайдалануу принциби бузулган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык, бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын керектөөлөрү учурдагы каржылык жылга чыгашалар бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрдүн негизинде түзүлөт.

Аудиттин пикири боюнча, 1 автобустун 1998-жылы 145,0 миң АКШ долларына сатып алынышы кредиттин мыйзамдуулугу боюнча күмөн жаратат.

**Аныкталды 8.** Ош шаардык мэриясы тарабынан 2009-жылдын 28-июлунда Ош облисттык район аралык сотунун 2063,8 миң сомдук мөөнөтү өткөн кредитордук карызды "Ош автовокзалы" мамлекеттик ишканасынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фондунун пайдасына өндүрүү боюнча чечимин аткаруу максатында, 2024-жылдын 12-апрелиндеги №14,15,16 төлөө тапшырмалары аркылуу 2063,8 миң сом төлөнгөн *(анын ичинде негизги сумма 1204,1 миң сом, 616,7 миң сом пайызы, 242,9 миң сому айып төлөмдөрү)*. Бирок, Финансы-кредиттик фонду Ош облисттык район аралык соттун чечими менен аныкталып, Ош шаардык мэриясы тарабынан төлөнгөн сумманы 2024-жылдагы АКШ долларынын курсуна кайра эсептеп, 2063,8 миң сомду 23157,7 АКШ долларына айлантып эсепке алган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фонду 2009-жылы мөөнөтү өткөн 2068,0 миң сом

карыздар боюнча доо берип, калган 45284,75 АКШ доллары боюнча сот тартибинде талап кылган эмес. Эгерде кредиттик милдеттеме баштапкы кредиттик келишимде каралган төлөө графигине жана сот чечиминде аныкталган сумманын чегинде аткарылганда төмөндөгүдөй жыйынтык чыкмак:

Негизги карызга 45284,75 АКШ долларын төлөш керек болсо, Ош мэриясы Финансы-кредиттик фондунун катынын негизинде 62044,02 АКШ долларын төлөшкөн, айырма 62044,02-45284,75=16759,27 АКШ доллары. Пайызына 9509 АКШ доллары (45284.74*3%*7 жыл) жана мурда эсептелген проценттер менен бирге 5298,75 АКШ доллары жалпысынан 14807,75 АКШ доллары төлөнүш керек болсо, Ош мэриясы 31271,63 АКШ долларын төлөшкөн, айырма 31271,63-14807,75=16463,88 АКШ доллары. Айып төлөмдөрүнө 9056 АКШ доллары төлөнүш керек болсо, 12972,74 АКШ доллары төлөнгөн, айырма 3916,74 АКШ доллары. Жалпысынан 37139,89 АКШ доллары **3242,3 миң сомуна эквиваленттүү** каражат ашыкча төлөнгөн **(Классификатор боюнча коду 410216).**

**Корутунду 8.** Ош шаардык мэриясы тарабынан 2009-жылдын 28-июлунда Ош областтык район аралык сотунун 2063,8 миң сомдук мөөнөтү өткөн кредитордук карызды "Ош автовокзалы" мамлекеттик ишканасынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фондунун пайдасына өндүрүү боюнча чечимин аткаруу максатында 2024-жылдын 12-апрелиндеги №14,15,16 төлөө тапшырмалары аркылуу 2063,8 миң сом төлөнгөн. Бирок, Финансы-кредиттик фонду соттун чечими менен аныкталып, Ош шаардык мэриясы тарабынан төлөнгөн сумманы 2024-жылдагы АКШ долларынын курсуна кайра эсептеп, 2063,8 миң сомду 23157,7 АКШ долларына айлантып эсепке алган. Кредиттик келишимде карызды АКШ долларында эсептеп, төлөмдөрдү сомдун курсу боюнча кабыл алуу шарты каралганына карабастан, 2009-жылдагы сот чечими менен карыздын өлчөмү жана валютасы сом менен аныкталган. Ушуга байланыштуу, келишимдин валюталык шарттары сот чечиминен кийин колдонууга жатпайт. Кредитор тарабынан 2009-жылдагы соттун чечими менен аныкталган карызды сомдон АКШ долларына кайра эсептөө жана курстук айырманы колдонуу сот чечиминин мазмунуна каршы келет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фонду 2009-жылы мөөнөтү өткөн 2068,0 миң сом карыздар боюнча доо берип, калган 45284,75 АКШ доллары боюнча сот тартибинде талап кылган эмес, сот чечиминде камтылган эмес, ошол себептүү мэрияга өткөрүлүп берилген милдеттеменин курамына кирбеш керек болчу. Ош шаарынын мэриясы бул милдеттемени соттун чечими жок эле аткарышкан.

"Ош автовокзалы" мамлекеттик ишканасы 2016-жылга чейин кредиттик милдеттемелерди аткарбагандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фонду өндүрүү боюнча сотко кайрылган эмес. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 357-беренесине ылайык, эгерде милдеттенменин аткарылбай же тийиштүү түрдө аткарылбай калышы эки тараптын тең күнөөсү болсо, сот тиешелүү түрдө карызкордун жоопкерчилик өлчөмүн азайтат. Эгерде кредитор атайын же байкабастыктан милдеттенменин аткарылбагандыгы же тийиштүү түрдө аткарылбагандыгы менен тартылган зыяндын өлчөмүнүн көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн болсо же анын өлчөмүнүн азайышы үчүн ылайыктуу чара көрбөсө, анда сот карызкордун жоопкерчилик өлчөмүн азайтып коюуга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармалыгынын 2004-жылдын 28-апрелиндеги 11/2 токтому менен бекитилген "Пайыздык кирешеге чегерилбеген

статусту ыйгаруу Тартибинин" 1.3-пунктуна ылайык, Кредиттик мекеме пайыздык кирешелердин чегерилбеген статусун ыйгаруу саясатын, ушул Тартиптин сакталышын камсыз кылуучу жол-жоболорду жана ички контролдук системаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик тартат.

2.2.-пунктуна ылайык, Кредиттик мекеме төмөндөгүлөргө чегерилбеген пайыз статусун ыйгарууга тийиш:

а) негизги карызды же пайыздарды төлөө мөөнөтү 90 күнгө же андан ашык мөөнөткө кечиктирилген кредиттер жана активдер;

3.1.- пунктуна ылайык, Кредиттик уюм кийинчерээк пайыздык кирешелер кошулбаган деген статус алган кредиттер боюнча мөөнөтү өтүп кеткен чегерилген пайыздык төлөмдөрдүн суммасынан 100 пайыз өлчөмүндө потенциалдуу жоготуулар жана зыяндар үчүн резервди (РППУ) түзүүгө милдеттүү.

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүү боюнча мамлекеттик фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармалыгынын 2004-жылдын 28-апрелиндеги 11/2 токтому менен бекитилген "Пайыздык кирешеге чегерилбеген статусту ыйгаруу Тартибинин" талаптары сакталбастан жана 2009-жылдагы сот чечиминен кийин проблемалуу кредит катары тиешелүү тартипте токтотулбастан, реалдуу өндүрүү мүмкүнчүлүгү жок карызга кошумча пайыздар жана курстук айырмалар эсептелип, карыздардын өлчөмүнүн көбөйүүсүнө алып келген жана мэрияга негизсиз финансылык жүк жүктөп, бюджеттик жоготууларга алып келген.

**Аныкталды жана корутунду 9.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдардын экономикалык классификациясын колдонуу тартиби жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин 4-пунктунун 4-пункчасынын талаптарын бузуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга Ош мэриясы тарабынан резервдик фонд эсебинен **1048,0 миң сом** чыгымдалган **(Классификатор боюнча коду 230106).**

**Сунуштама 9.** Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонд эсебинен каржылануучу чыгымдарын кароодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдардын экономикалык классификациясын колдонуу тартиби жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин эрежелери аткарууга алынсын жана **1048,0 миң сом** бюджетке кайтарылсын. Кемчилдиктерге тиешеси бар кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 10.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 11-параграфынын 239-пунктундагы запастарды эсепке алуу ведомосттору жүргүзүлбөй, 409,2 миң сомдук канцелярдык товарлар балансттык отчетто эсепке алынган эмес. Аудит учурунда балансга калдык катары көрсөтүлбөгөн **409,2 миң сомдук** товарлар 2025-жыл ичинде чыгымдалгандыгын тиешелүү кызматкерлер документтери менен тастыктап көрсөтүштү.

**Сунуштама 10.** Запастарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 11-параграфынын 239-пунктундагы запастарды эсепке алуу ведомосттору жүргүзүлүп, баланстык отчеттордо эсепке алуу жагы жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 11.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 3-параграфынын 311-пунктундагы таанылуучу дебитордук карыздын суммасы эки тарап белгилеген нарк болуп саналат жана кандайдыр бир документ (келишим, аткарылган иштердин актысы, эсеп-фактура ж.б.) менен ырасталат -деп белгиленген шарттары бузулуп, Ош шаарынын мэриясынын бюджеттик баланстык №32174, 33174 "Ар-түрдүү дебитордук жана кредитордук карыздар" эсеби боюнча **724,4 миң сом** өлчөмүндө ишкана жана ишкерлерге которулган акча каражаттарына жумушту аткаруу актылары жок болгондугу аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410206).**

**Сунуштама 11.** Бухгалтердик учетту жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 311-пунктунун талаптарын бузган кызматкерге мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн. **724,4 миң сом** өлчөмүндө ишкана жана ишкерлерге которулган акча каражаттарына жумушту аткаруу актылары такталып алынып ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 12.** 2024-жылдын 5-мартындагы №240228430127867 конкурсу боюнча Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 22-беренесинин 6-пунктунун талаптары аткарылбастан, комиссия курамы "Конкурстун катышуучусунун баш тартуу катына ылайык" - деген чечим менен четтеткен ишкердин аталган конкурс боюнча «Берүүчүнүн сунушуна кепилдик камсыз кылуу» каражаты 22,6 миң сом 2024-жылдын 26-мартында "Электро Лидер" ЖЧКсына которулуп берилген. Өткөрүлгөн конкурстардын жеңүүчүлөрү катары табылган берүүчүлөр сатып алуулар жөнүндө келишимди түзүүдөн баш тартса, ак ниет эмес берүүчүлөрдүн базасына киргизүү талаптары аткарылган эмес. Жыйынтыгында Ош шаарынын мэриясынын бюджетине 22,6 миң сомго зыян келтирилген **(Классификатор боюнча коду 510114).**

**Сунуштама 12.** Мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурстарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 22-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен бюджеттик жоготууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 13.** 2024-жылдын 9-сентябрында "Д.Салиева, Жаңы-Турмуш-1 жана Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн Жаңы-Турмуш айылындагы көчөлөрүнө асфальт төшөө" объектиси боюнча (Дем берүүчү грант) темасында №240827463432178 конкурсуна ылайык, 9549,6 миң сомго жарыя берилген. Конкурска 3 ишкана катышып, анын ичинен: "Спутник строй" ЖЧКсы 8 146,6 миң сом конкурстук табыштама берип, жеңүүчү катары табылган. Конкурсту өткөрүүдө төмөнкүдөй мыйзам бузууларга жол берилгендиги аныкталды:

**1.**Конкурстук документтерине аудит жүргүзүүдө конкурс боюнча "Берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу" (ГОПП) 2% өлчөмүндөгү каражатын кепилдик катары төгүү талабы коюлуп, ЖЧК "Спутник Строй" ишканасы тарабынан банктык кепилдигинин (Банковская гарантия) көчүрмөсү тиркелген, бирок тиркелген банктык кепилдик документинин түп нускасы алынбагандыгы аныкталды.

**2.** Аталган конкурстун талаптарына ылайык, жумушту аткаруу мөөнөтү 30 күн, акча каражатын төлөө шарты: авансалык төлөм 10%, жумуш кабыл алынгандан кийин 90 % - деп белгиленген. 2024-жылдын 26-сентябрындагы №100 келишимдин негизинде 2024-жылдын 18-октябрындагы №334 төлөм тапшырмасына негиз 2 444,0 миң сом, 2024-жылдын 6-ноябрындагы №351 төлөм тапшырмасына негиз 2 255,6 миң сом, 2024-жылдын 18-ноябрындагы №368 төлөм тапшырмасына негиз 150,4 миң сом акча каражаттары которулуп, жалпысынан 4 850,0 миң сом акча каражаты "Спутник Строй" ЖЧКсынын банктагы эсебине которулуп берилген. Конкурс боюнча жумушту аткаруу мөөнөтүнүн кечиктирилген мөөнөтүнө карата минималдык төлөмү 0,1%га (0,1 % ар бир мыйзам бузуу күнү үчүн келишимдин жалпы баасынан), максималдык төлөмү 5% (бирок ушул контракттын суммасынан 5% дан ашык эмес) өлчөмүндө келишимдин суммасынан эсептелет деп белгиленген. Акча каражатын каржылоо жагына көзөмөл болгон эмес.

2025-жылдын 4-февралындагы кабыл алуу жөнүндө актысына ылайык, "Спутник Строй" ЖЧКсы тарабынан 4 491,1 миң сомго аткарылган жумуштардын актысы тапшырылып, которуп берилген 4 850,0 миң сомдун айырмасы 358,9 миң сом акча каражатын Ош шаарынын мэриясынын бюджетине которуп берген. Ошондо, түзүлгөн контракттын аткаруу мөөнөтү жана кабыл алынган актынын ортосундагы жумушту аткаруу мөөнөтүнүн кечиктирилген убактысы 101 күндү түзүп, *(Ош шаарынын мэриясынан алган каражаттын суммасы 4 491,1 миң сом*0,1%*101 күнгө минималдык пайыз менен эсептөөдө = 453,6 миң сом айып төлөмү эсептелди же болбосо контракттын талабына негиз контракттын суммасынан ашпаган пайызга ылайык которулуп берилген сумманын 5% - 224,6 миң сомду түзөт)* 224,6 миң сомдук айып төлөмү эсептелди.

**3.** Контракттын талаптарын аткарбагандыктан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү грант эсеби боюнча кара тизмеге киргендиги аныкталып, жалпысынан **3 296,6 миң сом** өлчөмүндө пландалган жумуштар аткарылбай, Ош шаарынын мэриясынын бюджетине зыян келтирилгендиги аныкталды.

**4.** Мындан сырткары, конкурс боюнча "Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо" (ГОИК) талабы коюлуп, конкурстун жеңүүчүсү "Спутник Строй" ЖЧКсы тарабынан төгүлгөн эместиги аныкталды. Жыйынтыгында, келишим түзүү алдында банктык кепилдик документинин түпкү нускасын жана "Контракты аткаруу кепилдик камсыздоо" (ГОИК) түпкү нускалары сатып алуу уюму тарабынан суралбай мамлекеттик сатып алуулар мыйзамынын талаптары бузулган.

Жыйынтыгында, жогорудагы конкурсту өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 33-беренесинин 3-пунктунун, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 22-беренесинин жана 47-беренесинин 2-пунктунун 9-подпунктчасынын талаптары бузулган **(Классификатор боюнча коду 510114).**

**Аныкталды жана корутунду 14.** Аудитке берилген маалыматтарга ылайык, 2024-жылы жалпысынан Ош шаарынын 10 үй-бүлөлүк медицина борборлору тарабынан 1 956 балага 3 000,0 миң сомдук 20,0 миң литр биолакт таратылып берилген. Врачтар тарабынан берилген рецепт жана таркатуу ведомостторун текшерүү учурунда, белгиленген нормадан ашыкча, бир балага күнүнө 600-800 граммдан биолакт берилген. Жазылган рецепттерде көпчүлүк учурда врачтардын колу, мөөрү жок болгондугуна жана таркатуу ведомостторунда окшош колдор коюлгандыгына байланыштуу, 20,0 миң литр 3000,0 миң сомдук биолакттын таратылышынын аныктыгы күмөн жаратат жана ишенимдүү тастыкталган эмес.

Биолактты берүү нормасын аныктоодо таянууга мүмкүн болгон бирден-бир нормативдик укуктук актыда - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин” 2-тиркемесинде, 1 жаштан 3 жашка чейинки балдар үчүн сүт азыктарынын суткалык нормасы 400 грамм - деп көрсөтүлгөн. Жыйынтыгында, 2024-жылы белгиленген нормадан ашыкча **1809,6 миң сомдук** 12064 литр биолакт таркатылып, бюджеттик каражаттар сарамжалсыз пайдаланылгандыгы аныкталды **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Аныкталды жана корутунду 15.** Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборлоруна берилген сүт азыктары боюнча аудит жүргүзүүдө, алардын ичинен №10 үй-бүлөлүк медицина борбору боюнча аудитке берилген отчетторго ылайык, 2024-жылы жалпысынан 200 балага 379,6 миң сомдук 2 492,6 литр биолакт берилген. Ош шаардык балдардын сүт ашканасы» муниципалдык ишканасынын диета боюнча медайымы Улукова Канышайдын берген түшүнүк каты боюнча, 2024-жылы №10 поликлиника менен оозеки макулдашылып, биолакттын ордуна бир жумада бир жолу ар бир балага 550 граммдан быштак таркатылган. Бирок, №10 поликлиника боюнча 379,5 миң сомдук 2492,6 литр биолакт берилгендиги боюнча эсептен чыгаруу отчеттору түзүлгөн. Аныгында 2024-жылы 408,65 кг. 355,1 миң сомдук быштак берилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин” 2-тиркемесинде, 1 жаштан 3 жашка чейинки балдар үчүн быштактын суткалык нормасы 35 грамм - деп көрсөтүлгөн. Ошондо бир жумада 175 граммдан быштак берилиш керек болсо, 550 граммдан быштак берилген. Жыйынтыгында, 2024-жылы белгиленген нормадан ашыкча **242,1 миң сомдук** 278,6 кг. быштак таркатылып, бюджеттик каражаттар сарамжалсыз пайдаланылгандыгы аныкталды **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Аныкталды жана корутунду 16.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Тактап айтканда, “Ош шаардык балдардын сүт ашканасы” муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө, 80,1 миң сом киреше салыгы жана 227,8 миң сом соцфонд төлөмдөрү, жалпысынан **307,9 миң сомдук** милдеттүү төлөмдөр тиешелүү бюджетке чегерилбей калган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор коду 210305).**

**Сунуштама 16.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга, т.а. киреше салыгынын жана соцфонд төлөмдөрүнүн чегерилбей калуусуна жол берген жоопту у кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин жана жалпы **307,9 миң сом** милдеттүү төлөмдөр, анын ичинен: 80,1 миң сом киреше салыгы жана 227,8 миң сом соцфонд төлөмдөрү тиешелүү бюджетке чегерилсин.

**Аныкталды жана корутунду 17.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик

мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын 2-главасынын 2,3-пункттарындагы талаптар аткарылбаган. Тактап айтканда, Ош шаардык балдардын сүт ашканасы” муниципалдык ишканасынын банктагы эсебинен **485,2 миң сомдук** жетишпестик аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410213).**

**Сунуштама 17.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын 2-главасынын 2,3-пункттарындагы талаптарды бузууга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

“Ош шаардык балдардын сүт ашканасы” муниципалдык ишканасынын банктагы эсебиненаныкталган **485,2 миң сомдук** жетишпестик бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 18.** Ош шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын кызматкерлери үчүн берилген кошумча жеңилдиктер боюнча төлөмдөрдү жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 23-главасынын 189-беренесинин 1-пунктунун “а” пунктчасынын нормалары бузулуп, киреше салыгына **200,1 миң сом** акча каражаты кармалбай калгандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 18.** Эмгек акы эсеби боюнча киреше салыгын кармоодо, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 23-главасынын 189-беренесинин 1-пунктунун “а” пунктчасынын нормаларына ылайык, эмгек акы эсебинен **200,1 миң сом** киреше салыгы кармалсын. Мыйзам талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Эскертүү: Ош шаардык мэриясында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

**1)** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз автобекети” мамлекеттик ишканасынын балансында турган “Ош автовокзалы” филиалын Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берүү боюнча кабыл алуу-өткөрүү актысында кредиттик милдеттенме 6103,0 миң сом өлчөмүндө аныкталгандыгына карабастан, Финансы-кредиттик фондунун 11586,7 миң сом өлчөмүндөгү катына таянып, кабыл алуу-өткөрүү актысындагы суммадан ашыкча 5483,7 миң сом соттук актысы, келишимдик негиздемеси жок төлөнгөндүгүнө;

**2)** Ош шаарынын мэриясында Кредиттик милдеттенме боюнча төлөнүүгө тийиш болгон каражаттын так көлөмүн аныктоого;

**3)** 2024-жылдын 9-сентябрында “Д.Салиева, Жаңы-Турмуш-1 жана Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн Жаңы-Турмуш айылындагы көчөлөрүнө асфальт төшөө боюнча” (Дем берүүчү грант) темасында №240827463432178 конкурсундагы мыйзам бузууларга, тактап айтканда :

- ЖЧК “Спутник Строй” ишканасы тарабынан банктык кепилдигинин (Банковская гарантия) көчүрмөсү тиркелген, бирок тиркелген банктык кепилдик документинин түп нускасы алынбагандыгы;

- Жумушту аткаруу мөөнөтүнүн кечиктирилген убактысы үчүн 224,6 миң сомдук айып төлөмүнүн чегерилбеши;

- Контракттын талаптарын аткарбагандыктан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү грант эсеби боюнча кара тизмеге киргендиги аныкталып, жалпысынан **3 296,6** миң сом өлчөмүндө пландалган жумуштар аткарылбай, Ош шаарынын мэриясынын бюджетине зыян келтирилгендиги, конкурс боюнча “Контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо” (ГОИК) талабы коюлуп, конкурстун жеңүүчүсү “Спутник Строй” ЖЧКсы тарабынан төгүлгөн эместиги боюнча;

**4)** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин” 2-тиркемесиндеги эрежелеринин талаптарын сактабай, ашыкча чыгымдарга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракетине;

**5)** Сүт азыктарын балдарга таркатууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин” 2-тиркемесиндеги эрежелерди сактабастан, ашыкча чыгымдарга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракетине;

**6)** “Ош шаардык балдардын сүт ашканасы” муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө, 80,1 миң сом киреше салыгы жана 227,8 миң сом соц.фонд, жалпысынан **307,9** миң сомдук төлөмдөр бюджетке чегерилбей калгандыгы боюнча тиешелүү кызматкерлердин иш-аракеттерине;

**7)** “Ош шаардык балдардын сүт ишканасы” муниципалдык ишканасынын банк эсебиндеги 485,2 миң сомдук жетишпестик боюнча **укуктук баа берүү үчүн, аудиттин материалдары 2026-жылдын 4-февралындагы №01-3/57 чыгыш каты менен Ош шаарынын прокуратурасына** жиберилди.

**2. Ош шаардык Кенешинин боюнча** (шаардык Кеңештин төрагасы Б.Т.Баетов, башкы эсепчиси А.Калбаева) **аудит мамлекеттик инспекторлор К.Исаков жана Г.Батаева тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында Ош шаардык Кеңешинин 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык келгендиги аныкталды.

**3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош финансы башкармалыгы боюнча** (начальниги К.К.Абдыкадыров, башкы адиси Г.Осмоналиева) **аудит мамлекеттик инспекторлор К.Исаков жана Г.Батаева тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында Ош финансы башкармалыгынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык келгендиги аныкталды.

**4. Ош шаарынын мэриясынын Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы Жунусов Т.А., башкы эсепчиси Аширова З.Б.) **аудит мамлекеттик инспектор К.М. Ажиматов тарабынан жургүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Жумуштан бошогондугуна байланыштуу кызматкерлерге компенсациялык төлөмдөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын

Эмгек кодексинин 87-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, 6 кызматкерге жалпы суммасы **358,3 миң сом** компенсация төлөмдөрү негизсиз төлөнгөн. Анткени, административдик-аймактык реформанын негизинде кыскартылган муниципалдык кызматкерлерге кайрадан жумуш сунуш кылынып, ошол эле күнү буйруктун негизинде кызматка дайындалышкан **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**5. “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы” мекемеси боюнча** (жетекчиси Ж.Токтогон уулу, башкы эсепчи Н.А.Говоритова) **аудит мамлекеттик инспекторлор Б.И. Турдумамбетов, Д.К. Ыдырысов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы” мекемесинин **“Турак-жай коммуналдык чарба”** эсеби боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бузуу менен почта кызматын сатып алууга чыгымдарды бекитүүдө 22122400 “Почта кызматтары” беренесинде каралышы керек болсо, иш жүзүндө 22154900 “Башка кызматтар үчүн төлөөгө байланышкан башка чыгымдар” жана ”Учурдагы максаттар үчүн материалдарды жана буюмдарды сатып алуу” беренелери боюнча каралып, сарпталган. Жалпы чыгаша классификатор кодунун максаты өзгөрүлүп чыгашалануулардын суммасы **140,0 миң сомду** түзгөн **(классификатор боюнча коду 230101)**.

**Сунуштама 1.** Жергиликтүү бюджеттин чыгашалануулары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын так сактоо менен жүргүзүлсүн. Бюджеттик классификациянын коддордун колдонууну бузуу менен чыгымдалууларга жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө” токтомунун 2.1, 10.4- пункттарынын талаптары аткарылбай, Ош шаарындагы социалдык дүкөндөрдө электр-энергиясын колдонуу эрежелерин бузгандыгы үчүн 30,0кВт/саат **40,9 миң сом** айып салынып, өз убагында төлөм жүргүзбөгөндүгү үчүн **1,8 миң сом** үстөк коюлуп, жалпы **42,6 миң сом** кошуп жазылып, бюджеттик жоготууга жол берилген **(Классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 2.** Бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын, электр энергиясы үчүн өз убагында төлөм жүргүзүлсүн. Ош шаарынын аймагындагы социалдык дүкөндөргө

электр эсептегиясын өз убагында орнотпогон жана ашыкча чыгымдарга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 9 главасынын 81-пунктунун талаптары бузулуп, казып алуу иштерине уруксат алган ишканалар тарабынан 2024-жыл аралыгына түзүлгөн келишимге ылайык 2905,0 миң сом ижара акы төлөнүш керек болсо, ишканалар тарабынан жыл ичинде 1105,0 миң сом ижара акы төлөнүп, калган **1800,0 миң сом** төлөнбөй калган. Андан сырткары, муниципалдык менчик башкармалыгы менен 2023-жылдын 2-февралындагы №24/23 түзүлгөн келишимдин 5.2.2.-пунктунда “Ижарачы” келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө төлөмдөрдү төлөбөгөн учурда, “Ижарага берүүчүгө” мөөнөтү өткөн ар бир күн үчүн төлөнбөй калган негизги суммадан 0,1% өлчөмүндө туумду (пеня) төлөөгө милдеттүү деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, туум (пеня) эсепteлинген эмес. Аудиттин жүрүшүндө жогорудагы аталган ишканаларга **298,3 миң сом** туум эсептелинди. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 3.** Келишим боюнча мөөнөттүн өткөн күнү үчүн төлөнбөгөн суммадан, же негизги суммадан 0,1% өлчөмүндө туум **298,3 миң сом** өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн. Ош шаарынын мэри жана Ош шаардык Кеңеши тарабынан Муниципалдык менчик башкармалыгына тиешелүү маселелер боюнча кабыл алынган буйруктарынын жана чечимдеринин аткарылышы көзөмөлдөнсүн. Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдө ижара акы төлөмдөрүнүн мөөнөтү өткөн күнү үчүн **298,3** миң сомдук 0,1% өлчөмүндө туумдун эсептелбей калуусуна жол берген Муниципалдык менчик башкармалыгынын тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилигин кароо боюнча Ош шаарынын мэрине сунуш жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Аудиттин жүрүшүндө муниципалдык ишканалардын пайдалануусундагы автоунааларга эсеп жүргүзүлүп, балaнстык маалыматтарга салыштыруунун жыйынтыгында **69853,4 миң сомдук 42 даана** автоунаасы баланска алынбагандыгы аныкталды. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылбаган. Аудит учурунда башкармалыктын балансына алынып, калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 4.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгында инвестициялык келишимдин негизинде, демөөрчүлөрдөн же бюджет эсебинен алынган автоунаалар өз убагында эсеп бөлүмүнө баланска алуу үчүн маалымат берилип, муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмү менен эсеп бөлүмү биргеликте иш алып баруусу көзөмөлгө алынсын. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптерин, §1-параграфынын “негизги каражаттарды таануу” талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ош шаарынын муниципалдык менчигиндеги эскилиги жеткен жана эксплуатациялоого жараксыз абалдагы 31 бирдик унаа *(анын ичинен 22 мусоровоз, автобус 2 жана башка 6)* каражаттарын сатууга Ош шаардык

Кеңешинин 2023-жылдын 14-февралындагы, Ош шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 27-декабрындагы “Ош шаардык муниципалдык менчиктеги унаа каражаттарын сатуу тартиби жөнүндө” жана “Ош шаарынын муниципалдык менчиктеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө” №112 токтому менен бекитилген Жобого ылайык, Ош шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 29-августундагы №409 буйругуна, Ош шаарынын муниципалдык менчиктеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча түзүлгөн комиссиянын 2024-жылдын 22-апрелиндеги №9/192 Протоколунун, Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 20-майындагы №244-б “Жумушчу комиссия түзүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген жумушчу комиссиянын 2024-жылдын 4-июнундагы №9/263 Протоколунун негизинде, жумушчу комиссия аукциондо А.Насировду жеңүүчү” - деп тапкан. Аукцион аркылуу сатылган 31 унаа каражаттарынын жалпы суммасы 705,0 миң сомду түзүп, комиссиянын чечими менен 15% кошумча нарк кошуу менен жалпы 830,0 миң сомго аныкталган. Жогорудагы протоколдун негизинде, А.Насиров менен 2024-жылдагы датасы, номери коюлбаган келишим түзүлгөн. Келишимдин 2.1-пунктунда тараптардын укугу жана милдеттеринде “Сатып алуучу” эски унаа каражаттардын суммасы **830,0 миң сом** акча каражатын 2024-жылдын 25-июнуна чейин жергиликтүү бюджетке которуп берүүсү каралган. Жеке ишкер А.Насиров тарабынан 2024-жылдын июнь айында үч жолку төлөм квитанция аркылуу бюджетке 350,0 миң сом төлөгөн, ал эми калган **480,0 миң сому** азыркы мезгилге чейин төлөнгөн эмес. Башкармалык тарабынан чаралар көрүлбөгөн **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 5.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан сатып алуучу А.Насировдон **480,0 миң сом** жергиликтүү бюджет эсебине өндүрүлсүн. Азыркы мезгилге чейин дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чараларды көрбөгөн тийиштүү кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 6.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын мамлекеттик имараттарды ижарага берүү бөлүмүнүн маалыматына ылайык, 2024-жылдын 1-январына карата ижара акыдан өндүрүлбөй калган карыздардын суммасы 2535,9 миң сомду түзгөн. 2024-жылы жалпысынан 673 ижара келишими 93770,7 миң сомго түзүлүп, ижара акысы эсептелинген, жыл ичинде 91720,1 миң сом өндүрүлгөн, 2024-жылдын аягына **4586,4 миң сом** дебитордук карыз калган. Келишимдин 5.2.2.-пунктунда ижарачыга мөөнөттүн өткөн күнү үчүн төлөнбөгөн суммадан, же негизги суммадан 0,1% өлчөмүндө туум төлөп берүүгө милдеттүү деп көрсөтүлгөнүнө карабастан **244,1 миң сом** туум эсептелинген эмес **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 6.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдө ижара акы төлөмдөрүнүн мөөнөтү өткөн күнү үчүн **244,1** миң сомдук 0,1% өлчөмүндө туумдун эсептелбей калуусуна жол берген Муниципалдык менчик башкармалыгынын тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилигин карoo боюнча Ош шаарынын мэрине сунуш жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду 7.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын балансындагы имараттарды ижарага берүүдөн жыл башында 7615,6 миң сом дебитордук карызы болгон. Жыл аралыгында 118 ижарачыга 59414,0 миң сом чегерүү жүргүзүлүп, бюджет эсебине 56817,2 миң сом төгүлгөн, жыл аягына **10212,4 миң сом** дебитордук карыз калган. Түзүлгөн келишимдерге ылайык, ижара акысын төкпөгөн ар бир күнү үчүн 0,1% туум эсептелиши керек болсо, башкармалык тарабынан туум эсептелген эмес. Аудит

учурунда ижара акысын төкпөгөн күндөрү үчүн **293,9 миң сом** туум эсептелди **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 7.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдө ижара акы төлөмдөрүнүн мөөнөтү өткөн күнү үчүн **293,9** миң сомдук 0,1% өлчөмүндө туумдун (пеня) эсептелбей калуусуна жол берген Муниципалдык менчик башкармалыгынын тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилигин кароо боюнча Ош шаарынын мэрине сунуш жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду 8.** Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 18-июлундагы №852 буйругуна ылайык, Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айылдык аймагынын Т.Көчкөнөв көчөсүнүн №135 дарегинде жайгашкан 33200,0 чарчы метр, идентификациялык номери 5-11-17-1005-0120 жер тилкеси 2024-жылдын 8-июлундагы көз карандысыз баалоочу тарабынан берилген баалоо боюнча жана №УМС-2-07-2024 иш баянынын негизинде 256968,0 миң сомго бааланып, муниципалдык ипотекалык ишканасына өткөрүлүп берилген. Экинчи тарап аталган жер тилкеге курулуш курууга мамлекеттик экспертиза департаментинин оң корутундусу алгандан кийин 256968,0 миң сомду 2024-жылдын 15-декабрына чейин которуп берүүгө милдеттенген. Аудит камтыган мезгил аралыгында 91910,0 миң сом бюджет эсебине которулган, ал эми калган **165058,0 миң сом** бюджет эсебине которулган эмес, отчеттук маалыматта дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөн. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын финансылык активдерди эсепке алуу принциптери, § 3 параграфынын дебитордук карызды эсепке алуу талаптары аткарылган эмес **(Классификатор боюнча коду 410215).**

**Сунуштама 8.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын финансылык активдерди эсепке алуу принциптери, §3-параграфынын дебитордук карызды эсепке алуу талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**165058,0 миң сомдук** дебитордук карыз бухгалтердик балanska алынсын, Ош шаардык муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан бюджет эсебине которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 9.** Ош шаардык мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансындагы 7 социалдык дүкөндүн ичинен 2 дүкөнү эт, сүт жана башка айыл чарба азыктарын сатып иш жүргүзүп келет. 1 дүкөн айыл чарба азыктарын сатпайт, мектеп жанында жайгашкандыктан кеңсе буюмдарын сатып иш жүргүзүп келет. Ал эми калган 4 социалдык дүкөн иштебейт, азыркы учурда жабык турат. Ош шаардык мэриясынын 2022-жылдын 4-ноябрындагы “Социалдык дүкөндөрдүнүн Жобосун бекитүү жөнүндө” №488 токтому менен бекитилген Жободо көрсөтүлгөн талаптар аткарылган эмес. Аталган токтомду аткарууда, мэрия тарап өзүнө эч кандай милдеттерди алган эмес. Айыл чарба азыктарын базар баасынан арзан сатуунун механизмдери иштелип чыккан эмес, дүкөн иштеткен ишкерлерди колдоо жактары каралбаган. Ошол эле учурда ишкерлерге дүкөндү иштеткендиги үчүн ай сайын 2700 сомдон ижара акы төлөө мидеттендирилип, ижара акы төлөп келишет. Иштеп турган 2 дүкөндө тамак-аш азыктары башка дүкөндөрдө сатылгандай эле баада сатылып, ижарачы катары иш

жүргүзүп келишет. Иштебей турган дүкөндөр дагы ижара төлөп турушат. Жободо көрсөтүлгөндөй азык-түлүктөрдү базар баасынан төмөн сатуу жагын мэрия тарабынан түзүлгөн комиссия көзөмөл жүргүзгөн эмес. Жыйынтыгында, башкармалык тарабынан социалдык дүкөн ачууга 4756,2 миң сом сарпталып, тамак-аш азыктарын арзан саттыруу максаттары ишке ашкан эмес, башкача айтканда сарпталган **4756,2 миң сом** көздөгөн максатына жеткен эмес *(жалпы 7 социалдык дүкөндөрдү куруу боюнча Ош шаардык мэриясынын 2022-жылдын 4-ноябрындагы №488 "Социалдык дүкөндөрүнүн Жобосун бекитүү жөнүндө" токтомундагы тамак-аш азыктарын арзан саттыруу тууралуу максаттары ишке ашкан эмес, башкача айтканда сарпталган 4756,2 миң сом көздөлгөн максатына жеткен эмес.)* **(Классификатор боюнча коду 310201).**

**Аныкталды жана корутунду 10.** 2022-жылдын 27-апрелинде сатып алуу порталына 5000,0 миң сомго 7 жеңил типтеги социалдык дүкөндөрдү куруу үчүн жарыя берилген. Тооруктун жыйынтыгы менен жеңүүчүнү аныктоодо 4756,2 миң сом жогору сунушун берген "СК Олимп Груп"" ЖЧКсы жеңүүчү катары табылып, келишим түзүлгөн. Жеңүүчү менен арзан баа сунуш кылган "Корпарация Аль-Амаль" ЖЧКсынын ортосундагы айырма (4756,2-4402,1=354,1) 354,1 миң сомду түзгөн, жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын талаптары бузулуп, **354,1 миң сом** бюджетке зыян келген келишим түзүлгөн **(Классификатор боюнча коду 510107).**

**Сунуштама 10.** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын талаптары сакталып, 7 жеңил типтеги социалдык дүкөндөрдү курууда бюджетке келтирилген **354,1 миң сомдук** зыянды бюджетке кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 11.** Негизги каражаттарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен Ош шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 20-июнундагы №293 токтомуна ылайык, Ош шаарынын көчөлөрүнө инвестициялык келишимдин негизинде демөөрчүлөр тарабынан 19 даана **заманбап аялдамалары** курулуп ишке киргизилген. Аялдамалардын наркы көз карандысыз баалочу тарабынан **34983,8 миң сомго** бааланган, бирок аудит мезгилине чейин башкармалыктын балансына алынбай келген. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, §1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылган эмес. Аудит учурунда балanska алынып, калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 11.** Инвестициялык келишимдин негизинде демөөрчүлөр тарабынан курулган курулмаларды өз убагында эсеп бөлүмүнө балanska алуу үчүн маалымат берилип, муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмү менен эсеп бөлүмү биргеликте иш алып баруусу көзөмөлгө алынсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга, б.а. негизги каражаттарды өз учурунда балanska алынбай калуусуна жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 12.** Ош шаарынын Т. Шоноев көчөсүнүн №2 дарегинде жайгашкан Ош шаардык клиникалык оорукасынын жаңы **1 619 696,7 миң сомдук** имараты балanska алынбагандыгы аныкталды. Башкармалыктын

муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмү тарабынан эсеп бөлүмүнө балanска алуу үчүн берилген эмес. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылган эмес. Аудит учурунда балanска алынып, калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 12.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын § 1-параграфынын талаптарына ылайык жаңыдан курулуп, пайдаланууга берилген имараттарды өз убагында балanска алуу жагы көзөмөлгө алынсын жана имараттын балanска алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 13.** Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 6-главасынын "Финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери", §1-параграфынын "Негизги каражаттарды таануу талаптары" аткарылбастан, 17 сейил бактары, 23 мекеме уюмдардын имараттары, 8 мектеп имараттары, 13 саламаттыкты сактоо мекемелеринин имараттары жана 6 бала-бакчалардын имараттарынын нарктары көрсөтүлбөй, балanска алынбай калгандыгы аныкталды **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Аныкталды жана корутунду 14.** Башкармалыктын реестриндеги жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга укугу жөнүндө мамлекеттик актысы, серия Б №061380 идентификациялык номери 5-11-09-0324-3243 аянты 1100,0 чарчы метр Ош шаарынын **Олимпийский үй 52/197 239а дарегинде** жайгашкан жер тилкесин Ош шаарынын тургуну Насирдинова Нафиса Абдусатаровна жеке менчик катары, ижара төлөбөстөн азыркы мезгилге чейин иштетип келгендиги аныкталды. Башкармалыктын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун талаптары аткарууга алынган эмес. Аталган муниципалдык жерди 2024-жылдын 29-февралынан муниципалдык менчикке алган күндөн тарта, башкармалыктын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн эсептөөлөрүнө ылайык бюджет эсебине төлөнбөй келген ижара акысы **167,2 миң сомду** түздү **(Классификатор боюнча коду 210301).**

**Аныкталды жана корутунду 15.** Башкармалыктын реестриндеги жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга укугу жөнүндө мамлекеттик актысы, серия Б серия Б №023105 идентификациялык номери 5-11-09-0324-3274 аянты 1200 чарчы метр Ош шаарынын **Т.Салиев көчөсүнүн №86 дарегинде** жайгашкан жер тилкесин Ош шаарынын тургуну Садыков Ахмад Мухтарович азыркы учурга чейин менчик катарында, ижара акы төлөбөй иштетип келгендиги аныкталды. Башкармалыктын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун талаптары аткарууга алынган эмес. Башкармалыктын кызматкерлери тарабынан

жүргүзүлгөн эсептөөлөргө ылайык 2016-жылдын июль айынан тарта ушул мезгилге чейин, Садыков Ахмад Мухтарович жеке менчик катары иштетип келген имараттын ижара акысы **1330,5 миң сомду** түздү **(Классификатор боюнча коду 210301).**

**Сунуштама 14 жана 15.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобонун талаптары сакталсын.

Ош шаарынын **Олимпийский үй 52/197 239а дарегинде** жайгашкан жер тилкесине Ош шаарынын тургуну Насирдинова Нафиса Абдусатаровна тарабынан бюджет эсебине төлөнбөй келген **167,2 миң сом** ижара акы төлөмү жана Ош шаарынын **Т.Салиев көчөсүнүн №86 дарегинде** жайгашкан жер тилкесине Ош шаарынын тургуну Садыков Ахмад Мухтарович тарабынан бюджет эсебине төлөнбөй келген **1330,5 миң сом** ижара акы төлөмү тийиштүү ижарачылар тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**Эскертүү: "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы" мекемесинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан 7 социалдык дүкөндөрдү ачууга 4756,2 миң сом сарпталып, бирок сарпталган **4756,2 миң сом** көздөгөн максатына жеткен эмес. Бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга жол берген Муниципалдык менчик башкармалыгынын жооптуу кызмат адамдарынын аракеттерине;

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузуп, **354,1 миң сом** бюджетке зыян келтирген Муниципалдык менчик башкармалыгынын жооптуу кызмат адамдарынын аракеттерине **укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 2025-жылдын 25-декабрындагы №01-3/509 чыгыш каты менен Ош шаарынын Ички иштер башкармалыгына жиберилди.**

- Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 6-главасынын "Финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери", §1-параграфынын "Негизги каражаттарды таануу талаптары" аткарылбастан, 17 сейил бактары, 23 мекеме уюмдардын имараттары, 8 мектеп имараттары, 13 саламаттыкты сактоо мекемелеринин имараттары жана 6 бала-бакчалардын имараттарынын нарктары көрсөтүлбөй, балanска алынбай калгандыгына;

- Ош шаарынын №5 "Амир-Темир" муниципалдык аймактык башкармалыгынын №197 кварталындагы **Олимпийская көчөсүнүн №239а** дарегинде жайгашкан жалпы аянты 1100.0 чарчы жер тилкесин Ош шаарынын тургуну Насирдинова Нафиса Абдусатаровна жеке менчик катары, ижара акы төлөбөй иштетип келгендигинин мыйзамдуулугуна;

- Ош шаарынын **Т.Салиев көчөсүнүн №86 дарегинде** жайгашкан жалпы аянты 1200,0 чарчы метр жер тилкесин Ош шаарынын тургуну Садыков Ахмад Мухтарович жеке менчик катары, ижара акы төлөбөй иштетип келгендигинин мыйзамдуулугуна **укуктук баа берүү үчүн, аудиттин материалдары 2026-жылдын 27-январындагы №01-3/54 чыгыш каты менен Ош шаарынын прокуратурасына жиберилди.**

**6.Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси боюнча** (жетекчисинин м.а.Акимбаев Н.Т., башкы эсепчи Парпиева Ч.О.) **аудит мамлекеттик инспектор М.Маманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө бекитилип берилген кызматтык автоунааларга күйүүчү май чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген талаптар сакталбастан жол баракчалары толтурулбастан, белгиленген ченемдерден ашыкча **3484** литр **221,0** миң сомдук күйүүчү майлоочу май эсептен чыгарылган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген ченемдерди бузуу менен, ченемден ашыкча чыгымдоого жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

Күйүүчү майды чыгымдоо боюнча жол баракчалар талаптагыдай толтуруп, автоунанын спидометри көрсөтүлүп түзүлсүн. **221,0 миң сомдук** ченемден ашыкча чыгымдалган күйүүчү май тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын 9-беренесинин 2.1- пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин” 6-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, б.а. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча сатып алуу жол жоболорун жүргүзүүдө бааларга мониторинг жүргүзбөгөн.

**Сунуштама 2.** Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча сатып алуу жол жоболорун жүргүзүүдө бааларга мониторинг жүргүзүлсүн, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын 9-беренесинин 2.1-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин” 6-пунктунун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлерге тартип жоопкерчиликтери каралсын.

**7. Ош шаарынын мэриясынын Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы Ж.Сактанов., башкы эсепчи Б.Аширова) **аудит мамлекеттик инспектор Т. Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыктын кызматкерлерине иштен кетүү боюнча жөлөк пулдарды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 87-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 30-беренесинин талаптары сакталбай, 4 кызматкерге жалпы суммасы **253,7 миң** сомдук иштен кетүү жөлөк пулу негизсиз төлөнүп берилген. Анткени, 4 кызматкерге жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органы жоюлгандыгына, кайра уюштурулгандыгына же штатынын кыскартылгандыгына байланыштуу бошотууда башка жумуш сунуш кылынган, 15.03.2024-жылы жумуштан бошотулуп ошол элде күнү келишимдин негизинде жумушка кайра кабыл алынып иштей баштаган **(Классификатор коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**8. Ош шаарынын мэриясынын Алымбек-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы А.Зундуев, башкы эсепчиси С.Жунусова) **аудит мамлекеттик инспектор Т. Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1 параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылбай, "Ош шаарынын мэриясынын Алымбек-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы" мекемеси тарабынан 3111 беренеси боюнча жалпы суммасы **4022,9 миң сомдук** 4 объект боюнча аткарылган жумуштар "Ош шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчик башкармалыгы" мекемесинин балансына коюлбай жүргөндүгү аныкталды. Аудит учурунда балансқа алынды **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1 параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарууга алынсын.

**9. Ош шаарынын мэриясынын Сулайман-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы М.Илиязов., башкы эсепчи А.Шамшиева) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылбай, Сулайман-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгынын 2022-жылы бүткөрүлгөн С.Касымов көчөсүнүн баасы 3234,6 миң сомдук жана Маидова көчөсүнүн 1406,0 миң сомдук, жалпы **4640,6** миң сомдук жолдору капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, негизги каражаттар жана курулмалар Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик ишканасынын балансына өткөрүлүп берилбегендиги аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү

боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**4640,6 миң сомдук** курулмалар "Ош шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчик башкармалыгы" мекемесинин балансына кириштелсин.

**10. Ош шаарынын мэриясынын Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы А.С.Багышов, башкы эсепчи Р.Н.Кебекбаева) аудит мамлекеттик инспектор Э.Караев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду 1.** Эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө, эсептелишине жана төлөнүшүнө, аудит жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 2.1-пунктунун 1-тиркемесиндеги 6-бөлүмүндө белгиленген талаптары сакталбастан, эселөө коэффициентти анык эсептелиши 1 кварталдык комитеттин төрагасы үчүн 7040*2,06=14502,40 болуш керек болсо, эсептелгени 7040*2,70=19008 болуп, 2024-жылы 16 кварталдык комитеттин төрагаларына эмгек акысына, эмгек өргүүсүнүн жана 13-эмгек акысынын эсептелинишине жалпысынан 1078,0 миң сом ашыкча негизсиз чегерилип төлөнгөн, социалдык төлөмдөрү (17,25%) 161,1 миң сом болуп, жалпы **1239,1 миң сом** ашыкча төлөнгөн **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 2.1-пунктунун 1-тиркемесиндеги 6-бөлүмүндө белгиленген талаптарын бузуп, ашыкча төлөмдөргө жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары сакталбастан, 2024-жылдын аягына **12,3 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардан *(чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан)* нормативден ашыкча запастары калгандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 2.** Башкармалыктын жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 Токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын. Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган **12,3 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардан (чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан) нормативден ашыкча запастары кийинки жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы менен "Анаш и Ко" ЖЧКсы ортосунда түзүлгөн келишимдеги Ош

шаарындагы Г.Айтиев көчөсүндө жайгашкан 78а, 78б жана 78в дарегиндеги турак-жайдын фасадын жана кире беришин ондоо жумуштарынын аткаруу мөөнөтү сакталбаган жана 11.1-пунктуна ылайык максималдуу чегерилүүчү сумма үчүн тариф (келишимде көрсөтүлгөн баадан) 5,0% (1049114,10*5,0%=52455,71 сом) айып **52,5 миң сом** “Анаш и Ко” ЖЧКсынын эсебинен эсептелинип, кармалбагандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 210202).**

**Сунуштама 3.** Подряддык келишимдин шарттарынын аткарылышын көзөмөлдөөгү жоопту тиешелүү кызматкерге карата чаралар көрүлсүн.

“Анаш и Ко” ЖЧК ишканасынан **52,5 миң сомдук айып аул** акча каражаты өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 7-главасы 3-параграфы 304-пунктунун талаптары сакталбаган. Тактап айтканда, 2024-жылдын 23-декабрындагы №162 төлөө тапшырмасы аркылуу А.Жыргалбек кызынын жоопкерчилигине берилген 5,0 миң сом акча каражатына бүгүнкү күнгө чейин авансык отчету тапшырылбаган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор коду 230402).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасы 3-параграфы 304-пунктунун талаптары сакталсын, жоопкерчиликке берилген **5,0 миң сом** акча каражаты жооптуу кызматкерден өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**11. Ош шаарынын мэриясынын “Манас ата” муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы Ж.Т.Чолпонбаев., башкы эсепчи Г.А.Алибоева) **аудит мамлекеттик инспектор М.Доронбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен Ош шаарынын мэриясынын “Манас ата” муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык келгендиги аныкталды.

**12. Ош шаарынын мэриясынын “Жибек-Жолу” муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Н.Каримов., башкы эсепчиси Р.Адилжанова) **аудит мамлекеттик инспекторлор Р.А.Маткаримов жана М.К.Маманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** “Жибек-Жолу” муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан 2024-жылдын 13-декабрындагы №24 келишимдин негизинде 2024-жылдын 13-декабрында №169 төлөө табыштамасы менен жеке ишкер Базарбаев Одил Хамидовичтин эсебине оргтехникаларды тейлөө жана кызмат көрсөтүү үчүн 97,2 миң сом которулган. Аудиттин жүрүшүндө жеке ишкер Базарбаев Одил Хамидович **70,0** миң сомго оргтехникаларды тейлеп кызмат көрсөтпөгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 1.** 2024-жылдын 13-декабрындагы №24 келишимдин негизинде жеке ишкер Базарбаев Одил Хамидович тарабынан 70,0 миң сомдук

оргтехникаларды тейлөө жана кызмат көрсөтүү иштери аткарылбагандыгына байланыштуу аталган сумма бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын башчысы М.Х.Матмусаев менен ошол аймактын жашоочусу Султанов Нурулло Бахадировичтин ортосунда 02KG202RNO мамлекеттик номерлүү LEXUS GX 470 автомашинасын ижарага алуу үчүн 2024-жылдын 21-августунда №24 келишими түзүлгөн. Бирок, жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жана Султанов Нурулло Бахадировичтин жазган түшүнүк катынын негизинде жогорудагы көрсөтүлгөн автомашинаны Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын башчысы М.Х.Матмусаев колдонбогондугу аныкталды.

Мекеменин башчысы М.Х.Матмусаев 10.06.2024-жылдан тартып 2024-жылдын аягына чейин күйүүчү май (Бензин АИ-95 маркасындагы) үчүн 755 литр 56,6 миң сомдук бухгалтериядан талон алган жана 2025-жылдын январь-август айларында күйүүчү май (Бензин АИ-95 маркасындагы) үчүн 1314 литр 95,5 миң сомдук бухгалтериядан талон алган, бирок 2024-жылдын июнь айынан тартып 2025-жылдын август айына чейин күйүүчү май жумшалгандыгы боюнча эч кандай жол баракчалары тапшырылган эмес жана эсептен чыгаруу актысы түзүлгөн эмес. Жыйынтыгында, 2024-2025-жылдары мекеменин башчысы М.Х.Матмусаев тарабынан жалпысынан **152,1 миң сомдук** бюджеттик каражаттарды тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарууга жол берилген. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310106).**

**Сунуштама 2.** 2024-2025-жылдары мекеменин башчысы М.Х.Матмусаев тарабынан тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган **152,1 миң сом** бюджеттик каражаттарды бюджетке кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан 2024-жылдын 28-августундагы №27 келишимдин негизинде муниципалдык башкармалыктын имаратын кезектеги оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн 2024-жылдын 3-сентябрында №105 төлөө табыштамасы менен “Сапат Профи” жоопкерчилиги чектелген коомуна **99,9 миң сом** которгон. Аудиттин жүрушүндө башкармалыктын имаратын кезектеги оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 3.** Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 28-августундагы №27 келишимдин негиизинде муниципалдык башкармалыктын имаратында кезектеги оңдоп-түзөө иштери аткарылбагандыгына байланыштуу “Сапат Профи” ЖЧКсы тарабынан **99,9 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.**

**1.**Ош шаардык мэриясынын 04.11.2024-жылдагы №602-Б буйругу жана Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №24 токтому менен бекитилген жобонун 3-пунктунун талаптарын сактабастан, жашоочулардын салымы атайын эсепке 4167,6 миң сом төлөнбөй туруп жергиликтүү бюджеттен Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгына Орозбеков, Шолокова жана №190 көчөлөрүнө жаратылыш газынынын түтүктөрүн тартууга 2190,0 миң сом, №177 көчөсүнө 1977,6 миң сом, жалпысынан **4167,6 миң сом** акча каражаты туура эмес бөлүнүп берилгендиги аныкталды.

**2.** Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгы, Тажибаева Халима Абдулхамитовна (жашоочулардын салымы жыйноого жооптуу) тарабынан Орозбеков, Шолокова жана №177, №190 көчөлөрүнө жаратылыш газынынын түтүктөрүн тартуу иштеринине жашоочулардан 2022-2024-жылдар аралыгында 5837,9 миң сом чогултуп, жашоочулардан чогулган акчага 4513,6 миң сомго

курулуш материалдарын сатып алып жана 1258,4 миң сом газ түтүктөрүн тартуу жумуштары үчүн Д. Садиковго төлөгөнүнө карабастан, “Комфорт-Кидж” ЖЧКсы 2024-жылдын 27-декбрында №42 келишимдин негизинде 8234,9 миң сомго аткарбаган иштерине жумуштардын актысын түзүп, “Комфорт-Кидж” ЖЧКсына 8234,9 миң сомду которуп бергендиги аныкталды. Анын ичинде 2024-жылдын 30-декабрында жергиликтүү бюджеттен 4067,3 миң сом, атайын эсептен (жашоочулардын салымы) 1500,0 миң сом, атайын эсептен (жашоочулардын салымы) 2025-жылдын 13-мартында 1870,0 миң сом, 2025-жылдын 31-мартында 797,6 миң сом.

**3.** Жүргүзүлгөн аудитин жыйынтыгында “Комфорт-Кидж” ЖЧКсынын эсебине Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан которулган 5567,3 миң сомдон 1500,0 миң сомун «Комфорт-Кидж” ЖЧКсынын жетекчиси Д.Турсуновдон мекеменин адиси М.Закиров алып, Тажибаева Халима Абдулхамитовна аркылуу Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын атайын эсебине төгүлгөндүгү жана **4067,3 миң сом** негизсиз пайдаланылгандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 4.** Ош шаардык мэриясы, Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №24 токтому менен бекитилген “Жергиликтүү бюджеттен долбоорлорду иш-чараларды аткарууга үлүштүк каржылоо үчүн бөлүнүүчү каражаттарды бөлүү тартиби жөнүндөгү” жобонун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. **4067,3 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ош шаарынын мэриясынын Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгы менен «Кух и Лал» жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгына караштуу Жумабаев, Жалал-Абад, Москва, Культурная, Гагарин көчөлөрүндөгү жеке турак жайлардын канализациясын 3409,4 миң сомдук (элдик салым **1870,0 миң сом**, өздүк салым **1539,4 миң сом**) оңдоп түзөө иштерине 2024-жылдын 17-октябрында №34 келишим түзүлгөн. Аткарылган иштин актысын Ош шаарынын мэриясынын Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын технадзору Аматкулов А., жана " Кух и Лал" ЖЧКсынын мүдүрү Таштанов И.А. тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Аудиттин жүрүшүндө, аткарылган иштин көлөмүн аныктоо максатында “Буйрутмачынын” өкүлдөрүнүн катышуусунда аткарылган жумуштарга контролдук өлчөө, тактоо иштери жүргүзүлдү. 3409,4 миң сомго келишим түзүлгөн, 2024-жылга 1870,0 миң сомго төлөмдөр жүргүзүлгөн, контролдук өлчөөлөрдүн жыйынтыгында 2024-жылга 1899,9 миң сомго аткарылган иштин актысы тапшырылган. Келишимде каралган жумуштардан «Кух и Лал» ЖЧКсы тарабынан подряддык келишимдеги иштер толук аткарылган эмес, жыйынтыгында **31,9 миң сомдук** аткарылбаган иштерге төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама 5.** Жалпы **31,9 миң сомдук** аткарылбаган жумуштардын суммасы “Подрядчы” «Кух и Лал» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын. Кемчилдиктерге жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын “Жибек-Жолу” муниципалдык аймактык башкармалыгында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- “Жибек-Жолу” муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан 2024-жылдын 13-декабрындагы №24 келишимдин негизинде 2024-жылдын 13-декабрында №169 төлөө табыштамасы менен жеке ишкер Базарбаев Одил Хамидовичтин эсебине оргтехникаларды тейлөө жана кызмат көрсөтүү үчүн

которулган **97,2 миң сом** акча каражатына, жеке ишкер тарабынан кызмат көрсөтүлбөгөндүгү боюнча жоопту кызмат адамдарынын аракетине;

- Ош шаарынын мэриясынын Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын жоопту кызмат адамдары тарабынан күйүүчү майды сарптоодо **152,1 миң сомдук** бюджеттик жоготууга жол бергендигине;

- Ош шаарынын мэриясынын Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгынын имаратын кезектеги ондоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн "Сапат Профи" жоопкерчилиги чектелген коомуна **99,9 миң сом** акча каражатын которуп, бирок кезектеги ондоп түзөө иштери жүргүзүлбөгөндүгү боюнча, муниципалдык аймактык башкармалыгынын жоопту кызмат адамдарынын иш-аракетине:

- "Ош шаарынын мэриясынын Жибек-Жолу муниципалдык аймактык башкармалыгы" менен "Комфорт Киджи" жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда 2024-жылдын 27-декабрында №42 Шолокова, Орозбекова, №177, №190, №189, №184, №187, №349 көчөлөрүнүн турак жайларын газдаштыруу боюнча **8234,9 миң сомго** келишим түзүүдө жана келишим боюнча жумуштарды аткаруудагы мыйзамсыз аракеттерге жол берген жоопту кызмат адамдарына **укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 2025-жылдын 25-сентябрындагы №01-3/332 чыгыш каты менен Ош шаарынын Ички иштер башкармалыгына** жиберилди.

**13. Ош шаарынын мэриясынын Курманжан-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы С.Зарипбек уулу, башкы эсепчи А.Мурзамамитова) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана кортунду 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, § 1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарылбастан, "Ош шаарсууканал" муниципиалдык ишканасы тарабынан 2024-жылы "Ош шаарынын мэриясынын Курманжан-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы" мекемесинин башкаруусуна өткөрүп берилген жалпы суммасы **450,8** миң сомдук суу насосу (жабдуулары менен) мекеменин балансына да жана "Ош шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчик башкармалыгы" мекемесинин балансына коюлбай жүргөндүгү аныкталды. Аудит учурунда балanска алынды **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга, б.а. негизги каражаттардын балanска алынбай калуусуна жол берген жоопту кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**14. Ош шаарынын мэриясынын Төлөйкөн айылдык аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы М.Орозбаев., башкы эсепчи Ж.Эгембердиев) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Төлөйкөн айылдык аймактык башкармалыктын кызматкерлерине иштен кетүү боюнча жөлөк пулдарды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 87-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат

жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин талаптары сакталбай, жалпы **357,9 миң сом** негизсиз компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө жол берилгендиги аныкталды **(Классификатор коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Эмгек акы жана иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**15. Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгына** аудит жүргүзүлгөн жок, анткени мекеме жоюлган.

**16. "Ош шаардык муниципалдык автоунаа" мекемеси боюнча** (директору Н.Исмаилов, башкы эсепчи З.Мамажанова) **аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** «Ош шаардык муниципалдык автоунаа мекемеси» муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын 17-декабрындагы №66 буйругунун негизинде, ишкананын балансында турган негизги каражаттарды жана мүлктүк материалдык запастарды инвентаризациялоо максатында комиссия түзүлүп инвентаризация жүргүзүлдү. Жыйынтыгында запасттык тетиктерден **16,4** миң сомдук жана майлоочу жана күйүүчү майдан **17,7** миң сомдук, жалпысынан **34,1 миң сомдук** жетишпестик аныкталды. Аудит мезгилинде 34,1 миң сомдук жетишпестик № 2256; №2249; №2250 кассалык киреше ордерлери менен жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен өндүрүлдү **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3 -пунктунун талаптарын бузууга, жетишпестиктерге жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаардык муниципалдык автоунаа мекемесинин кызматкерлерине командировкалык чыгымдарды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү» токтому менен бекитилген ченемдерден ашыкча **40,5** миң сом төлөнгөндүгү аныкталды. Ордуна 27,0 миң сом коюлду **(Классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин. Иш сапар чыгымдарынан өндүрулбөй калган **13,5 миң сом** тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке өндүрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ош шаардык муниципалдык автоунаа мекемеси 2023-2024-жылдарды зыян менен аяктагандына жана мекеменин кирешеси жетпей 2024-жылы 62300,0 миң сом субсидия алгандыгына карабастан, 2024-жылда мекеме кызматкерлерине **130,0 миң сом** сый акы негизсиз берилген. Ош шаардык

муниципалдык автоунаа мекемесинин Жобосунда, мекеме пайда менен чыкса, резерв фонддору түзүлүп, пайда бирдей көлөмдө бөлүнүүсү каралган **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 3.** Кызматкерлерге сый акы төлөөдө ишкананын ички жобосунун талаптарын бузууга жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**17. "Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасы боюнча** (жетекчиси Шоноев Ж.К., башкы эсепчиси Нурматова Г.Н.) **аудит мамлекеттик инспектор Орунбаев А.Ж. тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын жолдор муниципалдык ишканасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин" 6-главасынын 1-параграфынын 49-пунктунда каралбаган жумуш орундарына зыяндуулук үчүн үстөк акы каралып, 2024-жылы 12-кызматкердин эмгек акыларына 10% зыяндуулук үчүн **339,8 миң сом** эсептелип төлөнгөндүгү аныкталды **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "**Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин" 6-главасынын 1-параграфынын 49-пунктунда** каралбаган жумуш орундарына зыяндуулук үчүн негизсиз 339,8 миң сом үстөк акы төлөөгө жол берген жооптуу кызматкерге мыйзам чегинде чаралар белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген "Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө" Эрежесинин 3-пунктунун талаптары сакталбай, белгиленген ченемден ашыкча **220,0** миң сом сарптоолорго жол берилген. Ашыкча чыгымдалган **220,0** миң сом тийиштүү кызматкерлер тарабынан 2025-жылдын 16-декабрындагы №305200089 банкттык дүмүрчөктөр аркылуу мекеменин эсебине төгүлүп калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 2.** Мекемеде күйүүчү жана майлоочу каражаттарга чыгым жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Траснспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 "Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө" Эрежесинин 3-пунктунда белгиленген ченемден ашыкча 220,0 миң сомдук сарптоолорго жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө" токтомунун 2.1, 10.4- пункттарынын талаптары сакталбастан, электр энергиясын пайдаланууда 21,8 миң кВт/саат суммасы **106,0 миң сом** ашыкча чыгымдоолорго жол берилген **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 3.** Ош шаарынын жолдор муниципалдык ишканасы тарабынан энергия ресурстарын жана бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдаланылсын. Белгиленген лимиттен ашыкча чыгымдоолорго жол берген мекеменин жооптуу кызматкерлерине мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн **(Классификатор коду 230305).**

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталбастан, 2024-жылдын аягына жалпысынан **1114,7 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын, анын ичинен: **271,4 миң сомдук** күйүүчү-майлоочу майдын, **182,0 миң сомдук** чарбалык материалдардын, **661,3 миң сомдук** чийки заттар жана материалдардын нормативден ашыкча запастары калган жана кийинки жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө эсепке алынган эмес **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 4.** Товардык-материалдык баалуулуктар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык эсепке алынсын жана **1114,7 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары 2026-жылдын бюджетинен кыскартылсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттары аткарылбастан, активдерди жана финансылык милдеттенмелерди инвентаризациялоодо жалпысынан **46,0 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталды. Аудит учурунда мүлктүн азыркы рыноктук баасы менен эсептелип, тийиштүү кызматкерлер тарабынан **56,0** миң сом 2025-жылдын 16-декабрындагы №305200087 банкттык дүмүрчөктөр аркылуу мекеменин банкттык эсебине төгүлүп калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптарын бузууга, б.а. товадык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигине жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 6.** Аудиттин жүрүшүндө түзүлгөн келишимдердин аткарылышы, тапшырылган счет фактуралар, туумдар, иштин аяктагандыгы жана кабыл алынган туралуу актылары, ошондой эле төлөмдөрү боюнча текшерүү жүргүзүлүп, 8 жоопкерчилиги чектелген коому (подрядчылар) тарабынан алынган акча-каражатка ээлик кылып өз мөнөтүндө обьектилерди аяктап жана актыларын тапшырбагандыгынын эсебинен **38814,4** миң сомдук дебитордук карыз пайда болууга жол берилген. Дебитордук карыздар бухгалтердик эсепке алынган эмес. Ошондой эле, иш-аткаруучу (подрядчы) тараптар обьектилерди көрсөтүлгөн мөөнөттөн өтүп тапшырбай жүргөн үчүн жана мекеменин тийиштүү кызматкерлери тарабынан өз учурунда талап болбогондуктан, түзүлгөн келишимдердин 5.6.-пункттары бузулган жана ар бир кечиктирилген күнүнө 0,1% туум **1556,6 миң сом** эсептелинди. Жыйынтыгында мекеме тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти

жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобонун 5-главасы §2 Кирешелерди жана чыгымдарды эсепке алуунун принциптери, 7-главасы §3 Финансылык активдерди эсепке алуу принциптери жана, юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуунун принциптеринин 316-пункту жана келишимдеги 5.6 пункттары аткарууга алынган эмес. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 6.** Мекеме уюмдар менен эсептешүүдө аванстык алдын ала төлөөлөргө жол берилбесин жана иш-аткаруучулар (подрядчылар) тарабынан ээлик кылып алынган акча-каражаттарды же **38814,4 миң сомдук** дебитордук карызды жана **1556,6 миң сом туумду** мекеме тарабынан өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн. Ал эми мекеменин каржы бузууга жол берген жоопту кызматкерлерине тийиштүү тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 7.** «Имарат АКДБ» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан жалпысынан болуп 62338,7 миң сомго аткарылган иштер боюнча акты ташырылган болсо , ал эми «Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасы тарабынан 67745,5 миң сом которулуп берилген, жыйынтыгында 5406,7 миң сомго алдын ала которуулар аныкталган. Ал эми «Имарат АКДБ» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан алынган акча каражатка ээлик кылып алган. Аткарылган жумуштар өз мөөнөтүндө тапшырылбай, ошондой эле мамлекеттик комиссия тарабынан бүгүнкү күнгө чейин кабыл алынган эмес. Жыйынтыгында 416,1 миң сом туум өндүрүлүүгө жана 5406,7 миң сомдук жумуштарды аягына чыгарып иш-кагаздарын аткарууга тийиш.

**Аныкталды жана корутунду 8.** “Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасы” менен “Спутник Строй” жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда 2023-жылдын 20-октябрында түзүлгөн №205 келишимдин негизинде «Ленин, Загородный, Касымбеков көчөлөрүн асфальттоо» боюнча аудит жүргүзүүдө төмөнкүлөр аныкталды:

“Спутник Строй” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан жалпысынан болуп 32509,9 миң сомго аткарылган иштер боюнча акты тапшырылган болсо, ал эми «Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасы тарабынан 46700,0 миң сом которулуп берилген. Жыйынтыгында 14190,1 миң сомго алдын ала которууларга жол берилген.Ал эми «Спутник Строй жоопкерчилиги» чектелген коому алынган акча каражатка ээлик кылып алган. Аткарылган жумуштар өз мөөнөтүндө тапшырылбай, ошондой эле мамлекеттик комиссия тарабынан бүгүнкү күнгө чейин кабыл алынган эмес.Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын жетекчилиги жагынан жогоруда көрсөтүлгөн 14190,1 миң сом боюнча жана, 929,1 миң сом туумду өндүрүү боюнча укук коргоо органдарына кайрылган эмес. Жыйынтыгында жогоруда көрсөтүлгөн **929,1 миң сом** туум өндүрүлүүгө, ал эми 14190,1 миң сомдук жумуштарды аягына чыгарылып, иш-кагаздары тапшырылууга тийиш.

**Аныкталды жана корутунду 9.** «Зиккурат» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан жалпысынан болуп 1986,8 миң сомго аткарылган иштер боюнча акты тапшырылган болсо, ал эми «Ош шаардык жолдор» муниципалдык ишканасы тарабынан 2500,0 миң сом которулуп берилген. Жыйынтыгында 513,1 миң сомго ашыкча которууларга жол берилген. Ал эми «Зиккурат» жоопкерчилиги чектелген коому бүгүнкү күнгө чейин аткарылган жумуштарын толук кандуу мекемеге өткөрүп берген эместиги аныкталды.

**Эскертүү: “Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:**

- Аткарылбаган жумуштар үчүн 5406,7 миң сомдук бюджеттик каражаттарды «Имарат АКДБ» жоопкерчилиги чектелген коомуна которгон Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракеттерине жана «Имарат АКДБ» жоопкерчилиги чектелген коомунун келишимде көрсөтүлгөн жумуштардан **5406,7 миң сомдук** жумуштарды аткарбагандыгына;

- Аткарылбаган жумуштар үчүн 14190,1 миң сомдук бюджеттик каражаттарды «Спутник Строй» жоопкерчилиги чектелген коомуна которгон Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракеттерине жана «Спутник Строй» жоопкерчилиги чектелген коомунун келишимде көрсөтүлгөн жумуштардан **14190,1 миң сомдук** жумуштарды аткарбагандыгына;

- Аткарылбаган жумуштар үчүн 513,1 миң сомдук бюджеттик каражаттарды «Зиккурат» жоопкерчилиги чектелген коомуна которгон Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын жооптуу кызмат адамдарынын иш-аракеттерине жана «Зиккурат» жоопкерчилиги чектелген коомунун келишимде көрсөтүлгөн жумуштардан **513,1 миң сомдук** жумуштарды аткарбагандыгына **укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 2025-жылдын 17-декабрындагы №01-3/482 чыгыш каты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына жиберилди.**

**18. "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы боюнча** (башчысы Ж.Ж.Көчкөнов, башкы эсепчиси К.К.Торогелдиева) **аудит мамлекеттик инспектор К.А.Кочкоров тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 3,4- пункттарынын талаптары бузулуп, ишкананын 3 кызматкерине аванс катары берилген **61,9 миң сом,** жылдын аягына мекеменин балансында аталган кызматкерлердин эсебине дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410215).**

**Сунуштама 1.** Бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун талаптарын бузган кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилиги берилсин. Эсептен жашырылган **61,9 миң сом** дебитордук карыз бухгалтердик эсепке алынып, ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы абоненттер (калк) менен таштанды ташып чыгаруу үчүн көрсөтүлгөн кызматтар боюнча келишимдерди түзбөгөндүгүнүн эсебинен 2025-жылдын 1-январына карата **16 452,6 миң сомдук** дебитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама 2.** Абоненттер менен таштанды ташып чыгаруу үчүн көрсөтүлгөн кызматтар боюнча келишимдер түзүлсүн. Ишкананын жетекчилиги тарабынан **16 452,6 миң сом** дебитордук карыздарды өз мөөнөтүндө өндүрүү, абоненттердин санын так жана толук эсебин жүргүзүү боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык

отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2,3- пункттарынын талаптары бузулуп, "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасында пайдаланылган запастык бөлүктөрдүн 13296 кг. темир калдыктары бухгалтердик эсепке кириштелбегени аныкталды. Аудит учурунда 2025-жылдын 25-ноябрындагы №29 келишимдин негизинде 13296 кг. темир калдыктары **132,9 мин сомго** сатылып, ишкананын эсептик счётуна 2025-жылдын 9-декабрындагы №366400003 банктык дүмүрчөгү аркылуу ордуна коюлду **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга жол берген жоoптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасынын кампасындагы запастык бөлүктөрдүн калдыктарынын санын эсептеген мезгилинде, атайын техникаларга коюлуучу 10,00R20KAMA-310 тибиндеги жалпы баасы **57,9 мин сомдук** 4 даана дөңгөлөктүн жетишпестиги аныкталды.

Аудит мезгилинде, тиешелүү комиссия тарабынан жетишпестик боюнча акты түзүлүп, кампачы А.Ш.Атабаев тарабынан, ишкананын эсептик счётуна 2025-жылдын 9-декабрындагы №366400001 банктык дүмүрчөгү аркылуу 57,9 миң сом которулуп ордуна коюлду **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга, жетишпестиктерге жол берген жоoптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**19. Ош шаарынын мэриясынын “Санарип Ош” муниципиалдык ишканасы боюнча** (Ош шаарынын мэриясынын “Санарип Ош” муниципиалдык ишканасынын директору И.Субанкулов., башкы эсепчи Э.Жолдошов) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен Ош шаарынын мэриясынын “Санарип Ош” муниципиалдык ишканасынын 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык келгендиги аныкталды.

**20. «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасы боюнча** (директору А.Советбек уулу, башкы эсепчиси А.Абылкасымов) **аудит мамлекеттик инспектор Р.Маткаримов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2024-жыл ичинде тооруктарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 22-беренесинин 6-пунктуна ылайык, жеңүүчү тооруктан негизсиз баш тартканда 2%дык кепилдикти камсыз кылууну берүүнү мекеме өзүнүн депозиттик эсебинде алып калбастан, 42,3 миң сомду берүүчүлөрдүн өздүк эсебине кайтарып беришкен.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуп, бюджетке 42,3 миң сомдук зыян келтирүүгө жол берген жоопту кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталбастан, 2024-жылдын аягында **3323,2** миң сомдук товардык материалдык баалуулуктардан (чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан) нормативден ашыкча запастары калган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 2.** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузууга жол берилбесин. **3323,2 миң сомдук** чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардын нормативден ашыкча запастары 2026-жылдын жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Күйүүчү майлардын чыгым нормалары ар бир унаа түрлөрү боюнча Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген "Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө" Эрежесинин 3-пунктунун жана Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинатында 2022-жылдын 6-майында мекемеде атайын жана башка техникалардын күйүүчү майларды чыгымдарын эсептөөчү приборлорунун иштебегендигине байланыштуу, мекеменин 10 адисинен турган комиссия техникалардын ар бир 100 чакырымга жана техникаларда орнотулган жабдууларга (оборудование) ар бир саатына кеткен күйүүчү майлардын чыгымдарын эсептөө актысынын негизинде иш алып барылбастан, жалпысынан **2166,2** миң сомдук нормадан ашыкча күйүүчү майлардын сарпталгандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген "Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө" Эрежесинин 3-пунктунун талаптары аткарууга алынсын жана күйүүчү май үчүн нормадан ашыкча сарпталган **2166,2 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**Эскертүү: 2166,2 миң сомдук** нормадан ашыкча чыгымдарга жол берген "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасынын жоопту кызмат адамдарынын иш-аракеттерине укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары 2025-жылдын 15-декабрындагы №01-3/463 чыгыш каты менен **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына жиберилди.**

**Аныкталды жана корутунду 4.** Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинатында ишкананын административдик башкаруу кызматкерлерине

эмгек акы төлөөдө, административдик башкаруу кызматкерлери мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар болбогондугуна карабастан, Кыргыз Республикасынын президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктунун 4(г)-пунктчасына таянып иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн деп 10% өлчөмүндө **759,2 миң сом** туура эмес кошумча эмгек акы төлөнүп берилген **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 4.** Мекеменин АУП бөлүмүнүн кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын 3-пунктунун 4 (г)- пунктчасына таянып төлөнүп берилген 10% төлөм токтотулсун жана жалпы төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун негизинде жүргүзүлсүн. Мыйзам бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**21. “Ошсвет” муниципалдык ишканасы боюнча** (директору М.Эндешов, башкы эсепчиси Г.Мамаюсупова) **аудит мамлекеттик инспектор К.Рахманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталбастан, 2024-жылдын аягында **638,4** миң сомдук товардык материалдык баалуулуктардан (чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан) нормативден ашыкча запастары калган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 1:** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталсын.

**638,4 миң сомдук** чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардын нормативден ашыкча запастары 2026-жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** “Ошсвет” муниципалдык ишканасында аудит мезгилинде терип карoo жолу менен товардык-материалдык баалуuктарды эсептегенде, чарбалык товарлардан **16,2** миң сомдук жана күйүүчү майдан **3,4** миң сомдук, жалпысынан **19,6 миң сомдук** жетишпестик аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2-пунктунун

талаптарын бузууга, товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигине жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**19,6 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилигинен бюджетке өндүрүлсүн.

**22. Ош шаардык мэриясынын алдындагы "Жарандарды тейлөө бюросу" ишканасы боюнча** (жетекчиси Б.Тынаров., башкы эсепчиси А.Усупбаева) **аудит мамлекеттик инспектор Д.Ыдырысов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин 7-пунктунун талаптары бузулуп, ишканада бир бирдикте башкы адис жана ошол эле учурда 0,5 бирдикте кампачы болуп эмгектенген кызматкерге иштеген жылдарына жалпысынан 12,0 миң сом, кошумча төлөмдөргө 26,1 миң сом, киреше салыгына 10,6 миң сом, социалдык төлөмгө 11,8 миң сом төлөмдөр жүргүзүлүп, жалпысынан **38,1 миң сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлбайт **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды материалдык жүйөлөштүрүү жөнүндө талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптары бузулуп, аффилирленген жак **болуп эсептелген** башкы эсепчи М.Сейитов өз эсеп счетуна **7,0 миң сом** акча каражатын бюджеттик милдеттеме аркылуу, же тактап айтканда келишим түзүү, кызмат же товар алуу үчүн акча каражатын ВС №485817733 бюджеттик милдеттеме аркылуу которуп алгандыгы аныкталды. Бюджетке өндүрүлгөн жок **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузууга жол берген башкы эсепчиге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн жана **7,0 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**23. Ош шаарындагы "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасы боюнча** (жетекчиси Ж.Абдилаким уулу, башкы эсепчи Г.Хакимова) **аудит мамлекеттик инспектор А.А.Кармышева тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптары сакталбастан, "Жоопкерлер менен болгон аласа жана бересе карыздар" эсеби боюнча ишкананын жабдуучу кызматчысы А.Мадумаровго жоопкерчиликке берилген суммадан **9,4 миң сомго** тастыктоочу документтер тапшырылган эместиги аныкталды. Аудит учурунда 9,4 миң сом тийиштүү жоопкерден өндүрүлүп, 2025-жылдын 27-ноябрындагы № 365800054 банктык квитанция менен тиешелүү бюджетке төгүлүп, калыбына келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Негизги жана айланма каражаттардын сакталышына жана пайдаланылышына жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында ишкананын кампасынан авариялык бөлүмүнүн башчысы К.Карабаевдин жоопкерчилигиндеги курулуш материалдарынан **8,6** миң сомдук, Сол жээк бөлүмүнүн башчысы Ы. Эркин уулунун жоопкерчилигиндеги курулуш материалдарынан **7,5** миң сомдук, кампачы А. Абдуллаевдин жоопкерчилигиндеги курулуш материалдарынан **4,5** миң сомдук, жалпы **20,6 мин сомдук** жетишпестик аныкталды.

Аудит учурунда 2025-жылдын 27-ноябрында №365800050, 365800046 365800052 дүмүрчөктөр аркылуу жалпы 20,6 миң сом тиешелүү бюджетке төгүлүп калыбына келтирилди **(Классификатор коду 310105).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3- пункттарынын талаптарын бузууга, жетишпестиктерге жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ишканада аткарылган иштердин негизинде эсептелген сатуудан түшкөн салык 427,7 миң сом болсо, бюджетке которулганы 400,8 миң сомду түзүп, **26,9 миң сомго** аз которулгандыгы аныкталды. 2025-жылдын 28-ноябрындагы № 271 төлөө тапшырмасы менен тийиштүү бюджетке которулду. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 7-беренесине ылайык, ар бир салык төлөөчү салык мыйзамдарында белгиленген тартипте салыктарды төлөөгө милдеттүү **(Классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 7-беренесинин талаптарын бузуу менен сатуудан түшкөн салыкты аз которууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги каралсын.

**24. Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасы боюнча** (директору Д.Кокочоров., башкы эсепчи Н.Карабеков) **аудит мамлекеттик инспектор М.Дооронбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасынын негизги каражаттарын инвентаризацияга алууда **1301,6 миң сомго** ашыкча чыгуулар аныкталды. Аудит учурунда финансылык ички эсептөө баракчалары (накладная) такталып, ордуна келтирилди **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга, же

1301,6 мин сомдук негизги каражаттардын ашыкча чыгуусуна жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген талаптар сакталбастан, белгиленген ченемдерден ашыкча **34,1 миң сомдук** күйүүчү майлоочу май эсептен чыгарылган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген ченемден ашыкча күйүүчү майды чыгымдоого жол берилбесин.

**34,1** миң сомдук ченемден ашыкча чыгымдалган күйүүчү май тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2,3 пункттарынын талаптарын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, Т.Эшенов аттуу кызматкердин авансы отчетунда **20,0 миң сомго** керектүү буюмдарды сатып алуу үчүн акт жана тийиштүү документтери жок чыгымдалган. Ордуна коюлган жок (**Классификатор боюнча коду 230402).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилбесин. 20,0 миң сом акча каражаты тиешелүү кызматкердин эсебинен бюджетке өндүрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пунктунда белгиленген ченемден ашыкча 5 кызматкердин сапар чыгымдарына жалпы **29,5 миң сом** төлөнгөн. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

Иш сапардык чыгымдарга ашыкча төлөнгөн **29,5 миң сом** тиешелүү кызматкерлер тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**25. Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча** (башчысы Д.Маматалиев, башкы эсепчи Н.Калиева) **аудит мамлекеттик инспекторлор А.Токоев жана М.Пайздиллабеков тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Башкармалыктын балансында турган негизги жана айланма каражаттарга инвентаризация жүргүзүлүп, жыйынтыгында материалдык жоопкерлерден **14,0** миң сомдук тез керектен чыгуучу предметтердин жетишпестиги, күйүүчү майлоочу заттардан **25,8** миң сомдук жетишпестик жана 38,0 миң сомдук ашыкча кириштелбеген ноутбук аныкталды.

Аудит учурунда 14,0 миң сомдук тез керектен чыгуучу предметтердин жетишпестиги алып келинип ордуна коюлду, ал эми ашыкча кириштелбеген 38,0 миң сомдук ноутбук балансқа кайрадан кириштелди. Күйүүчү майлоочу заттардан 25,8 миң сомдук жетишпестик ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310104 жана 310105).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптарын бузууга, тактап айтканда негизги каражаттардын жетишпестигине жана ашыкча чыгуусуна жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн. Күйүүчү майлоочу заттардан аныкталган **25,8** миң сомдук жетишпестик, материалдык жоопкер жактын эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгынын балансында "Опель Астра" үлгүсүндөгү кызматтык автоунаа жараксыз абалда болгондуктан, жеке менчигиндеги автоунаалар менен келишимдер түзүлүп пайдаланып келишкен. 2024-жылы башкармалык тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандыгы үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун талаптары аткарылбастан, **71,4** миң сомдук күйүүчү май белгиленген ченемден ашыкча сарпталган **(Классификатор боюнча коду 230305).**

**Сунуштама 2.** Жеке менчиктеги автоунааларды кызматтык сапарларга жана башка кызматтык жумуштарга колдонууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен күйүүчү майларды белгиленген ченемден ашыкча сарптоолорго жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** 2024-жыл ичинде 0,7, 1,25, 1,5 ставкалык жүктөмдөрдө иштеген кызматкерлердин эмгек табелдерине жумуш сааттарын 4 саат жана 8 саат жүктөм менен коюлуп, эмгек акы төлөнүп келинген, б.а. табелдер тийиштүү түрдө толтурулбай, жумуш сааттар кем коюлуп келген. Атап айтканда, 0,7 ставкалык жүктөмгө – 6 саат, 1,25 – 10 саат, ал эми 1,5 ставкага -12 саат табелге коюлуш керек болчу. Аудит мезгилинде эсепчиге эмгек табелин жүргүзүүдө, ставкалык жүктөмгө жараша, так туура сааттарды коюп эмгек акы эсептөө боюнча милдеттендирилди. Ошондой эле башкармалыктын кызматкери А. Сагынбаева 1,5 ставкалык жүктөм менен 2024-жылдын 6-февралынан баштап эмгек өргүүгө 28 календардык күнгө эмгек өргүүгө, өргүүдөн кийин жумуштан кетүү шарты менен чыккан. Бирок, аталган кызматкер 2024-жылдын 28-февралдан тартып кайрадан жумушка кабыл алынган, жыйынтыгында 5 күнгө **12,5 миң сом** эмгек акы төлөнүп берилген. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары сакталбаган.

**Сунуштама 3.** Эмгек акыларды эсептөө боюнча түзүлүүчү табелдер, эмгек өргүүгө чыгууда жана кайра жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын

Эмгек Кодексинин (берене) жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун (пункту) талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын, 8-главанын 1-параграфынын талаптары бузулуп, жылдык «Баланс» отчетунда жылдын аягына **117,0** миң сомго дебитордук карыз төмөн көрсөтүлгөн, ошондой эле **2372,4** миң сомго кредитордук карыз да төмөн көрсөтүлүп келген, аталган карыздарды 2025-жылдын алты айлык отчет Ф №1 «Балanska» кириштөө жана калыбына келтирүү жагы эскертилди **(Классификатор боюнча коду 410215 жана 410216).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 7-главасынын 3-параграфынын, 8-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен баланстык отчетто дебитордук жана кредитордук карыздардын төмөн көрсөтүлүүсүнө жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

Курулуш жумуштар боюнча аныкталган 117,0 миң сомдук дебитордук жана 2372,4 миң сомдук кредитордук карыздар бухгалтердик эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Ош шаардык мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгынын 2023-2024-жылдар аралыгындагы жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 18 курулуш обьектисинде курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **38659,8 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, аудиттин жүрушүндө каржы бузуулар калыбына келтирилген жок **классификатор боюнча коду (230207).**

**Курулуш обьектилери боюнча:**

| К № | Подряддык ишкана | Обьектинин аталышы | Каржы бузуулар | Калыбына келтирилүүгө тийиш | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Бюджет | Мекеме |
| 1 | “Элхан-Ош” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3–7 насос станциясынын аймагында (Иминов көчөсү, МТУ №2 “Сулайман-Тоо”) насостук системага кошуу менен көлөмү 6000 м³ болгон 4 даана резервуарды куруу” | 845,6 | 845,6 | -- |
| 2 | “Сапат Курулуш ЛТД” ЖЧКсы | “Масалиев проспектиси менен Навои көчөсүнүн кесилишинде (МТУ №6 “Курманжан-Датка”) жер үстүндөгү жөө жүргүнчүлөр өтүүчү өтмөктү куруу” иштери | 578,8 | 578,8 | -- |
| 3 | “Авангард-Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №31 Курманжан Датка атындагы, Жапалак ТУС мектебине спорт залы бар 225 орундуу кошумча корпустун курулуш” иштери | 142,5 | 142,5 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | “СК Лидер” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3 Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгынын Ак-Тилек кичи районундагы 5-көчө, №18а дарегиндеги муниципалдык жер тилкеге 75 орундуу бала бакчанын курулуш” иштери | 4316,4 | 4316,4 | -- |
| 5 | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Салиев көчөсү, 19 дарегиндеги «Манас-Ата» МТУнун №27 «XXIV партсъезд» атындагы орто мектебинин аянтына кошумча 500 орундуу окуу корпусунун курулушу” иштери | 211,9 | 189,7 | 22,2 |
| 6 | “Универсал Компани ЛТД” ЖЧКсы | “Ош шаарынын С. Супаналиев 99/1 дарегиндеги А.С.Суюнбаев атындагы стадиондун трибунасын чатырын куруу” иштери.<br>Аудиттин жүрүшүндө аныкталган 4523,6 миң сомдук кошуп жазуулардын **3262,7 миң сому боюнча “Салык кызматына”** билдирүү берилди, калган бөлүгү 1260,9 миң сому бюджетке кайтаруга жатат | 4523,6 | 4523,6 | --- |
| 7 | “Юг Стройсервич” ААК | “Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы мектептин аймагына 700 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5342,7 | 5342,7 | -- |
| 8 | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Н.Байтемиров №1 көчөсүндө жайгашкан В.Терешкова атындагы мектеп-интернатынын 500 орундуу жатаканасынын курулуш” иштери | 328,8 | 328,8 | -- |
| 9 | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №2 «Сулайман-Тоо» муниципалдык аймактык башкармалыгынын Сай-Бою көчөсү №1 дарегинде жайгашкан курулушу бүтө элек имаратты реконструкциялоо, анын профилин күрөш залына өзгөртүү жана кошумча имарат куруу” иштери | 2936,5 | 2662,0 | 274,5 |
| 10 | “СК Оомат” | “Ош шаарынын Р.Моминова көчөсүнүн №152 дарегине курулуп жаткан 120 орундуу балдар бакчасына откана, балдар ойноочу аянтча, ажаткана, саркынды суу, таза суу, электр тармактарын , айланасын тосуу, 250 кВА КГТП, өрткө каршы калкан жана жашылдандыруу” иштери.<br>Аудиттин жүрүшүндө аныкталган 724,8 миң сомдук кошуп жазуулар “Подрядчы” «СК Оомат» ЖЧКсы тарабынан бюджетке ордуна коюлсун. **Ал эми жогоруда аталган 1720,9 миң сомдук “Бирдиктүү салык” төлөмү тактоо үчун Салык кызматына жиберилди** | 2445,7 | 2445,7 | -- |
| 11 | “Экспорт Плюс” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Ош көчөсүн Раимбекова көчөсүнөн Ж.Бабараимов көчөсүнө чейин асфальттоо” иштери | 1027,3 | 1027,3 | -- |
| 12 | “Амантур Строй Сервис” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №4 «Манас-Ата» муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Т.Турсунбаева көчөсүн темир жолду кесип өткөн жаңы ачылган жолдон И. Раззаков кең көчөсүнө чейинки аралыкты капиталдык оңдоп-түзөө жана кеңейтүү” иштери | 1171,0 | 1171,0 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №6 «Курманжан-Датка» муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Монуев көчөсүн Масалиев кең көчөсүнө чейинки аралыкты оңдоп-түзөө, ошондой эле Шакиров жана Алимжанов көчөлөрүнүн кесилишинде транспорттук чечилиш (транспортная развязка) куруу” иштери | 3814,9 | 3814,9 | -- |
| 14 | «Биримдик XXI-Кылым» ЖЧКсы | “Ош шаарынын ТС №12 «Курманжан-Датка-2» аймагындагы муниципалдык менчикке караштуу Ирригатор көчөсүндө (б/н) 275 окуучуга ылайыкталган спорт залы менен мектеп имаратын куруу” иштери | 94,2 | 94,2 | -- |
| 15 | “Жакып-Ата” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Геодезическая көчөсү менен кесилишине жакын Айни көчөсүнүн боюндагы жер тилкеге 625 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5042,2 | 5042,2 | -- |
| 16 | “Гигант-Строй Компани” ЖЧКсы | “Ош шаарынын А. Сүйүмбаев атындагы борбордук стадионунда ФИФАнын талаптарына ылайык гибриддик футбол талаасын куруу жана чуркоочу аянтчасына резина төшөө” иштери | 2665,1 | 2665,1 | -- |
| 17 | “Партнер Би” ЖЧКсы | “Ош шаарынын «Мээрим» эс алуу багынын аймагында ФИФАнын талаптарына ылайык машыгуучу гибриддик футбол талаасын куруу” иштери | 2084,1 | 1948,0 | 136,1 |
| 18 | «China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan» өкүлчүлүгү | “Ош шаарынын Амир-Темир (Калинин), А. Мамыров жана Көкүм-Бий (Б. Осмонов көчөсүнөн А. Малабеков көчөсүнө чейин) көчөлөрүндө капиталдык оңдоп-түзөө жана асфальттоо иштерин жүргүзүү” иштери | 1088,5 | 1088,5 | -- |
| | | **Жалпысы** | **38659,8** | **38227,0** | **432,8** |

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерлерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **38659,8 миң сом** төмөндөгүдөй тартипте калыбына келтирилсин:

| К № | Подряддык ишкана эсебинен | Обьектинин аталышы | Жалпы калыбына келтирилүүгө тийиш сумма | Калыбына келтирилүүгө тийиш | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Бюджетке кайтарылсын | Долбоордук чечимге ылайык аткарылсын |
| 1 | “Элхан-Ош” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3–7 насос станциясынын аймагында (Иминов көчөсү, МТУ №2 “Сулайман-Тоо”) насостук системага кошуу менен көлөмү 6000 $м^3$ болгон 4 даана резервуарды куруу” | 845,6 | 845,6 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **2** | “Сапат Курулуш ЛТД” ЖЧКсы | “Масалиев проспектиси менен Навои көчөсүнүн кесилишинде (МТУ №6 “Курманжан-Датка”) жер үстүндөгү жөө жүргүнчүлөр өтүүчү өтмөктү куруу” иштери | 578,8 | 578,8 | -- |
| **3** | “Авангард-Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №31 Курманжан Датка атындагы, Жапалак ТУС мектебине спорт залы бар 225 орундуу кошумча корпустун курулуш” иштери | 142,5 | 142,5 | -- |
| **4** | “СК Лидер” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3 Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгынын Ак-Тилек кичи районундагы 5-көчө, №18а дарегиндеги муниципалдык жер тилкеге 75 орундуу бала бакчанын курулуш” иштери | 4316,4 | 4316,4 | -- |
| **5** | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Салиев көчөсү, 19 дарегиндеги «Манас-Ата» МТУнун №27 «XXIV партсъезд» атындагы орто мектебинин аянтына кошумча 500 орундуу окуу корпусунун курулушу” иштери | 211,9 | 189,7 | 22,2 |
| **6** | “Универсал Компани ЛТД” ЖЧКсы | “Ош шаарынын С. Супаналиев 99/1 дарегиндеги А.С.Суюнбаев атындагы стадиондун трибунасын чатырын куруу” иштери | 4523,6 | 4523,6 | --- |
| **7** | “Юг Стройсервич” ААК | “Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы мектептин аймагына 700 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5342,7 | 5342,7 | -- |
| **8** | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Н.Байтемиров №1 көчөсүндө жайгашкан В.Терешкова атындагы мектеп-интернатынын 500 орундуу жатаканасынын курулуш” иштери | 328,8 | 328,8 | -- |
| **9** | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №2 «Сулайман-Тоо» муниципалдык аймактык башкармалыгынын Сай-Бою көчөсү №1 дарегинде жайгашкан курулушу бүтө элек имаратты реконструкциялоо, анын профилин күрөш залына өзгөртүү жана кошумча имарат куруу” иштери | 2936,5 | 2662,0 | 274,5 |
| **10** | “СК Оомат” | “Ош шаарынын Р.Моминова көчөсүнүн № 152 дарегине курулуп жаткан 120 орундуу балдар бакчасына откана, балдар ойноочу аянтча, ажаткана, саркынды суу, таза суу, электр тармактарын , айланасын тосуу, 250 кВА КГТП, өрткө каршы калкан жана жашылдандыруу” иштери | 2445,7 | 2445,7 | -- |
| **11** | “Экспорт Плюс” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Ош көчөсүн Раимбекова көчөсүнөн Ж.Бабараимов көчөсүнө чейин асфальттоо” иштери | 1027,3 | 1027,3 | -- |
| **12** | “Амантур Строй | “Ош шаарынын №4 «Манас-Ата» муниципалдык аймактык башкарма- | 1171,0 | 1171,0 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Сервис” ЖЧКсы | лыгынын аймагындагы Т.Турсунбаева көчөсүн темир жолду кесип өткөн жаңы ачылган жолдон И. Раззаков кең көчөсүнө чейинки аралыкты капиталдык оңдоп-түзөө жана кеңейтүү” иштери | | | |
| **13** | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №6 «Курманжан-Датка» муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Монуев көчөсүн Масалиев кең көчөсүнө чейинки аралыкты оңдоп-түзөө, ошондой эле Шакиров жана Алимжанов көчөлөрүнүн кесилишин-де транспорттук чечилиш (транс-портная развязка) куруу” иштери: | 3814,9 | 3814,9 | -- |
| **14** | «Биримдик XXI-Кылым» ЖЧКсы | “Ош шаарынын ТС №12 «Курманжан-Датка-2» аймагындагы муниципалдык менчикке караштуу Ирригатор көчөсүндө (б/н) 275 окуучуга ылайыкталган спорт залы менен мектеп имаратын куруу” иштери | 94,2 | 94,2 | -- |
| **15** | “Жакып-Ата” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Геодезическая көчөсү менен кесилишине жакын Айни көчөсүнүн боюндагы жер тилкеге 625 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5042,2 | 5042,2 | -- |
| **16** | “Гигант-Строй Компани” ЖЧКсы | “Ош шаарынын А. Сүйүмбаев атындагы борбордук стадионунда ФИФАнын талаптарына ылайык гибриддик футбол талаасын куруу жана чуркоочу аянтчасына резина төшөө” иштери | 2665,1 | 2665,1 | -- |
| **17** | “Партнер Би” ЖЧКсы | “Ош шаарынын «Мээрим» эс алуу багынын аймагында ФИФАнын талаптарына ылайык машыгуучу гибриддик футбол талаасын куруу” иштери | 2084,1 | 1948,0 | 136,1 |
| **18** | «China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan» өкүлчүлүгү | “Ош шаарынын Амир-Темир (Калинин), А. Мамыров жана Көкүм-Бий (Б. Осмонов көчөсүнөн А. Малабеков көчөсүнө чейин) көчөлөрүндө капиталдык оңдоп-түзөө жана асфальттоо иштерин жүргүзүү” иштери | 1088,5 | 1088,5 | -- |
| | | **Жалпысы** | **38659,8** | **38227,0** | **432,8** |

**Эскертүү:** “Ош шаарынын С.Супаналиев 99/1 дарегиндеги А.С.Суюнбаев атындагы стадиондун трибунасын чатырын куруу” обьектиси боюнча “Универсал Компани ЛТД” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге түзүлгөн “Кабыл алуу актыларына” кошулган 3262,7 миң сомдук, ошондой эле “Ош шаарынын Р.Моминова көчөсүнүн №152 дарегине курулуп жаткан 120 орундуу балдар бакчасына откана, балдар ойноочу аянтча, ажаткана, саркынды суу, таза суу, электр тармактарын , айланасын тосуу, 250 кВА КГТП, өрткө каршы калкан жана жашылдандыруу” обьектиси боюнча “СК Оомат” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге түзүлгөн “Кабыл алуу актыларына” кошулган 1720,9 миң сомдук бирдиктүү

салыктардын негиздүүлүгүн тактоо үчүн аудиттин материалдары КР Салык кызматынын Ош башкармалыгына жиберилди.

**26. Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети боюнча** (төрагасы Б.Абакиров., башкы эсепчиси Р.Адыбаева) **аудит мамлекеттик инспектор А.Кармышева тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү» токтомунда 1-пунктунда белгиленген ченемдер сакталбастан, башкармалыктын кызматкери Т.Оморовго жол сапар чыгымдарына жалпы **10,4** миң сом ашыкча төлөнгөн.

Аудит учурунда 2025-жылдын 19-декабрындагы № 425900044 дүмүрчөк аркылуу тиешелүү бюджетке кайтарылды **(Классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине караштуу " Ош шаардык бокс жана оор атлетика" спорт мектебинин жатаканасынын тамак-аш сакталуучу кампасын бухгалтердик отчеттогу калдык менен текшерүү учурунда азык-түлүктөн **10,7 миң сомдук** жетишпестик жана 5,4 миң сомдук ашыкча запасы аныкталды.

Аудит учурунда 2025-жылдын 19-декабрындагы №425900046 дүмүрчөк аркылуу 10,7 миң сом жооптуу кызматкерлер тарабынан бюджетке кайтарылды жана ашыкча 5,4 миң сомдук азык-түлүк бухгалтердик эсепке кириштелди **(Классификатор боюнча коду 310105).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптары аткарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 3. Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине караштуу " Ош шаардык бокс жана оор атлетика" спорт мектебинин жатаканасынын Уставы Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинин төрагасы тарабынан бекитилген, жатакана юридикалык жак болуп эсептелбейт, Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн эмес, уюштуруу – укуктук формасы (коммерциялык уюм) чарба жүргүзүү укугуна негизделген. Юстиция башкармалыгынан каттоодон өтпөгөндүктөн жатакананын учурдагы статусу жалпы билим берүү мектеп алдындагы жатакана, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтомунун (пункту) негизинде жергиликтүү бюджеттен каражаттарды чыгымдоо жатакананын статусуна туура келбейт.**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтомуна (пункту) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-майындагы №260 "Атайын ишмердүүлүктүн түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө" токтомуна (пункту) негиздеп жатакананын ишмердүүлүгү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**27. Ош шаардык мэриясынын алдындагы “А.Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана «Алай» футболдук клубу” муниципалдык мекемеси боюнча** (директору М.Бакиров, башкы эсепчиси А.Бечелов) **аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** А.Суюнбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана «Алай» футболдук клубу муниципалдык ишканасын каржылоодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 22-беренесинин 5-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 27.09.2023-жылдагы №5 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын талаптары сакталбагандыгы аныкталды. Тактап айтканда, 2024-жылы **70 000,0** миң сом 2511 субсидия чыгаша беренеси боюнча каржылоо жүргүзүлгөн. Анткени, муниципалдык мекеме өндүрүштүк же кызмат көрсөтүү ишмердүүлүктөрүн жүргүзбөйт, бөлүнгөн субсидия негизинен Ош шаардык стадионду күтүүгө жана “Алай” футболдук клубун каржылоого *(тренерлерди, оюнчуларды контракттык негизде сатып алууга жана алардын форма, тамак-аш, медикамент, виза, сапар чыгымдары жана сый акыларын төлөө ж.б)* сарпталган **(Классификатор боюнча коду 220107).**

**Сунуштама 1.** Ош шаардык мэриясы тарабынан субсидияларды берүү менен муниципалдык ишканаларды каржылоо, Кыргыз Республикаынын Бюджеттик кодексинин 22-беренесинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 27.09.2023-жылдагы №5 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын негизинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** А.Суюнбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана «Алай» футболдук клубу муниципалдык ишканасы жергиликтүү бюджеттен субсидия аркылуу каржыланат. “Алай” футболдук клубунун чет элдик 2 оюнчусунун визалык документтери өз убагында тапшырылбагандыктан ишкана эсебинен жалпы **45,8 миң сом** айып пул төлөнүп бюджеттик жоготууга жол берилгендиги аныкталды. Натыйжада, Кыргыз Рсспубликасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 3-пунктунун натыйжалуулук жана майнаптуулук принциби бузулган **(Классификатор боюнча коду 210201).**

**Сунуштама 2.** Ишкана тарабынан айып пул төлөнүп бюджеттик жоготууга жол берген жоопту кызматкерге карата тийиштүү чаралар белгиленсин.

**28. Ош шаарынын билим берүү башкармалыгы боюнча** (башчысы Т.Досмуратов., башкы эсепчиси Т.Турдуев) **аудит мамлекеттик инспекторлор М.Маманов жана М.Султанбеков тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын 2024-жылга бюджетин түзүүдө Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 28-беренесинин 6-пунктунда, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштуруу ата-энелердин (мыйзамдуу өкулдөрүнүн) каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат - деп белгиленгендиги эске алынбастан, мектепке чейинки билим берүү уюмдарына жергиликтүү бюджеттен 2218 “Тамак-аш чыгымдар” беренеси боюнча **59748,6** миң сом каралып, **54512,8** миң сом чыгымдалгандыгы аныкталды **(Классификатор боюнча коду 220111).**

**Сунуштама 1.** Жергиликтүү бюджеттен мектепке чейинки билим берүү уюмдарына тамак-аш азыктары үчүн каражат бөлүүдө Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобонун талабын бузууга жол берилген. Аудит учурунда 2025-жылдын 10-ноябрына карата Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамак-аш азыктарын эсепке алууну жүргүзүүдө **8,6 сомдук** жетишпестик аныкталды **(Классификатор боюнча коду 310105)**

Аудит учурунда **8,6 сомдук** кем чыгуулар тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлду.

**Сунуштама 2.** Тамак-аш азыктарын эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10- пункттарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ош шаарынын жалпы билим берүүчү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, “Мээрим” билим берүү борборунда эмгектенген мугалимдер, тарбиячыларга коммуналдык төлөмдөргө жеңилдиктерди төөлөөдө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-191-беренесинин талабын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, жалпы билим берүүчү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, “Мээрим” билим берүү борборунда эмгектенген мугалимдер, тарбиячыларга коммуналдык төлөмдөргө жеңилдик катары төлөнгөн **15738,1** миң сомдон **1573,8** миң сом киреше салыгы кармалбай, тиешелүү бюджетке чегерилбей калгандыгы аныкталды **(Классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 3.** Ош шаарынын жалпы билим берүүчү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, “Мээрим” билим берүү борборунда эмгектенген мугалимдер, тарбиячыларга коммуналдык төлөмдөргө жеңилдиктерди төөлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-191-беренесин бузууга жол берилбесин.

Коммуналдык төлөмдөргө жеңилдик катары төлөнгөн акча каражатынан чегерилбей калган **1573,8** миң сом киреше салыгы тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” Жобонун талаптары сакталбаган, демөөрчүлөр тарабынан кайтарымсыз негизде берилген **526,0** миң сомдук товардык-материалдык балуулуктар Ош шаарынын билим берүү башкармалыгынын балансына кириштелбеген. Аудит учурунда бухгалтердик тактама менен балanска кириштелди **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 6-главасында белгиленген талаптарын бузуу менен 526,0 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын балanска алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилиги берилсин.

**29. Ош шаардык маданият башкармалыгы боюнча** (башчысы Э.Кадыркулов., башкы эсепчиси А.Пиримкулова) **аудит мамлекеттик инспектор А.Кармышева тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаардык маданият башкармалыгынын депозиттик эсептеринде 2024-жылдын 1-январына карата **37,5 миң сом** өлчөмүндө талап кылынбаган сумма бар экендиги аныкталды *(2015-жылы маданият башкармалыгынын борборлоштурулган китепканасынын ремонт иштерине катышуу үчүн "Байкал Строй" ЖЧКсынын конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу боюнча төлөмү).* Натыйжада, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 50-беренесинин 4-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунда белгиленген талаптар аткарууга алынбаган **(Классификатор боюнча коду 510112)**.

Аудит учурунда 26.12.2025-жылдагы № 30 төлөө тапшырмасы менен 37,5 миң сом тиешелүү бюджетке которулду.

**Сунуштама 1.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу түрүндө которулган акча каражаттары Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамында көрсөтүлгөн мөөнөттө кайтарылсын. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 31-майындагы №302 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунда көрсөтүлгөн депозиттик эсеп каражаттарын казыналык сактоо мөөнөттөрү талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунда белгиленген ченемдер сакталбастан, 3 кызматкердин транспорт чыгымдарына **9,2 миң сом** ашыкча төлөнгөн. Аудит учурунда тиешелүү бюджетке өндүрүлдү**(Классификатор боюнча коду 410205)**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**30. "Ош шаардык Жаштар иштери боюнча комитети" муниципиалдык мекемеси боюнча** (төрагасынын м.а. М.Топчубаев., башкы эсепчиси А.Жусубалиева) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун талаптары сакталбаган. Тактап айтканда, мекеменин жетектөөчү адиси А.Тургунбаевдин сапар чыгымдарына төлөнгөн **7,3 миң сом** тастыктоочу документи жок эсептен чыгарылган **(Классификатор боюнча коду 410205)**..

Аудит учурунда тийиштүү жактын эсебинен өндүрүлүп, 2025-жылдын 08-декабрындагы №305200014 банктык квитанциянын негизинде бюджетке төгүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Аванстык отчетторду кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 «Иш сапардык чыгымдардын

ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун талаптары сакталсын.

**31. Ош шаарынын спорттук медицина жана калыбына келтирүү борбору боюнча** (башчысы Н.Я. Школьников, башкы эсепчиси Г.М. Аликулова) **аудит мамлекеттик инспектор М.Султанбеков тарабынан жүргүзүлдү.**

Шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен Ош шаарынын спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборунун 2024-жыл мезгил аралыгындагы иши, баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдик актыларга ылайык келгендиги аныкталды.

**32. Ош шаардык "Ош шамы" гезитинин редакциясы боюнча** (башкы редактордун м.а. Д.Э.Токтошев., башкы эсепчиси С.Д. Абдыкадырова) **аудит мамлекеттик инспектор Э.К.Токтошев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** "Ош шамы" гезитинин редакциясынын кызматкерлерине 2024-жылда эмгек акы эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, спорт жана маалымат мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" токтомунун 8-тиркемесиндеги балдар журналынын, гезиттин, журналдын редакцияларынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттерин белгилөө талаптары бузулган. 2024-жылга "Ош шамы" гезитинин редакциясынын башкы эсепчиси С.Д. Абдыкадырованын эмгек акысы штаттык ырааттама боюнча 0,5 бирдик бир жылга 181,3 миң сомго бекитилип, бирок жыл ичинде 249,3 миң сомго эмгек акы эсептелген, айырмачылык 68,0 миң сомду түздү. Ал эми 2121 Социалдык фонд төгүмү боюнча 11,7 миң сомду түздү. Жалпы эмгек акы боюнча 79,7 миң сом ашыкча эсептелген, анын ичинен социалдык камсыздандыруу төлөмүнө 6,8 миң сом, кызматкерден кармалган киреше салыгы 6,1 миң сом, колго тийген эмгек акы 55,2 миң сом.

Андан сырткары, "Ош шамы" гезитинин редакциясынын башкы редактору Б.А.Исмаилованын эмгек акысы штаттык ырааттама боюнча 1 бирдик бир жылга 380,4 миң сомго бекитилип, бирок жыл ичинде 421,5 миң сомго эмгек акы эсептелген, айырмачылык 41,0 миң сомду түздү. Ал эми 2121 Социалдык фонд төгүмү боюнча 7,1 миң сомду түздү. Жалпы эмгек акы боюнча 48,1 миң сомго ашыкча эсептелген, анын ичинен социалдык камсыздандыруу төлөмүнө 4,1 миң сом, кызматкерден кармалган киреше салыгы 3,6 миң сом, колго тийген эмгек акы 33,3 миң сом **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, спорт жана маалымат мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузуу менен ашыкча төлөөлөргө жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Ашыкча төлөнгөн **88,5 миң сом** тийиштүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Тактап айтканда, кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө, социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана киреше салыгы боюнча убагында бюджетке төлөм жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, 5,0 миң сом айып,

2024-жылдын ноябрь айында 50,0 миң сом туум, 2024-жылдын декабрь айында 57,3 миң сом туум, жалпы **112,3 миң сомго** айып жана туум эсептелип төлөнгөн **(Классификатор боюнча коду 230304).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө милдеттүү төлөмдөр өз учурунда толук чегерилип, тийиштүү бюджетке которулуусу көзөмөлгө алынып, айып жана туум төлөөлөрдү жүргүзүүгө жол берилбесин. Каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**33. "Келечек" балдардын чыгармачылык борборунда** аудит жүргүзүлгөн жок, себеби мекеме республикалык бюджеттен каржыланган.

**34. “Ош шаарынын Согуштун жана Эмгектин ардагерлер уюму” мекемеси боюнча** (мекеменин төрагасы Б.Карыбеков., башкы эсепчиси А.Адиева) **аудит мамлекеттик инспектор Т.С. Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.**

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, “Ош шаарынын Согуштун жана Эмгектин ардагерлер уюму” мекемесинин аудитордук тандоо көлөмүнүн ичиндеги иши, баардык негизделген аспекттерде мыйзамдардын талаптарына ылайык келгендиги аныкталды.

**35. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу "Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору боюнча** (директору Г.Кулуева., башкы эсепчи Р.Кебекбаева) **аудит мамлекеттик инспектор А. Токоев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталбастан, 2024-жылдын аягында **6,2** миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардан *(чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан)* нормативден ашыкча запастары калган **(Классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 1.** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган **6,2 миң сомдук** чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардын нормативден ашыкча запастары кийинки жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Жыл ичинде эмгек китепчеси боюнча 3239,8 миң сомдук эмгек акы эсептелген, ал эми жылдык отчет форма № 2 отчетунда 3233,1 миң сом көрсөтүлгөн, башкача айтканда, форма № 2 отчетунда **6,7** миң сом эмгек акы кем көрсөтүлгөн, натыйжада кредитордук карыз төмөн көрсөтүлүп келинген. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410216)**

**Сунуштама 2.** Эмгек акыларды эсептөөдө аныкталган кредитордук карыздарды жоюу боюнча иш чаралар, кредитордук карыздардын эсеп учету, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 8-главасынын 1-параграфынын талаптары боюнча жүргүзүлсүн. **6,7 миң сом** бухгалтердик эсеп боюнча такталып, ордуна коюлсун.

**36. Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагы боюнча** (башчысы С.Токтомаметова, башкы эсепчиси Д.М.Жороева) **аудит мамлекеттик инспектор М.Султанбеков тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №180 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана маданият,маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик ведомстволук мекемелерде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 2 -пункту бузулуп, китепкананын №10 филиалынын башчысы Бобекова Бунисага иштеген жылдары үчүн үстөктөрдүн өлчөмү 25%дын ордуна 30% каралып, ашыкча **8,1 миң сом** төлөнүп берилгени аныкталды **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-марты №180 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана маданият,маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик ведомстволук мекемелерде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталып ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

Китепкананын №10 филиалынын башчысы Бобекова Бунисага, иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акынын туура эмес белгиленгендигине байланыштуу ашыкча төлөнүп берилген **8,1 миң сом** бюджетке кайтарылып ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаардык мэриясы тарабынан 2024-жылга бекитилген штаттык ырааттамада «Доплата сезонное» акысы үчүн төлөм каралбагандыгына карабастан, «Сезондук кошумча» акысы үчүн жалпысынан 2024-жыл ичинде **30,0 миң сом** негизсиз төлөнүп берилген, андан Койчуманова Ферузага – 10 миң сом, Кулуев Икрамбайга – 20 миң сом. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 2.** Эмгек акы боюнча төлөмдөр бекитилген штаттык ырааттаманын чегинде жүргүзүлсүн жана **30,0 миң сом** тийиштүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке кайтарылсын.

**37. Ош шаарынын мэриясынын «Боорукердик» социалдык мекемеси боюнча** (директору А.Калматова., башкы эсепчиси А.Мавлянжанова) **аудит мамлекеттик инспектор М.Маманов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын мэриясынын «Боорукердик» социалдык мекемесинде накталай акча кыймылы жүргүзүлбөгөндүгүнө карабастан, кассир кызмат орду кармалып, штаттык ыраатамасын түзүүдө **0,5** ставкасында кассир кызмат орду кармалып, **54,1** миң сом эмгек акы эсептелип төлөнгөндүгү, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө (17,25%) **9,3** миң сом чегерилгендиги аныкталды. Жалпысынан кассир кызмат ордун кармоого **63,4 миң сом** сарпталган. Кассир кызмат орду 2025-жылдын январь айынан тартып кыскартылып жоюлган **(Классификатор боюнча коду 230303)**

**Сунуштама 1.** Ош шаарынын мэриясынын «Боорукердик» социалдык мекемесинин штаттык ырааттамасын түзүүдө, кызмат ордундардын зарылдыгын аныктоо менен түзүлсүн.

**38. "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасы боюнча** (директору Б.Н.Алтымышев., башкы эсепчиси М.А.Калмуратова) **аудит мамлекеттик инспектор Р.Маткаримов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы 2023-жыл үчүн жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясына келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга берилген "Дүң кант" базарынан 2023-жыл ичинде ижара акысы үчүн 3490,7 миң сом акча каражаты Ош шаардык Муниципалдык менчик башкармалыгынын эсебине ошол убактагы Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын ошол кездеги директору Н.Исмаилов тарабынан төлөнүп берүүсү милдеттендирилген. Себеби, "Дүң кант" базарынан ижара акы төлөмдөрү Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын башкы бухгалтери М.Калмуратованын жазган түшүнүк катына ылайык 2023-жылдын ичинде мекеменин атайын эсебине түшүрүлбөй, дирекциясынын ошол кездеги директору Н.Исмаилов тарабынан ижара акы чогултулуп турган. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик инспектору А.Малдыбаевдин жүргүзгөн аудиттин жүрүшүндө мурдагы директор Н.Исмаилов тарабынан 18.11.2024-жылы 500,0 миң сом төлөнгөн деп белгиленген. Аудиттин жүрүшүндө Ош шаардык Муниципалдык менчик башкармалыгына жогорудагы карыздардын төлөнгөндүгүн тактоо үчүн каттар жиберилип, жыйынтыгында, Ош шаардык Муниципалдык менчик башкармалыгынын 19.12.2025-жылдагы №3-01-3/382 каты аркылуу берген маалыматына ылайык 2023-жылдагы "Дүң кант" базарынын ижара акы төлөмдөрүнөн калган **2822,1** миң сом ушул күнгө чейин Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын эсебине төлөнгөн эместиги аныкталды. Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын мурдагы директору Н.Исмаилов **2822,1** миң сом ижара акы төлөмүн Ош шаардык Муниципалдык менчик башкармалыгынын эсебине төлөп берүүгө тийиш.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясында 2024-жылдын 12-декабрында Б.Осмонов көчөсүндө курулуп жаткан жаңы Муниципалдык базардын кире беришине базардын аталышын жазууга жана соода катарларына табло илүү үчүн порталдан 394,0 миң сомго жарыя берилген. Жыйынтыгында жеке ишкер А.Алакушев 314,2 миң сомго утуп, жеңүүчү деп табылган. Бирок, мекеменин тендер өткөрүү боюнча кызматкери М.Халматов тарабынан баалар так аныкталбай (мониторинг жүргүзүлгөн эмес) жана мекеменин директору Ч.Шерматов тарабынан көзөмөлгө алынган эмес. Аудит учурунда жогорудагы Муниципалдык базардын кире беришине базардын аталышын жазууга жана соода катарларына табло илүү коюлган бааларга аудит тарабынан күмөн жараткандыктан, мекеменин кызматкерлери менен биргеликте акты түзүлүп, жогорудагы кызматтар үчүн базар баасын аныктоого мониторинг жүргүзүлүп, Муниципалдык базардын кире беришине базардын аталышын жазууга жана соода катарларына табло илүү үчүн кетирилген чыгымдын орточо базар баасы 166,7 миң сом экендиги аныкталды. Жыйынтыгында мекеменин бюджетине (314,2 миң сом-166,7 миң сом) = 147,5 миң сом зыян келтирилген. Муниципалдык базардын кире беришине базардын аталышын жазууга жана соода катарларына табло илүү үчүн

кетирилген чыгымдын базар баасынан ашыкча суммасы 147,5 миң сом экендиги аныкталды. Кетирилген ашыкча сумма **147,5** миң сом аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 25-декабрындагы №305800022 төлөм квитанциясы аркылуу Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын атайын эсебине төлөндү **(Классификатор боюнча коду 510101).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык сатып алууларды жүргүзүүдө мониторинг жүргүзүлүп иш алып барылсын, ал эми мыйзам бузууларга жол берген жоопту кызматкерлерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы муниципалдык ишканасы тарабынан 2024-жылга карата «Дүң-Кант» базарына бекиткен финансы план боюнча ижара акы төлөмү 1 800 000 (бир миллион сегиз жүз миң) сомго бекитилген. Анын ичинен 1 630 620 (бир миллион алты жүз отуз миң алты жүз жыйырма) сомго ижара акы төлөмү милдеттендирилген. Бирок, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы Дүң-Кант базарын артка кайтарып алгандыгына байланыштуу 2024-жылдын январь айынан 2024-жылдын март айына чейин 1 429 000 (бир миллион төрт жүз жыйырма тогуз миң) сом гана ижара акы төлөмү чогултулган. Жогорудагы чогултулган ижара акы үчүн Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына мекеменин финансылык планынын катыш эсеби боюнча 1 294 520 (бир миллион эки жүз токсон төрт миң беш жүз жыйырма) сом төлөнүүсү керек болгон. Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына «Дүң-Кант» базарынын ижара акысы үчүн 1 630 620 (бир миллион алты жүз отуз миң алты жүз жыйырма) сом өлчөмүндө акча каражатын которуп берген. Жыйынтыгында, «Дүң-Кант» базарынын ижара акысы үчүн (1630,6 миң сом-1294,5)= 336 100 сом же болбосо **336,1** миң сом өлчөмүндө ашыкча төлөм келип чыккан.

**Сунуштама 3.** Жогоруда ашыкча төлөмдү эске алуу менен, Дүң-Кант базарынын ашыкча ижара акы үчүн төлөнгөн **336,1** миң сом акча каражаты Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан Ош борбордук базарынын кийинки арендалык төлөмдөрдүн эсебине ижара акысынан кайрадан эсептөө (перерасчёт) жүргүзүү жолу менен эсепке алынууга тийиш, ал эми ижара акы төлөмдөрүнө убагында көзөмөл жана жогорудагы кемчиликтер боюнча жүргүзбөгөн тиешелүү кызматкерлерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Эскертүү: Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясына** келишимдин негизинде убактылуу пайдаланууга берилген "Дүң кант" базарынан 2023-жыл ичинде ижара акысы үчүн Ош шаардык Муниципалдык менчик башкармалыгынын эсебине ошол убактагы Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясынын директору Н.Исмаилов тарабынан төлөнүп берүү үчүн милдеттендирилген **2822,1** миң сом акча каражаты ушул күнгө чейин ордуна коюлбагандыктан, аудиттин материалдары укуктук баа берүү үчүн 2025-жылдын 30-декабрындагы №01-3/519 чыгыш каты менен **Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгына жиберилди.**

**39. Ош шаардык мэриясынын алдындагы «Ош унаа базары» (мурдагы Жапалак автоунаа базары) муниципалдык ишканасы боюнча** (директору А.Д.Тажибаев., башкы эсепчиси М.Б.Жеенбаев) **аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** «Ош унаа базары» (мур. Жапалак автоунаа базары) муниципалдык ишканасы тарабынан 2024-жылга Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы менен түзүлгөн ижара келишиминин шарттары толук аткарылбай, 2024-жылга 35 127,7 миң сом ижара акы төлөмү Ош шаардык мериясынын жергиликтүү бюджет эсебине которулууга тийиш болсо, муниципалдык ишкана тарабынан 35 000,0 сом ижара акы которулуп 127,7 миң сомго аз төлөнгөндүгү аныкталды **(Классификатор коду 210301 жана 210302).**

Аудит учурунда 2024-жылдан калган ижара акы **127,7 миң сом** 27.11.2025-жылдагы №277 төлөө тапшырмасы аркылуу жергиликтүү бюджетке которулду жана келишимдин 5.2.2- пунктуна ылайык төлөө мөөнөтүнөн өткөн ар бир күн үчүн 0,1% үстөк *(2025-жылдын 1-январынан 26-ноябрына чейин 329 күнгө 127сомдон)* жалпы **41,8 миң сом** эсептелинип 27.11.2025-жылдагы №278 төлөө тапшырмасы аркылуу жергиликтүү бюджетке которулуп берилди.

**Сунуштама 1.** Жергиликтүү бюджеттин кирешелерине түшүүчү ижара акыларды толук өндүрүү жана келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирбей жергиликтүү бюджетке чегерүү боюнча Ош унаа базары муниципалдык ишкананын жетекчилиги тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**40. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы боюнча** (**директору** Т.К.Ашимов., башкы эсепчиси **Г.М. Нарботоева) аудит мамлекеттик инспектор Н.С. Насирдинов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын директору К.Абдырахман уулу тарабынан 2024-жылдын 31-майындагы №58 буйругунун негизинде У.Б.Арстанкуловго кетирген кемчиликтери үчүн “Эскертүү” жарыялаган. Бирок, жаза салынган күндөн тартып 6 ай аралык өтпөй, тартиптик жазаны алып салуу боюнча буйрук чыгарбай туруп Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 24-беренесинин 4-пунктунун талабын бузуу менен Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын директору К.Абдырахман уулу тарабынан 2024-жылдын 6-сентябрындагы №35-К буйругу менен У.Б.Арстанкуловду Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын директорунун орун басары кылып дайындаган.

**Сунуштама 1.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 24-беренесинин 4-пунктунун талабынын сакталышын камсыз кылбаган кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 7-февралындагы №114 токтомунун аткарлышын камсыздалбаган. Тактап айтканда, “техникалык көзөмөлдөөчү” жана сатуу бөлүмүнө “сатуу боюнча адис” кызматын көрсөтүүлөр боюнча келишим түзүүдө мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу ачык конкурс жарыялабай туруп келишимдер түзүлгөн. ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тарбинин” принциби аткарылбаган. Тактап айтканда, атаандаштыкты кеңейтүү, тандоо

процессинде жеткирип берүүчүлөргө карата адилеттүү, бирдей жана калыс мамиле жасоо принциптери каралбаган.

**Сунуштама 2.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 7-февралындагы №114 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун аткарлышын камсыздабаган кызматкердин жоопкерчилиги каралсын. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан "техникалык көзөмөлдөөчү" жана сатуу бөлүмүнө "сатуу боюнча адис" кызматын көрсөтүүлөр боюнча келишим түзүүдө жогоруда аталган токтомдордун талаптарын аткаруу менен келишим түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомунун 3-пунктуна ылайык сатып алууларды уюштурууда жана ишке ашырууда жогоруда аталган токтомдун 1-пунктунда бекитилген Типтүү тартипти колдонуу менен «Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосу" Ош шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 3-ноябрындагы №1020 токтому менен бекитилип, азыркы мезгилге чейин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору менен бекитилген "Сатып алууларды уюштуруунун Типтүү тартибине ылайык кайрадан бекитилбестен, сатып алууларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ички документтерди кайра карап чыгуу жана бекитүү боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама 3.** Сатып алууларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ички документтерди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык Типтүү тартипте көрсөтүлгөн эрежелер, аталган токтомдун Ош шаарынын муниципалдык ипотекалык ишканасына тиешелүүлүгүнө жараша, жаңы редакцияларына ылайык өз убагында карап чыгууну жана бекитүүнү өз убагында камсыз кылсын;

**Аныкталды жана корутунду 4.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда "комплекстүү сатып алуу методу" - деген сатып алуу методу киргизилген. Комплекстүү сатып алуулар катарында даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынган. Текшерүүдө аныкталгандай сатып алуулардын веб-порталында шарттуу түрдө бир чарчы метрге гана жарыялар берилип келишимдер берүүчүлөрдүн сунуштаган аянтына карата түзүлгөн. Сатып алууларды жарыялоодо жалпы пландалган суммасын жана жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүн көрсөтпөстөн жарыялап сатып алуулар өткөрүлүп келет. Ошондой эле, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда комплекстүү сатып алуу методу менен даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынганда курулуш жүргүзүлүүчү жер аянттары сатып алуучу уюм же берүүчү (подрядчик) тарабынан камсыздалышы ачыкталып көрсөтүлгөн эмес. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосундагы "комплекстүү сатып алуу методу", Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомунун сатып алууларды пландоонун 9-пунктуна шайкеш негизделген эмес. Тактап айтканда, Сатып алуулардын планы сатып алуулардын аталышын, анын ичинде сатып алууга бөлүнгөн суммаларды жана товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүн/сандарын камтыйт.

**Сунуштама 4.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда "комплекстүү сатып алуу методу" - деген

сатып алуу методу менен даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынуусу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомунун талаптарына шайкештиги каралып өзгөртүүлөр киргизилсин.

Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда комплекстүү сатып алуу методу менен даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынганда курулуш жүргүзүлүүчү жер аянттары сатып алуучу уюм же берүүчү (подрядчик) тарабынан камсыздалышы ачыкталып көрсөтүлсүн.

**41. "Ош шаардык суу чарба" муниципалдык ишканасы боюнча** (жетекчиси Т.О.Байкишиев., башкы эсепчиси С.К.Шеримбетов) **аудит мамлекеттик инспектор А.А.Матякубов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары сакталбастан, жумуштан бошоп кеткен 9-кызматкерге колдонулбай калган эмгек өргүүсү үчүн **8,5 миң сом** ашыкча төлөнүп берилгендиги аныкталды **(Классификатор боюнча коду 230303).**

Аудиттин жүрүшүндө ашыкча төлөөлөр 2025-жылдын 1-декабрындагы төлөө квитанциянын негизинде ишкананын кассасына кириштелди.

**Сунуштама 1.** Муниципалдык кызматкерлерге колдонулбай калган эмгек өргүүсү үчү төлөмдөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары сакталып, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кызматтык автоунааларга күйүүчү майды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринде» белгиленген талаптар сакталбастан, белгиленген ченемдерден ашыкча **43,2 миң сомдук** күйүүчү-майлоочу майлар эсептен чыгарылгандыгы аныкталды **(Классификатор коду 230305).**

Аудиттин жүрүшүндө нормадан ашыкча эсептен чыгарылган 43,2 миң сомдук күйүүчү-майлар 2025-жылдын 28-ноябрындагы №249 кириш ордеринин негизинде муниципалдык ишкананын эсебине кириштелди.

**Сунуштама 2.** Күйүүчү майларды чыгымдоо, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринде» белгиленген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн. Күйүүчү майды ченемден ашыкча чыгымдоого жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**42. Ош шаарынын мэриясына караштуу "Ош шаарынын жылуулук электр борбору" муниципалдык ишканасы боюнча** (директору Ф.А.Адиев., башкы эсепчи З.А.Жолдошова) **аудит мамлекеттик инспектор М.Калил уулу тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2009-жылдын №100 токтому бекитилген "Кыргыз Республикасында техникалык шарттарды берүүнүн жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуу тартибинин" Эрежесинин 9.2-пункту бузулуп, депозиттик эсепте турган жана ага чегерилген пайыздык төлөмдөрдүн эсебинен **7723,7 миң сом** суммасындагы каражат мекеменин №1350470020009302 жана №1350470020054346 эсептерине негизсиз которулган.

Аудиттин жүрүшүндө депозиттик эсептердеги банктык көчүрмөлөр толук каралды. Анда ишкананын “Айыл Банкта” атайын техникалык шарттарга ачылган №1350470020012534 эсебинде жыл башында **2083,3** миң сом турган. Жыл ичинде банктык эсепте **90827,0** миң сомдук айлантуу жүргүзүлгөн жана анын ичинен **88043,7** миң сомдук каражат башка эсептерге которулган, жылдын аягында эсепте **4866,7** миң сом калган. **80000,0** миң сому кайрадан ушул эсептеги депозиттик эсепке коюлган. №1350470020009302 банктык эсептин счетун толтурууга **5846,6** миң сом *(анын ичинде **148,0** миң сомдук каражатты ишкананын кассири А.Суйналиева 2024-жылдын 31-октябрында жылуулук үчүн чогултулган каражатты төгүп койгон, ал эми **1100,6** миң сом жылуулук жана ысык суу үчүн төлөмдөрүнө Ош нуру жана шаардык ички иштер бөлүгү тараптарынан төгүлгөн каражаттар болуп эсептелет. **5846,6м.с-1100,6-148,0=4598,0м.с)*** жана №1350470020054346 эсебине **2197,0** миң сом которулган. Мындан сырткары, ишкананын “Айыл банктагы” №1350470020009302 эсебине Саланов Азамат Женишбекович тарабынан 27.11.2024-жылы “Астра плюс” ишканасы үчүн техникалык шарттарды алууга **928,7** миң сом каражат төгүлгөн. Жалпысынан, 2024-жыл ичинде техникалык шарттарга тиешелүү каражаттардын келип түшкөн каражаттардын эсебинен **7723,7** миң сом **(4598,0м.с+928,7м.с+2197,0м.с)** негизсиз башка эсепке которулган. Аудит учурунда 7723,7 миң сом суммасындагы каражат ишкананын “Айыл Банкта” атайын техникалык шарттарга ачылган №1350470020012534 эсебине ордуна коюлду **(Классификатор боюнча коду 210302).**

**Сунуштама 1**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2009-жылдын №100 токтому бекитилген “Кыргыз Республикасында техникалык шарттарды берүүнүн жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуу тартибинин” Эрежесинин 9.2-пунктунун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алуунун тартибинин 39-пункту толук аткарылбаган. Тактап айтканда, **738554,3** миң сомдук планы жарыялабастан өткөрүлгөн. Андан сырткары ишканада келишимдерди банктык коштоо боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлбөстөн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону камсыз кылуунун тартиби” аткарылбастан сатып алынган жумуштардын жана жабдуулардын суммасы **87972,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алуунун тартибинде көрсөтүлгөн талаптарды бузуу менен сатып алууларды ишке ашырууга жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**43. “Ош унаабекети” муниципалдык ишканасы боюнча** (башчысы Н.Тиленчиев., башкы эсепчиси Т.Айткулов) **аудит мамлекеттик инспектор А.Токоев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Жобосунун талаптары сакталбастан, 2024-жыл ичинде ишкананын 2 кызматкерине жоопкерчиликке **104,1**

**мин сом** берилген *(А. Мурзалиев 89,1 миң сом, ал эми Б. Койтукуров 15,0 миң сом),* бирок бир гана актынын негизинде, аванстык отчетторго тийиштүү баштапкы бухгалтердик документтери тиркелбестен бухгалтердик эсептен чыгарылган. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 410201).**

**Сунуштама 1.** Бухгалтердик эсеп учетту жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Жоопкерчиликке берилген **104,1 миң сом** акча каражаты тийиштүү жактардын эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун талаптарын бузууга жол берилген. Тактап айтканда, жалпы баасы **4348,3** миң сомдук негизги каражаттар, анын ичинен: 4276,5 миң сомдук "Бүтпөгөн курулуш" жана 71,8 миң сомдук курулма бухгалтердик эсепке кириштелбей калгандыгы аныкталды. Ордуна коюлган жок **(Классификатор боюнча коду 310104).**

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун талаптарына ылайык, баасы **4276,5 миң сомдук** "Бүтпөгөн курулуш" обьектиси Ош шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына, ошондой эле **71,8 миң сомдук** курулманы (навес) тактоо, аныктоо жана балански кириштөө боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 3.** "Ош унаабекети" муниципалдык ишканасынын аймагына кирүүчү жана чыгуучу жолдорго автоматташтырылган башкаруу, видеокөзөмөл, программалык жана шлагбаум башкаруу сиситемасын орнотуу үчүн конкурус жарыяланган. Пландаштырылган сумма 1631,1 миң сомду түзүп, жеке ишкер "Ирмаков Р.Р" 1584,5 миң сом сунуш менен жеңүүчү деп табылган. 2024-жыл ичинде "Ирмаков Р.Р" жеке ишкерге аныгында жалпысы болуп 1822,2 миң сом которулуп берилген. Жыйынтыгында кошумча аткарылган орнотуу жумуштарына кошумча келишим түзүлбөстөн, **237,7 миң сом** акча каржаты ашыкча которулуп берилген **(Классификатор боюнча коду 510114).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарына ылайык, келишимде белгиленген, жеңүүчү деп табылган суммадан ашыкча акча каражатын которууларга жол берилбесин жана ашыкча которулган 237,7 миң сом акча каржатын ордуна коюу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Ош шаарынын Ленин көчөсүнүн №942 дарегиндеги "Ош унаабекети" муниципалдык ишканасынын имаратында жайгашкан бөлмөлөрдү ижара шартында пайдаланууга берүү боюнча, Ош шаарынын мэриясында болгон жыйынынын 2024-жылдын 6-мартындагы № Пр. 9/145 жана 2024-жылдын 22-апрелиндеги № Пр. 9/209 протоколдорунун негизинде 8 жеке ишкер жеңүүчү деп табылган. Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, жеңүүчү деп

аталган 8 жеке ишкерлер тарабынан 2024-жыл ичинде жалпысы болуп **5456,0 миң сомдук** ижара төлөмдөрү жергиликтүү бюджетке төгүлбөй келгендиги аныкталды. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө”мыйзамынын 15-беренсинин 3-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген **(Классификатор боюнча коду 310202).**

**Сунуштама 4.** Өткөрүлгөн тооруктарды тескөөдө, ж.б. өз учурунда ижара мамилелерин жүргүзүүдө кемчиликтерди кетирген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Ош шаарынын Ленин көчөсүнүн № 942 дарегиндеги "Ош унаабекети" муниципалдык ишканасынын имаратында жайгашкан бөлмөлөрдү ижарага алган 8 жеке ишкер тарабынан төлөнбөгөн жалпы **5456,0 миң сом** ижара акы төлөмдөрүн бюджетке кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Эскертүү: «Ош унаабекети» муниципалдык ишканасында:**

- **4348,3** миң сомдук негизги каражаттардын балансжа кириштелбегендигине;

- муниципалдык ишканасында өткөрүлгөн тооруктарды тескөөдө жана өз учурунда ижара мамилелерин жүргүзүүдө жалпы **5456,0** миң сомдук ижара төлөмдөрү жергиликтүү бюджетке төгүлбөй келгендиги боюнча, тийиштүү кызматкерлердин функционалдык милдеттеринин так аткарылышына жана ижара мамилелерине укуктук баа берүү үчүн аудиттин материалдары **2026-жылдын 27-январындагы №01-3/55 каты менен Ош шаарынын прокуратурасына жиберилди.**

**44. Ош шаардык мэриясына караштуу “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы боюнча** (директору Т.А.Камчиев., башкы эсепчиси Г.А.Шааева) **аудит мамлекеттик инспектор Э.К.Токтошев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 16-мартындагы №68 токтому менен бекитилген жобонун 3.1-пунктунун негизинде конкурс өткөрүлгөнгө чейин 3 айлык мөөнөткө ташуучуга маршруттук каттамды убактылуу бекитип берүү убактысы өтүп кеткендигине карабастан, “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы тарабынан конкурс жарыяланбастан узартылып, маршруттук каттамдар иш жүргүзүп жаткандыгы аныкталды.

**Сунуштама 1.** “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы өз ишмердүүлүгүн, Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 16-марттын №68 токтому менен бекитилген жобонун негизинде жүргүзсүн.

## СУНУШТАМА:

**1. Ош шаарынын** 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы шаардык Кенештин депутаттарынын жана тийиштүү башкармалыктардын, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда каралып, аныкталган каржы бузууларды жоюу жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдө, ижара келишимдеринин аткарылышына тийиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүлбөгөндү себептүү жалпы

836,3 миң сом бюджеттик жоготууга жол берген Муниципалдык менчик башкармалыгынын тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Аудит объектилери боюнча:**

**1. Ош шаарынын мэриясы:**

**1.1.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 88-беренесине ылайык:

- Ош шаарынын киреше бөлүгүнүн планын бекитүү жана тактоо боюнча иш чараларды ишке ашырууда, тиешелүү башкармалыктар тарабынан салыктардын түрлөрү боюнча тактоо жумуштары жүргүзүлсүн;

- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын муниципалдык менчигинде турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акыларынын планын бекитүү жана тактоо боюнча иш чараларды ишке ашырууда муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан салыктардын түрлөрү боюнча тактоо жумуштары жүргүзүлсүн.

Аталган мыйзамдын талаптарын аткарууга албаган башкармалыктын жетекчилигинин жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**1.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун:

- эмгек акы эсебинен аванс берүүдө, бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүдө 311-пунктунун талаптарын бузган;

- 8-главасынын 2-параграфында белгиленген талаптарды бузуп, эмгек акыдан бюджеттик милдеттенмелердин жана төлөмдөрдүн өз убагында жана толук төлөнүшүн камсыздабаган, бюджеттик жоготууга жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

- 11-параграфынын 239-пунктундагы запастарды эсепке алуу ведомосттору жүргүзүлүп, балანстык отчеттордо эсепке алуу жагы жүргүзүлсүн.

**1.3.** Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондунан алынган ISUZU SAZ LT60 үлгүсүндөгү автобустардын кепилдик мөөнөтү бүтпөй негизги агрегаттар боюнча чоң ремонт жумуштарынын жүрүшү, кепилдик мөөнөтү бүткөндөн кийин Ош шаарынын мэриясынын бюджетине олуттуу финансылык жүк жаратат. Ошол себептүү, Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фонду менен түзүлгөн келишимдин кепилдик мөөнөтүн узартуу, транспорт каражаттарын сатып алууда негизги агрегаттар боюнча кеминде 4-5 жылдык гарантияны келишимдин милдеттүү шарты катары киргизүү жагы сунушталат.

**1.4.** Ош шаарындагы коомдук транспортту жакшыртуу долбоору боюнча жана Ош шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо долбоору боюнча алынган кредиттер өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн финансылык санкцияларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Ошондой эле, Ош шаарынын мэриясынын жоопкерчилигинде турган кредиттердин төлөө графиктери белгилүү болгондуктан Ош шаарынын мэриясынын кызматкерлери жана Ош шаардык Кеңешинин тиешелүү комитеттери тарабынан жыл башында бюджетти бекитүүдө, эң негизги корголгон беренелердин катарында алынган кредиттерге каражатты кароо маселесинде финансылык өзгөрүлөөрдү *(АКШ доллары жана евро акча каражаттары менен алынган кредиттердин курсунун өзгөрүшү)* эске алуу менен каралсын.

**1.5.** Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонддун каражаттарын чыгымдоодо, , Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдардын экономикалык классификациясын колдонуу тартиби жана Кыргыз

Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин эрежелери аткарууга алынсын, кемчилдиктерге тиешеси бар кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**1.6.** Мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурстарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 22-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен бюджеттик жоготууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**1.7.** Эмгек акы эсеби боюнча киреше салыгын кармоодо, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 23-главасынын 189-беренесинин 1-пунктунун “а” пунктчасынын нормаларын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралары көрүлсүн.

**1.8.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарды бузууга, т.а. киреше салыгынын жана соцфонд төлөмдөрүнүн чегерилбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**1.9.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын 2-главасынын 2,3-пункттарындагы талаптарды бузууга жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**2. Ош шаарынын мэриясынын Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**3. “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы” мекемеси боюнча:**

**3.1.** Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн аткарууда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары так сакталсын. Бюджеттик классификациянын коддорун колдонууну бузуу менен чыгымдалууларга жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**3.2.** Бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын, электр энергиясы үчүн өз убагында төлөм жүргүзүлсүн. Ош шаарынын аймагындагы социалдык дүкөндөргө электр эсептегиясын өз убагында орнотпогон жана ашыкча чыгымдарга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**3.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобонун талаптары сакталсын.Ош шаарынын мэри жана Ош шаардык

Кеңеши тарабынан Муниципалдык менчик башкармалыгына тиешелүү маселелер боюнча кабыл алынган буйруктарынын жана чечимдеринин аткарылышы көзөмөлдөнсүн. Ижара маселеси боюнча бюджеттик жоготууга жол берген Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын жетекчилигинин жана тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**3.4.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгында инвестициялык келишимдин негизинде, демөөрчүлөрдөн же бюджет эсебинен алынган автоунаалар өз убагында эсеп бөлүмүнө балансka алуу үчүн маалымат берилип, муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмү менен эсеп бөлүмү биргеликте иш алып баруусу көзөмөлгө алынсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптерин, §1-параграфынын "негизги каражаттарды таануу" талаптарын, 7-главасынын финансылык активдерди эсепке алуу принциптерин, § 3-параграфынын дебитордук карызды эсепке алуу талаптарын бузууга, ошондой эле 6-главасынын § 1-параграфынын талаптарын бузуу менен негизги каражаттардын өз учурунда балансka алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**3.5.** Азыркы мезгилге чейин дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чараларды көрбөгөн тийиштүү кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**3.6.** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын талаптары сакталсын.

**4.Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемеси боюнча:**

**4.1.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген ченемдерди бузуу менен, ченемден ашыкча чыгымдоого жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**4.2.** Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча сатып алуу жол жоболорун жүргүзүүдө бааларга мониторинг жүргүзүлсүн, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 9-беренесинин 2.1-пунктунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин" 6-пунктунун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлерге тартип жоопкерчиликтери каралсын.

**5. Ош шаарынын мэриясынын Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**6. Ош шаарынын мэриясынын Алымбек-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү

боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, §1- параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптары аткарууга алынсын.

**7. Ош шаарынын мэриясынын Сулайман-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, §1-параграфынын негизги каражаттарды таануу талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**8. Ош шаарынын мэриясынын Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**8.1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 2.1-пунктунун 1-тиркемесиндеги 6-бөлүмүндө белгиленген талаптарын бузуу менен ашыкча төлөмдөргө жол берген тиешелүү кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**8.2.** Башкармалыктын жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 Токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**8.3.** Подряддык келишимдин шарттарынын аткарылышын көзөмөлдөөгү жооптуу тиешелүү кызматкерге карата чаралар көрүлсүн.

**8.4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасы 3-параграфы 304-пунктунун талаптары сакталсын.

**9. Ош шаарынын мэриясынын "Жибек-Жолу" муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**9.1.** Ош шаардык мэриясы, Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №24 токтому менен бекитилген "Жергиликтүү бюджеттен долбоорлорду иш-чараларды аткарууга үлүштүк каржылоо үчүн бөлүнүүчү каражаттарды бөлүү тартиби жөнүндөгү" жобонун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**10. Ош шаарынын мэриясынын Курманжан-Датка муниципиалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга, б.а. негизги каражаттардын балanska алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**11. Ош шаарынын мэриясынын Төлөйкөн айылдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

- иштен бошогондугуна байланыштуу иштен кетүү жөлөк пулду төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 30-беренесинин талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**12. Ош шаардык муниципалдык автоунаа мекемеси боюнча:**

**12.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3 -пунктунун талаптарын бузууга, жетишпестиктерге жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**12.2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**12.3.** Кызматкерлерге сый акы төлөөдө ишкананын ички жобосунун шарттары аткарууга алынсын, негизсиз төомдөргө жол берилбесин.

**13. "Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**13.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "**Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин" 6-главасынын 1-параграфынын 49-пунктунда** каралбаган жумуш орундарына зыяндуулук үчүн негизсиз 339,8 миң сом үстөк акы төлөөгө жол берген жооптуу кызматкерге мыйзам чегинде чаралар белгиленсин.

**13.2.** Мекемеде күйүүчү жана майлоочу каражаттарды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Траснспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 "Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу ниниялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө" Эрежесинин 3-пунктунда белгиленген ченемден ашыкча 220,0 миң сомдук сарптоолорго жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде чаралар белгиленсин.

**13.3.** Ош шаарынын жолдор муниципалдык ишканасы тарабынан энергия ресурстарын жана бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдаланылсын. Белгиленген лимиттен ашыкча чыгымдоолорго жол берген мекеменин жооптуу кызматкерлерине мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**13.4.** Товардык-материалдык баалуулуктар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык эсепке алынсын.

**13.5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптарын бузууга, б.а. товадык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигине жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**13.6.** Мекеме уюмдар менен эсептешүүдө аванстык алдын ала төлөөлөргө жол берилбесин жана каржы бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**14. “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы боюнча:**

**14.1.** Бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун талаптарын бузган кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилиги берилсин.

**14.2.** Абоненттер менен таштанды ташып чыгаруу үчүн көрсөтүлгөн кызматтар боюнча келишимдер толук түзүлсүн.

**13.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**15. Аудит объектиси: «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасы боюнча:**

**15.1.** Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, бюджетке 42,3 миң сомдук зыян келтирүүгө жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**15.2.** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга жол берилбесин.

**15.3.** Мекеменин “административдик башкаруу персоналдары” бөлүмүнүн кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын 3-пунктунун 4 (г)- пунктчасына таянып төлөнүп берилген 10% төлөм токтотулсун жана жалпы төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун негизинде жүргүзүлсүн. Каржы бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**15.4.** Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген “Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө” Эрежесинин 3-пунктунун талаптары аткарууга алынсын.

**16. “Ошсвет” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**16.1.** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары сакталсын.

**16.2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2-пунктунун талаптарын бузууга, товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигине жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**17. Ош шаардык мэриясынын алдындагы "Жарандарды тейлөө бюросу" ишканасы боюнча:**

**17.1.** Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды материалдык жүйөлөштүрүү жөнүндө талаптары сакталсын.

**17.2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузууга жол берген башкы эсепчиге мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**18. Ош шаарындагы "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**18.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосунун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга, жетишпестиктерге жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**18.2.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 7-беренсинин талаптарын бузуу менен сатуудан түшкөн салыкты аз которууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги каралсын.

**19. Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасы боюнча:**

**19.1.** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарын бузууга, же 1301,6 мин сомдук негизги каражаттардын бухгалтердик эсептен ашыкча чыгуусуна жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде чаралар көрүлсүн.

**19.2.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген ченемден ашыкча күйүүчү майды чыгымдоого жол берилбесин.

**19.3** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**20. Аудит объектиси: Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча:**

**20.1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптарын бузуу менен негизги каражаттардын жетишпестигине жана ашыкча чыгуусуна, 7-главасынын 3-параграфынын, 8-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен баланстык отчетто дебитордук жана кредитордук карыздардын төмөн көрсөтүлүүсүнө жол берген жооптуу кызматкерге карата мыйзам чегинде тартиптик чаралар көрүлсүн.

**20.2.** Эмгек акыларды эсептөө боюнча түзүлүүчү табелдер, эмгек өргүүгө чыгууда жана кайра жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин (берене) жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун (пункту) талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**20.3.** Жеке менчиктеги автоунааларды кызматтык сапарларга жана башка кызматтык жумуштарга колдонууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен күйүүчү майларды белгиленген ченемден ашыкча сарптоолорго жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**20.4.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерлерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**21. Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети боюнча:**

**21.1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**21.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10 пункттарынын талаптары аткарылсын.

**21.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" токтомуна (пункту) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-майындагы №260 "Атайын ишмердүүлүктүн түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө" токтомуна (пункту) негиздеп жатакананын ишмердүүлүгү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**22. Ош шаардык мэриясынын алдындагы "А.Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана «Алай» футболдук клубу" муниципалдык мекемеси боюнча:**

**22.1.** Ош шаардык мэриясы тарабынан субсидияларды берүү менен муниципалдык ишканаларды каржылоо, Кыргыз Республикаынын Бюджеттик кодексинин 22-беренесинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 27.09.2023-жылдагы №5

буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын негизинде жүргүзүлсүн.

**22.2.** Ишкана тарабынан айып пул төлөнүп бюджеттик жоготууга жол берген жооптуу кызматкерге карата тийиштүү чаралар белгиленсин.

**23. Ош шаарынын билим берүү башкармалыгы боюнча:**

**23.1.** Жергиликтүү бюджеттен мектепке чейинки билим берүү уюмдарына тамак-аш азыктары үчүн каражат бөлүүдө Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**23.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" Жобосунун:

- 2-главасынын 5.1 жана 6.10- пункттарына ылайык тамак-аш азыктарын эсепке алуу жүргүзүлсүн.
- 6-главасында белгиленген талаптарын бузуу менен 526,0 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын балансска алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге мыйзам чегинде тартип жоопкерчилиги берилсин.

**23.3.** Ош шаарынын жалпы билим берүүчү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, "Мээрим" билим берүү борборунда эмгектенген мугалимдер, тарбиячыларга коммуналдык төлөмдөргө жеңилдиктерди төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-191-беренесин бузууга жол берилбесин.

**24. Ош шаардык маданият башкармалыгы боюнча:**

**24.1.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө контрактты аткарууну кепилдик камсыз кылуу түрүндө которулган акча каражаттары Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамында көрсөтүлгөн мөөнөттө кайтарылсын. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 31-майындагы №302 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунда көрсөтүлгөн депозиттик эсеп каражаттарын казыналык сактоо мөөнөттөрү талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**24.2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**25. "Ош шаардык Жаштар иштери боюнча комитети" муниципиалдык мекемеси боюнча:**

- Аванстык отчетторду кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 «Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун талаптары сакталсын.

**26. Ош шаардык "Ош шамы" гезитинин редакциясы боюнча:**

**26.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-мартындагы №185 "Маданият, искусство, спорт жана маалымат мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузуу менен ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**26.2.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 185 жана 200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө милдеттүү төлөмдөр өз учурунда толук чегерилип, тийиштүү бюджетке

которулуусу көзөмөлгө алынып, айып жана туум төлөөлөрдү жүргүзүүгө жол берилбесин. Каржы бузууларга жол берген жоопту у кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**27. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу "Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору боюнча:**

**27.1.** Мекеменин жылдык сметалык чыгымдарын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**27.2.** Эмгек акыларды эсептөөдө аныкталган кредитордук карыздарды жоюу боюнча иш чаралар, кредитордук карыздардын эсеп учету, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 8-главасынын 1-параграфынын талаптары боюнча жүргүзүлсүн.

**28. Аудит объектиси: Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагы боюнча:**

**28.1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-марты №180 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана маданият,маалымат чөйрөсүндөгү мамлекеттик ведомстволук мекемелерде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун талаптары сакталып ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**28.2.** Эмгек акы боюнча төлөмдөр бекитилген штаттык ырааттаманын чегинде жүргүзүлсүн.

**29. Ош шаарынын мэриясынын «Боорукердик» социалдык мекемеси боюнча:**

- Ош шаарынын мэриясынын «Боорукердик» социалдык мекемесинин штаттык ырааттамасын түзүүдө, кызмат ордундардын зарылдыгын аныктоо менен түзүлсүн.

**30. "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базар дирекциясы" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**30.1.** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык сатып алууларды жүргүзүүдө мониторинг жүргүзүлүп иш алып барылсын, ал эми мыйзам бузууларга жол берген жоопту у кызматкерлерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**30.2.** Ашыкча төлөмдү эске алуу менен, Дүң-Кант базарынын ашыкча ижара акы үчүн төлөнгөн **336,1** миң сом акча каражаты Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан Ош борбордук базарынын кийинки арендалык төлөмдөрдүн эсебине ижара акысынан кайрадан эсептөө жүргүзүү жолу менен эсепке алынууга тийиш, ал эми ижара акы төлөмдөрүнө убагында көзөмөл жүргүзбөгөн тиешелүү кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**31. Ош шаардык мэриясынын алдындагы «Ош унаа базары» (мурдагы Жапалак автоунаа базары) муниципалдык ишканасы боюнча:**

- Жергиликтүү бюджеттин кирешелерине түшүүчү ижара акыларды толук өндүрүү жана келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирбей жергиликтүү бюджетке чегерүү боюнча Ош унаа базары муниципалдык ишкананын жетекчилиги тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**32. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы боюнча:**

**32.1.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 24-беренесинин 4-пунктунун талабынын сакталышын камсыз кылбаган кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**32.2.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 7-февралындагы №114 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтомунун аткарлышын камсыздабаган кызматкердин жоопкерчилиги каралсын. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан "техникалык көзөмөлдөөчү" жана сатуу бөлүмүнө "сатуу боюнча адис" кызматын көрсөтүүлөр боюнча келишим түзүүдө жогоруда аталган токтомдордун талаптарын аткаруу менен келишим түзүлсүн.

**32.3.** Сатып алууларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ички документтерди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык Типтүү тартипте көрсөтүлгөн эрежелер, аталган токтомдун Ош шаарынын муниципалдык ипотекалык ишканасына тиешелүүлүгүнө жараша, жаңы редакцияларына ылайык өз убагында карап чыгууну жана бекитүүнү өз убагында камсыз кылсын;

**32.4.** Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда "комплекстүү сатып алуу методу" - деген сатып алуу методу менен даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынуусу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун талаптарына шайкештиги каралып өзгөртүүлөр киргизилсин. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ипотекалык ишканасынын сатып алуулар Жобосунда комплекстүү сатып алуу методу менен даяр турак жайлар чарчы метр менен сатылып алынганда курулуш жүргүзүлүүчү жер аянттары сатып алуучу уюм же берүүчү (подрядчик) тарабынан камсыздалышы ачыкталып көрсөтүлсүн.

**33. "Ош шаардык суу чарба" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**33.1.** Муниципалдык кызматкерлерге колдонулбай калган эмгек өргүүсү үчүн төлөмдөрдү жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары сакталып, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**33.2.** Күйүүчү майларды чыгымдоо, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун ниниялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринде» белгиленген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн. Күйүүчү майды ченемден ашыкча чыгымдоого жол берген жоопту кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**34. Ош шаарынын мэриясына караштуу "Ош шаарынын жылуулук электр борбору" муниципалдык ишканасы боюнча:**

**34.1**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2009-жылдын №100 токтому бекитилген "Кыргыз Республикасында техникалык шарттарды берүүнүн жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуу тартибинин" Эрежесинин 9.2-пунктунун талаптарын бузууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**34.2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген сатып алуунун тартибинде

көрсөтүлгөн талаптарды бузуу менен сатып алууларды ишке ашырууга жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**35. “Ош унаабекети” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**35.1.** Бухгалтердик эсеп учетту жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар(бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Жобосунун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**35.2.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарына ылайык, келишимде белгиленген, жеңүүчү деп табылган суммадан ашыкча акча каражатын которууларга жол берилбесин.

**35.3.** Өткөрүлгөн тооруктарды тескөөдө, ж.б. өз учурунда ижара мамилелерин жүргүзүүдө кемчиликтерди кетирген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**36. Ош шаардык мэриясына караштуу “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы боюнча:**

- “Ош шаарынын мэриясынын жүргүнчүлөр транспортунун агенттиги” муниципалдык ишканасы өз ишмердүүлүгүн, Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 16-марттын №68 токтому менен бекитилген жобонун негизинде жүргүзсүн.

## ЖАЗМА БУЙРУК:

**1.** Ош шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгында аныкталган каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Ош шаарынын мэриясы боюнча:**

**1.1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык, **724,4 миң сом** өлчөмүндө ишкана жана ишкерлерге которулган акча каражаттарына жумушту аткаруу актылары такталып алынып ордуна коюлсун.

**1.2.** Ош шаарынын мэриясынын резервдик фонд эсебинен чыгымдалган **1048,0 миң сом** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин 4-пунктчасынын талаптарына ылайык жергиликтүү бюджетке кайтарылсын.

**1.3.** Аудиттин журушүндө бюджетке кошумча эсептелинген **200,1 миң сом** киреше салыгы, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 23-главасынын 189-беренесинин 1-пунктунун “а” пунктчасынын нормаларына ылайык бюджетке которулсун.

**1.4.** Аудиттин жүрүшүндө аныкталган **307,9 миң сом** милдеттүү төлөмдөр, анын ичинен: 80,1 миң сом киреше салыгы жана 227,8 миң сом соцфонд төлөмдөр, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185 жана

200-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык, тиешелүү бюджетке чегерилсин.

**1.5.** “Ош шаардык балдардын сүт ашканасы” муниципалдык ишканасынын банктагы эсебинен аныкталган **485,2 миң сомдук** жетишпестик, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” Нускаманын 2-главасынын 2,3-пункттарындагы талаптарга ылайык, бюджетке кайтарылсын.

**2. “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы” мекемеси боюнча:**

**2.1.** Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдө келишим боюнча ижара акы төлөмдөрүнүн мөөнөтү өткөн күнү үчүн **836,3** (244,1+293,9+298,3) **миң сомдук** 0,1% өлчөмүндө эсептелген туум, тийиштүү тараптардан бюджетке кайтарылсын.

**2.2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 7-главасынын финансылык активдерди эсепке алуу принциптерин, § 3-параграфынын дебитордук карызды эсепке алуу талаптарына ылайык **165058,0 миң сомдук** дебитордук карыз бухгалтердик балдекска алынсын, Ош шаардык муниципалдык ипотекалык ишканасы тарабынан бюджет эсебине которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**2.3.** Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан сатып алуучу А.Насировдон **480,0 миң сом** жергиликтүү бюджет эсебине өндүрүлсүн.

**2.4.** Ош шаарынын **Олимпийский үй 52/197 239а дарегинде** жайгашкан жер тилкесине Ош шаарынын тургуну Насирдинова Нафиса Абдусатаровна тарабынан бюджет эсебине төлөнбөй келген **167,2 миң сом** ижара акы төлөмү жана Ош шаарынын **Т.Салиев көчөсүнүн №86 дарегинде** жайгашкан жер тилкесине Ош шаарынын тургуну Садыков Ахмад Мухтарович тарабынан бюджет эсебине төлөнбөй келген **1330,5 миң сом** ижара акы төлөмү тийиштүү ижарачылар тарабынан бюджетке кайтарылсын.

**2.5.** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарына ылайык, 7 жеңил типтеги социалдык дүкөндөрдү курууда бюджетке келтирилген **354,1 миң сомдук** зыянды бюджетке кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараж мекемесинде** аныкталган **221,0 миң сомдук** ченемден ашыкча чыгымдалган күйүүчү май, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктунда белгиленген ченемдерге ылайык, тиешелүү бюджетке чегерилип ордуна коюлсун.

**4. Ош шаарынын мэриясынын Сулайман-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгында** аныкталган **4640,6 миң сомдук** курулмалар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 6-главасынын финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери, §1-параграфынын негизги

каражаттарды таануу талаптарына ылайык, “Ош шаарынын мэриясынын муниципиалдык менчик башкармалыгы” мекемесинин балансына кириштелсин.

**5. Ош шаарынын мэриясынын Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**5.1.** Аудиттин жүрүшүндө аныкталган **12,3 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын (чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардан) нормативден ашыкча запастары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 Токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык, кийинки жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө кыскартылсын.

**5.2.** “Анаш и Ко” ЖЧК ишканасынан **52,5 миң сомдук** айып аул акча каражаты өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**5.3.** Жоопкерчиликке берилген **5,0 миң сом** акча каражаты, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасы 3-параграфы 304-пунктунун талаптарына ылайык, жооптуу кызматкерден өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке калыбына келтирилсин.

**6. Ош шаарынын мэриясынын “Жибек-Жолу” муниципалдык аймактык башкармалыгы боюнча:**

**6.1.** Муниципалдык аймактык башкармалыгынын атайын эсебинен негизсиз пайдаланылган **4067,3 миң сом,** Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №24 токтому менен бекитилген “Жергиликтүү бюджеттен долбоорлорду иш-чараларды аткарууга үлүштүк каржылоо үчүн бөлүнүүчү каражаттарды бөлүү тартиби жөнүндөгү” жобонун талаптарына ылайык, бюджетке кайтарылсын.

**6.2.** Ош шаардык Кеңешинин 2021-жылдын 28-августундагы №27 келишимдин негиизинде муниципалдык башкармалыктын имаратында кезектеги оңдоп-түзөө иштери аткарылбагандыгына байланыштуу “Сапат Профи” ЖЧКсы тарабынан **99,9 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**6.3.** 2024-жылдын 13-декабрындагы №24 келишимдин негизинде жеке ишкер Базарбаев Одил Хамидович тарабынан 70,0 миң сомдук оргтехникаларды тейлөө жана кызмат көрсөтүү иштери аткарылбагандыгына байланыштуу аталган сумма бюджетке кайтарылсын.

**6.4.** 2024-2025-жылдары мекеменин башчысы М.Х.Матмусаев тарабынан тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган **152,1 миң сом** бюджеттик каражаттарды бюджетке кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**6.5.** Жалпы **31,9 миң сомдук** аткарылбаган жумуштардын суммасы “Подрядчы” «Кух и Лал» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын. Кемчилдиктерге жол берген кызматкерлерге мыйзам чегинде тартип жаза чаралары көрүлсүн.

**7. Ош шаардык муниципалдык автоунаа мекемесинде** иш сапардык чыгымдар үчүн ашыкча төлөнгөн **13,5 миң сом,** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 “Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунда бекитилген ченемдерга ылайык, тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке өндүрүлсүн.

**8. “Ош шаардык жолдор” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**8.1.** Товардык-материалдык баалуулуктар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алуунун жургүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык эсепке алынсын жана **1114,7 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары 2026-жылдын бюджетинен кыскартылсын.

**8.2.** Мекеме уюмдар менен эсептешүүдө аванстык алдын ала төлөөлөргө жол берилбесин жана иш-аткаруучулар (подрядчылар) тарабынан ээлик кылып алынган акча-каражаттарды же **38814,4 миң сомдук** дебитордук карызды жана **1556,6 миң сом** туумду мекеме тарабынан өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**9. “Ош-Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы боюнча:**

- Эсептен жашырылган **61,9 миң сом** дебитордук карыз бухгалтердик эсепке алынып, ордуна коюлсун;

- **16 452,6 миң сом** дебитордук карыздарды өз мөөнөтүндө өндүрүү боюнча иш алып барылсын.

**10. Аудит объектиси: «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты» муниципалдык ишканасы боюнча:**

**10.1.** Аудиттин жүрүшүндө аныкталган **3323,2 миң сомдук** чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардын нормативден ашыкча запастары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык, 2026-жылдын жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө кыскартылсын.

**10.2.** Күйүүчү май үчүн нормадан ашыкча сарпталган **2166,2 миң сом** Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген “Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майлардын чыгымдап алуучу линиялык нормаларды колдонуу жана аны эсептөө методикасы жөнүндө” Эрежесинин 3-пунктунун талаптарына ылайык, бюджетке кайтарылсын.

**11. “Ошсвет” муниципалдык ишканасы боюнча:**

**11.1.** Аудиттин жүрүшүндө аныкталган **638,4 миң сомдук** чарба материалдарынын жана канцелярдык товарлардын нормативден ашыкча запастары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык, 2026-жылдын сметалык чыгымдарын бекитүүдө кыскартылсын.

**11.2.** Аныкталган **19,6 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкерчилик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик учетту жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүнүн маселелери жөнүндө” Жобонун 2-главасынын 2-пунктунун

талаптарына ылайык, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилигинен бюджетке өндүрүлсүн.

**12. Ош шаардык мэриясынын алдындагы "Жарандарды тейлөө бюросу" ишканасы боюнча** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык **7,0 миң сом** бюджетке кайтарылсын.

**13. Оштогу муниципалдык "Жылуулук камсыздоо" ишканасы боюнча:**

**13.1.** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобонун 2-главасынын 2,3-пункттарынын талаптарына ылайык, **20,0 миң сом** акча каражаты тиешелүү кызматкердин эсебинен бюджетке өндүрүлсүн.

**13.2.** Күйүүчү май үчүн белгиленген ченемден ашыкча чыгымдалган **34,1 миң сом,** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитиген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 3-пунктуна ылайык, бюджетке өндүрүлсүн..

**13.3** Иш сапар чыгымдары үчүн ашыкча төлөнгөн **29,5 миң сом,** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 "Иш сапардык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунда бекитилген ченемдерге ылайык, бюджетке кайтарылсын.

**14. Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаарынын борборлоштурулган китепкана тармагы боюнча:**

- Китепкананын №10 филиалынын башчысы Бобекова Бунисага, иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акынын туура эмес белгиленгендигине байланыштуу ашыкча төлөнүп берилген **8,1 миң сом** бюджетке кайтарылып ордуна коюлсун;
- эмгек акы боюнча төлөмдөр бекитилген штаттык ырааттаманын чегинде жүргүзүлсүн жана **30,0 миң сом** тийиштүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке кайтарылсын.

**15. Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгы боюнча:**

**15.1.** Күйүүчү майлоочу заттардан аныкталган **25,8 миң сомдук** жетишпестик, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 2-главасынын 5.1 жана 6.10-пункттарынын талаптарына ылайык, материалдык жоопкер жактын эсебинен ордуна коюлсун.

**15.2.**Курулуш жумуштар боюнча аныкталган **117,0 миң сомдук** дебитордук жана **2372,4 миң сомдук** кредитордук карыздар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун 7-главасынын 3-параграфынын, 8-главасынын 1-параграфынын талаптарына ылайык, бухгалтердик эсепке алынсын.

**15.2.** Аудиттин жыйынтыгы менен аныкталып, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилбеген **38659,8 миң сом** курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазуулар, төмөндөгүдөй тартипте калыбына келтирилсин:

| К № | Подряддык ишкана эсебинен | Обьектинин аталышы | Жалпы калыбына келтири-лүүгө тийиш сумма | Калыбына келтирилүүгө тийиш | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Бюджетке кайтарыл сын | Долбоордук чечимге ылайык аткарылсын |
| 1 | “Элхан-Ош” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3–7 насос станциясынын аймагында (Иминов көчөсү, МТУ №2 “Сулайман-Тоо”) насостук системага кошуу менен көлөмү 6000 м³ болгон 4 даана резервуарды куруу” | 845,6 | 845,6 | -- |
| 2 | “Сапат Курулуш ЛТД” ЖЧКсы | “Масалиев проспектиси менен Навои көчөсүнүн кесилишинде (МТУ №6 “Курманжан-Датка”) жер үстүндөгү жөө жүргүнчүлөр өтүүчү өтмөктү куруу” иштери | 578,8 | 578,8 | -- |
| 3 | “Авангард-Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №31 Курманжан Датка атындагы, Жапалак ТУС мектебине спорт залы бар 225 орундуу кошумча корпустун курулуш” иштери | 142,5 | 142,5 | -- |
| 4 | “СК Лидер” ЖЧКсы | “Ош шаарындагы №3 Керме-Тоо муниципалдык аймактык башкар-малыгынын Ак-Тилек кичи районундагы 5-көчө, №18а дарегиндеги муниципалдык жер тилкеге 75 орундуу бала бакчанын курулуш” иштери | 4316,4 | 4316,4 | -- |
| 5 | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Салиев көчөсү, 19 дарегиндеги «Манас-Ата» МТУнун №27 «XXIV партсъезд» атындагы орто мектебинин аянтына кошумча 500 орундуу окуу корпусунун курулушу” иштери | 211,9 | 189,7 | 22,2 |
| 6 | “Универсал Компани ЛТД” ЖЧКсы | “Ош шаарынын С. Супаналиев 99/1 дарегиндеги А.С.Суюнбаев атындагы стадиондун трибунасын чатырын куруу” иштери | 4523,6 | 4523,6 | --- |
| 7 | “Юг Стройсервич” ААК | “Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы мектептин аймагына 700 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5342,7 | 5342,7 | -- |
| 8 | “Мираж-Профи” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Н.Байтемиров №1 көчөсүндө жайгашкан В.Терешкова атындагы мектеп-интернатынын 500 орундуу жатаканасынын курулуш” иштери | 328,8 | 328,8 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **9** | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №2 «Сулайман-Тоо» муниципалдык аймактык башкармалыгынын Сай-Бою көчөсү №1 дарегинде жайгашкан курулушу бүтө элек имаратты реконструкциялоо, анын профилин күрөш залына өзгөртүү жана кошумча имарат куруу” иштери | 2936,5 | 2662,0 | 274,5 |
| **10** | “СК Оомат” | “Ош шаарынын Р.Моминова көчөсүнүн № 152 дарегине курулуп жаткан 120 орундуу балдар бакчасына откана, балдар ойноочу аянтча, ажаткана, саркынды суу, таза суу, электр тармактарын , айланасын тосуу, 250 кВА КГТП, өрткө каршы калкан жана жашылдандыруу” иштери | 2445,7 | 2445,7 | -- |
| **11** | “Экспорт Плюс” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Ош көчөсүн Раимбекова көчөсүнөн Ж.Бабараимов көчөсүнө чейин асфальттоо” иштери | 1027,3 | 1027,3 | -- |
| **12** | “Амантур Строй Сервис” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №4 «Манас-Ата» муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Т.Турсунбаева көчөсүн темир жолду кесип өткөн жаңы ачылган жолдон И. Раззаков кең көчөсүнө чейинки аралыкты капиталдык оңдоп-түзөө жана кеңейтүү” иштери | 1171,0 | 1171,0 | -- |
| **13** | “Гранд Сити” ЖЧКсы | “Ош шаарынын №6 «Курманжан-Датка» муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагындагы Монуев көчөсүн Масалиев кең көчөсүнө чейинки аралыкты оңдоп-түзөө, ошондой эле Шакиров жана Алимжанов көчөлөрүнүн кесилишинде транспорттук чечилиш (транспортная развязка) куруу” иштери | 3814,9 | 3814,9 | -- |
| **14** | «Биримдик XXI-Кылым» ЖЧКсы | “Ош шаарынын ТС №12 «Курманжан-Датка-2» аймагындагы муниципалдык менчикке караштуу Ирригатор көчөсүндө (б/н) 275 окуучуга ылайыкталган спорт залы менен мектеп имаратын куруу” иштери | 94,2 | 94,2 | -- |
| **15** | “Жакып-Ата” ЖЧКсы | “Ош шаарынын Геодезическая көчөсү менен кесилишине жакын Айни көчөсүнүн боюндагы жер тилкеге 625 орундуу мектептин курулуш” иштери | 5042,2 | 5042,2 | -- |
| **16** | “Гигант-Строй Компани” ЖЧКсы | “Ош шаарынын А. Сүйүмбаев атындагы борбордук стадионунда ФИФАнын талаптарына ылайык гибриддик футбол талаасын куруу жана чуркоочу аянтчасына резина төшөө” иштери | 2665,1 | 2665,1 | -- |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **17** | “Партнер Би” ЖЧКсы | “Ош шаарынын «Мээрим» эс алуу багынын аймагында ФИФАнын талаптарына ылайык машыгуучу гибриддик футбол талаасын куруу” иштери | 2084,1 | 1948,0 | 136,1 |
| **18** | «China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan» өкүлчүлүгү | “Ош шаарынын Амир-Темир (Калинин), А. Мамыров жана Көкүм-Бий (Б. Осмонов көчөсүнөн А. Малабеков көчөсүнө чейин) көчөлөрүндө капиталдык оңдоп-түзөө жана асфальттоо иштерин жүргүзүү” иштери. | 1088,5 | 1088,5 | -- |
| | | **Жалпысы** | **38659,8** | **38227,0** | **432,8** |

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош,**
**Жалал-Абад жана Баткен областтары**
**боюнча аймактык бөлүмүнүн**
**мамлекеттик инспекторлору** **К.Исаков**

**Г. Батаева**

**М.Пайздиллабеков**